**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ МАКМЛЕКЕТТИК ДЕНЕ ТАРБИЯ ЖАНА СПОРТ АКАДЕМИЯСЫ**

**Кол жазма укугунда**

**УДК:372.879.6 ( 575.2 ) ( 043. 3 )**

**МАНАШЕВА КЕНЖЕГҮЛ ПАЗЫЛОВНА**

# ДЕНЕ ТАРБИЯ МУГАЛИМДЕРИН ДАЯРДООДО ТОГУЗ КОРГООЛ БОЮНЧА КЕСИПТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ

13.00.01.- жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы.
13.00.04.- дене тарбиянын теориясы жана методикасы, спорттук машыгуу, денени чыңдоо жана адаптивдүү дене тарбиясы.

Педагогика илимдеринин кандидаты окмуштуулук даражасын изденүү үчүн жазылган

**Д И С С Е Р Т А Ц И Я**

**Илимий жетекчи:**
Педагогика илимдеринин доктору,
профессор Р.Н.Токсонбаев

**Бишкек 2024**

# М А З М У Н У

КИРИШҮҮ……………………………………………………………….....…4

І-Бап. **ДЕНЕ ТАРБИЯ МУГАЛИМДЕРИН ДАЯРДООДО ТОГУЗ КОРГООЛ БОЮНЧА АДИСТИК ПЕДАГОГИКАЛЫК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮНҮН ТЕОРИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ.....................................................................................................................17**

1.1 Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүнүн мазмуну жана өзгөчөлүктөрү………………………… 17

1.2. Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык абалы………… .. 38

1.3. Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун теориялык модели ………………... 51

І- бап боюнча корутунду…… ..…………………………………………….64

**ІІ-Бап. Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнө тарбиялоонун педагогикалык негиздери боюнча изилдөөнүн методдору** ...............................................................67

2.1. Изилдөөнүн объекти жана предмети - кыргыз улуттук спортту тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырунун шарттары **...........................................................................** ...............… 67

2.2. Болочок дене тарбия мугалимдин кыргыз улуттук спортту тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүн даярдоонун педагогикалык методдору.................................................................................... ..... 125

2.3. **Болочок дене тарбия мугалимдин кыргыз улуттук спортту тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүн даярдоонун педагогикалык методдору ..........................................** 137

ІІ-бап боюнча корутунду ......... .............................................................. 149

**ІІІ-Бап. Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнө тарбиялоодогу педагогикалык экспериментте текшерүү ......................................................................151**

3.1 Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча компетенттүүлүгүн калыптандырунун шарттары ..................................... 151

3.2. Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча компетенттүүлүгүн калыптандыруунун инновациялык жана интерактивдүү негиздери........................................................................................................ 164
3.3. Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча компетенттүүлүгүн практика учурунда калыптандыруу.............................
III-бөлүм боюнча корутунду........................................................................185
Изилдөөнүн жалпы кортунду .....................................................................187
Практикалык сунуштары ............................................................................189
Колдонулган адабияттардын тизмеси…....................................................193

## ШАРТТУУ КЫСКАРТУУЛАРДЫН ЖАНА БЕЛГИЛЕРДИН ТИЗМЕСИ

**КР**- Кыргыз Республикасы

**ББЖ**-билим берүү жараяны

**УАК**- Улуттук аттестациялык комиссия

**ББК**- билим, билгичтик, көндұм

**ПЭ** - педагогикалык эксперимент

**МЭ** - мелдештин эрежеси

**ПШ**- педагогикалык шарттар

**СК**- спорттук күрөш

**ММК**- массалык-маалымат каражаттары

**ОТК**- окутуунун техникалык каражаттары

**ТТК**- техникалык-тактикалык кыймыл

**ТТД**- техникалык -тактикалык даярдык

**ДТ**- дене тарбия

**ДТжС**- дене тарбия жана спорт

**ДТИ** – дене тарбиялык ишмердүүлүк

**ДТМ**- дене тарбия маданияты

**ЭГ**-эксперименталдык тайпа

**ОКТ** - Окутуунун компьютердик технологиясы

**ОКК** - окутуунун компьютердик каражаттары

---

## Киришүү

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Азыркы коомдо билим берүү системасы социалдык, өндүрүштүк жана рыноктук кайра түзүүлөрдүн контекстинде өнүгүп жатат. Кесиптик жогорку билим берүү чөйрөсү улам барган сайын бир топ маанилүү коомдук шарттардын өсүп-өнүгүшүнүн негизинде болочок “интеллектуалдык капиталын” өстүрүүчү олуттуу бөлүгү болуп калууда. ЖОЖдо билим берүүнүн сапатын жогорулатуу көйгөйдүн негизинде болочок мугалимди инсан катары, кайра өзгөрүүлөрдүн, ошондой эле элдин тарыхый аң сезимдеринин активдештерине байланыштуу, жаштар арасында адистик компетентүүлүккө тарбиялоонун жана маданияттын натыйжалуулугун жогорулатууга, ошондой эле элдин тарыхый аң сезимдеринин активдештерине байланыштуу, жаштар арасында адистик компетенттүүлүктү калыптандыруу менен бирге, коомдун өсүп өнүгүүсүнө керектүү сапаттарды (коммуникативдүүлүктү, демилгени, өз алдынчалыкты, чыгармачыл деңгээлде болгон даярдыкты, жоопкерчиликти, чечкиндүүлүктү, белгиленген максаттарды ишке ашыруу билгичтигин ж.б.) өнүктүрүү маселеси натыйжалуулугун жогорулатууга КР Президенти жана өкмөтү тарабынан бир канча зарыл, салмактуу аракеттер жана чечимдер жасалууда. Бул тармактагылар үчүн, азыркы коомдун талабына жараша, терең окуп билүү жана тажрыйбаларды жалпылоо, жаштарды тарбиялоодо натыйжалуу колдонуучу каражаттарды, формалар жана методдорду аныктоону талап кылат,

Азыркы коомдогу жаңылануу шарттарында тамыры менен өзгөрүүлөр жаралууда: башкача айтканда, жаштардын улуттук баалуулук, нравалык, дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнө багытталуусу. Азыркы жаштар бир жагынан, ар кандай себептердин натыйжасында элибиздин улуттук балуулуктарды байкашбай жана баалабай калууда. Ушул себептердин натыйжасында, жаштарга натыйжалуу таасир этүүчү каражаттарды издөө зарылчылыгы келип чыкты, алар өз учурунда жаштарды нравалык, психологиялык жана физикалык (дене бойлук), ден соолугун чыңдоого жана сергек жашоого мүмкүндүк берет. Ошондуктан жаштарды тарбиялоо процесси, системасын талапка ылайык жаңылануусу курч маселелердин бири болуп эсептелинет, Тарбиялоо

процессинин жаңылануусу дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнө тарбиялоону жана инсандын дене бойлук (физикалык) жеткиликтүүлүгү, буларга муктаждыкты түзүүгө болот.

Ошол себептерден улам, дене тарбия мугалимдерин спорттук мекемелерде, кыргыздын улуттук оюну тогуз коргоол менен машыккан жаштарды тарбиялоо процессине жүргүзүлгөн теориялык-педагогикалык талдоонун жана жалпылоонун негизинде спорттук даярдоонун баштапкы этабында тарбиялоонун атайынкы педагогикалык шарттарын кароо зарылчылыгы келип чыкты. . Проблеманын өзөгүн төмөндөгү **илимий карама-каршылыктар** түзүлдү. Азыркы учурда дене тарбия мугалимдердин алдына коюлган талаптар менен окуу жайларда кесиптик компетенттүүлүккө даярдоонун улуттук оюндарды окутууда пагогикалык шарттардын иштелип чыкпагандыгы жана түзүлбөгөндүгү.

Бул карама-каршылыктар биз тандаган изилдөө темасынын актуалдуулугун аныктайт: «Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери» тандап алган шарттарына ылайык изилдөөнүн актуалдуулугун көрсөтөт.

Учурдагы саясий, экономикалык жана идеологиялык кайра өзгөрүүлөрдүн, ошондой эле элдин тарыхый аң сезимдеринин активдештерине байланыштуу, жаштар арасында дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүн жана маданияттын натыйжалуулугун жогорулатууга КР президенти жана Өкмөтүнүн тарабынан бир канча зарыл, салмактуу аракеттер жана чечимдер жасалууда. Бул тармактагылар үчүн, азыркы коомдун талабына жараша, терең окуп билүү жана тажрыйбаларды жалпылоо, жаштарды тарбиялоодо натыйжалуу колдонуучу каражаттарды, формалар жанак методдорду аныктоону талап кылат.

Кесиптик жогорку билим берүү чөйрөсү улам барган сайын бир топ маанилүү коомдук шарттардын өсүп-өнүгүшүнүн негизинде болочок “интеллектуалдык капиталын” өстүрүүчү олуттуу бөлүгү болуп калууда. Динамикалуу түрдө өзгөрүп олтурган социалдык-экономикалык чөйрөдө XXI кылымдын мугалими жаңы маанидеги кесиптик, өзгөчө, дене тарбия

мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүккө ээ болууга милдеттүү, бул багыт азыркы дүйнөдөгү билим берүүнүн жаңы ролу менен байланыштуу жана жетектөөчү документтеринде (Меморандум непрерывного образования Европейского Союза 2001) каралган. Ошондуктан билим берүү чөйрөсүндө, өзгөчө ЖОЖдо билим берүүнүн сапатын жогорулатуу көйгөйдүн негизинде болочок дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүктүү инсан катары, кайра өзгөрүүлөрдүн, ошондой эле элдин тарыхый аң сезимдеринин активдештерине байланыштуу, жаштар арасында дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча кесиптик компетентүүлүккө тарбиялоонун жана маданияттын натыйжалуулугун жогорулатууга КР президенти жана өкмөтүнүн тарабынан бир канча зарыл, салмактуу аракеттер жана чечимдер жасалууда. Бул тармактагылар үчүн, азыркы коомдун талабына жараша, терең окуп билүү жана тажрыйбаларды жалпылоо, жаштарды тарбиялоодо натыйжалуу колдонуучу каражаттарды, формалар жанак методдорду аныктоону талап кылат. Келечектин адиси катары калыптандырууда компетенттүү мамиле келип чыгууда. Аталган компетенттүү мамиленин негизинде жалпы жана атайын билимдерди берүү менен катар, мамлекеттик стандарттардын негизинде кесиптик компетенттүүлүктү калыптандыруу менен бирге, коомдун өсүп өнүгүүсүнө керектүү сапаттарды (коммуникативдүүлүктү, демилгени, өз алдынчалыкты, чыгармачыл деңгээлде болгон даярдыкты, жоопкерчиликти, чечкиндүүлүктү, белгиленген максаттарды ишке ашыруу билгичтигин ж.б.) өнүктүрүү маселеси жатат. Компетенттүү мамиленин негизинде окутуу болочок мугалимди оптималдуу карым-катнашты түзүүгө, чечкинсиздикти жеңүүгө, алдына койгон максаттарды олуттуу жана чыгармачыл түрдө чечүүгө болгон жөндөмдөрүн өнүктүрүү менен жалпы кесиптик, дене тарбия багытындагы тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүктү калыптандырууга мүмкүндүк берет. Тарбиялоонун мааниси – ар бир жаш муундардын чебер исскуусcтвону, логикалык ой жүгүртүүнү, так эсептөөнү,

жыйнактуулукту, тапкычтыкты талап кылуу менен инсандын психикалык, адептик, эстетикалык, акыл-эс, эмгекке жана физикалык ден соолугунун резервдерин жогорулатат, ишкердиктин ар түрдүү тармактарында өздөрүн көрсөтүүгө шарт түзөт. Жаш муундарды өстүрүп-тарбиялоодо элибиздин тарыхый улуттук мурастары жаана баалулуктары унутулуп калбас үчүн колдонуу, өзгөчө, кыргыздын улуттук спорту тогуз коргоолду жана башка түрлөрүн кеңири жайылтуу учурда өтө маанилүү болууда.

Бүгүнкү күндө жаштарды дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүккө тарбиялоодо кыргыздын улуттук спортту тогуз коргоол колдонуу саясий, экономикалык жана идеологиялык мааниге ээ болууда, себеби жаштарды ар тараптуу тарбиялоодо кыргыз элинин көптөгөн кылымдар бою тандалып, мурас катары келе жаткан элдик оюндар жана улуттук күрөшү сакталып, улуу муундан кийинки муундарга өтүп келгени, ошону менен бирге учурда Кыргызстанда улуттук спорттун түрлөрү ар тараптуу тарбиялоонун каражаттары, формалары жана методдору катары эффективдүү колдонуп келгени коомчулукка белгилүү.

Себеби, коомдун азыркы учурдагы өнүгүүсүндө ар кандай сырткы жана ички факторлор спорттун ар кандай түрү менен машыккан жаштардын патриоттук аң сезимдерин түзүүдө белгилүү кемчиликтер байкалууда. Булар жөнүндө көптөгөн фактыларды мисал катары келтирсек болот: алардын катарында, республикабыздан сыртка кетишип жатышкан спортчулар, машыктыруучулар, ж.б. адистер. Тилекке каршы, республикабыздан сыртка кетишип жатышкан спортчуларды жогорку квалификацияга жеткирүүдө үчүн көптөгөн жылдар бою спорттук педагогдордун иш-аракеттери, мамлекеттин финансылык каражаттарын жумшалганы, кетишип жатышкандар тарабынан татыктуу бааланбай калууда. Алардын аң-сезиминде: мекенди, жерди сүйүү, педагог-тренерди, спорттук топту урматтоо, берилгендик жана өз мекенин кыйбастык, жарандык милдетти аткаруу, жоопкерчилик сапаттары түзүлбөгөндүгүнөн, көптөгөн спортчулар Кыргыз Республикасына өздүк тогуз коргоол боюнча сезимдерин көрсөтө алышпады. Мындай өкүнүчтүү

көрүнүштөрдүн бирден бир себеби, жаш спортчулар менен дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол аң сезимин түзүүдө максатуу, багыттуу иш-аракеттерди уюштуруу жана аткаруулардын жетишсиздиги деген пикирге келдик.

Азыркы педагогикалык илимде жаңы методологиялык көз караштар пайда болуп, жаңы инновациялык процесстерге жолдор ачылып, болочок мугалимди окутууда жана тарбиялоодо жаңы билим берүү парадигмасы иштелип чыгууда. Жаңы кылымдын адистеринин кесиптик компетенттүү даярдыгын калыптандыруу маселеси каралган.

**Изилдөөнүн темасынын иштелгендиги**. Дене тарбия багытындагы тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүккө жаштарды тарбиялоо маселелери көптөгөн эмгектерде чагылдырылган. Алардын катарында:

-болочок адистин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу маселелерин изилдешкен окумуштуулар: А.О. Абдулина[2], Б.Г. Ананьев[15],О.А. Донских[58], А.Н.Дахин[54], В.П. Байденко[26], В.А. Болотов[36], Т.Г. Браже[38], А.А. Вербицкий[41], А.Н.Леонтьев[96], И.А. Зимняя[66], Е.Ю.Рубинштейн[132], В.С. Сенашко[136], В.А. Слободчиков[ 141], Ю.В. Фролов[151] ж.б.;

- дене тарбиянын теориясы жана методикасынын мыйзам ченемдүүлүктөрү жана принциптери: Н. И. Шарабакин жана К. У Мамбеталиев (1997), Анаркулов Х.Ф., ж.б. В.Ф.Ковалевский [86], А.Курбаналиев [102], А.Мамытов [112], А.И.Михеев [123, 124], Ю.В.Сысоев [162], А.А.Туманов [167], И. М. Туревский (1997); ж.б.;

Кыргызстанда кесиптик компетенттүүлүктүн психологиялык-педагогикалык аспектилерин төмөнкү окумуштуулар өз илимий эмгектеринде чагылдырышкан: Н.А. Асипова [21], И. Бекбоев [29], К.Б. Добаев [56], Э.Мамбетакунов [102], А.К. Наркозиев [109], Т.М.Сияев [138], А.С.Раимкулова [127], А. Хансен [153] ж.б. ЖОЖдогу окутуу мезгили болочок мугалимдин кесиптик компетентүүлүүгүн калыптандырууда зор мааниге ээ. Маселен, изилдөөчүлөр: В.А. Адольф [7], В.Д. Шадриков [160],

З.В. Якимова, В.И. Николаева [172], О.В. Романова [130], Н.А. Разина [126], В.А Ясвин [175], Е.Ю. Юдина [167] ж.б. мугалимдин кесиптик компетентүүлүгүн кеңири изилдешкен.

ЖОЖдо окуган учурда болочок мугалимдин инсандык баалуулуктарынын системасынын багыты кайрадан түзүлүп чыгат. Бир жактан бул көлөмдүү билимге ээ болуусу, кесиптик даярдыкка байланышкан атайын жөндөмдүүлүктөрүнүн өнүгүшү болсо, экинчи жактан, В.П. Давыдов менен М.И. Дядченконун пикирлери боюнча болочок кесибин өз алдынча баалай баштайт [51]. Мына ушуга байланыштуу дене тарбия багытындагы окуу процессинде болочок мугалимдин окуу мотивациясына, кесиптик компетентүүлүгүнө натыйжалуу таасир этүүчү механизмдерди билгичтик менен пайдаланууну талап кылат.

Кыргызстандын билим берүү аймагында компетенттүү мамиленин негизинде өсүп-өнүгүү тенденциясы зор мааниге ээ болууда. Азыркы мезгилде изилдөө проблемасы боюнча илимий-педагогикалык адабияттардын анализи көрсөткөндөй (Г.И.Богин, К.Э.Безукладников, Т.В.Боева, Е.Ю. Варламова, Н.Д.Гальскова, Н. И. Гез, Э.Ф. Зеер, Е.Г.Тарева, О.А.Симонова, Е.Н.Соловова, В.А. Слободчиков, А.В.Хуторской ж.б.) болочок мугалимдин жалпы кесиптик компетентүүлүгүнө, анын ичинде кесиптик компетенттүүлүктү калыптандыруу проблемасына өтө көп көңүл бурулууда.

Тогуз коргоол боюнча компетенттүүлүктүн негизин инсан аралык жана маданияттар аралык компетенциялар түзөт, ушу багытка байланыштуу ЖОЖдо ар бир студенттин, болочок мугалимдин, инсан катары ар тараптуу өсүүгө жана интеллектуалдык жактан өнүктүрүүгө жагымдуу шарттар жаралышы керек. Бир катар эмгектерде П.И. Пидкасистый, Н.И.Шарабакин, К.У.Мамбеталиев (1997) ж.б., тарбия каражаттары деп иш-аракеттердин түрлөрү түшүнүлөт: таанып билүү, эмгек, оюн, спорт, баарлашуу ж. б., алар тиешелүү педагогикалык шарттарда таасир этиши мүмкүн.

Инсандын өнүгүүсүнө тийгизген таасирлерди жетишерлик терең негиздеген окумуштуулар: К.Е. Абульханова-Славская [6], Б.Г. Ананьев [15], Л.С. Выготский [42], П.Я. Гальперин [43], Д.Кун [91], А.Н. Леонтьев [96], С.Л. Рубинштейн [131], Г.П.Щедровицкий [164], Г.И. Щукина [166], В.А. Якунин [174], В.А Ясвин [175] ж.б.

Билим берүүдө ар бир студенттин кесиптик компетенттүүлүгүнүн калыптанышына жана жалпы кесиптик компетенттүүлүгүнө өз таасирин берген окутуу технологияларды көп пландуу түрдө изилдеген окумуштуулар: И. Бекбоев, А. Алимбеков [28], Ю.К. Бабанский [25], В.П. Беспалько [32], Е.В. Доманский [57], М.В.Кларин [78], К.Ю.Колесина [81], А.М. Мамытов [103], В. Оконь [115], А.И.Пискунов [120], Е.С.Полат [121], П.И.Пидкасистый [119], Г.К. Селевко [135], А.В. Хуторской [157] ж.б.

Болочок мугалимдин ишмердүүлүгүнүн педагогикалык жана психологиялык маанилүүлүгүн белгилешкен изилдөөчүлөр: А. Андреев[16], Дурай-Новикова [60], Н.К. Дюшеева [61], Н.В. Кузьмина [89], А.К. Маркова [105], В.А.Сластенин, Л.С.Подымова [139], Г.К. Селевко [134], Е.В.Яковлева [173] жана башкалар.

Кыргыз улуттук спорттун түрлөрү, оюндары жана көнүгүүлөрүнө арналган авторлордун эмгектери: Абдуллаев М.Т. [1]; Анаркулова А.Х.[5]; Анаркулов Б.Х [6]; Анаркулов Х.Ф.[10]; Мойдунов Т.[85]; Саралаев М. К[101]; Узакбаев И.С.[122] жана башкалар.Ошондой эле Асанов Т. О.[14]; Байман Ф. Е[30]; Калилов У. Ж.[64] жана башкалардын илимий жана окуу - усулдук иштери кыргыз улуттук спортту тогуз коргоол боюнча салым кошкон окумуштуулар: АЧылымов, Т.Орозобаков, М.Жаманбаев, А Иманалиев, М. Асаналиев, ал эми тогуз коргоол боюнча Кыргызстандын эмгек сиңирген машыктыруучулары: К. Касымов, М. Кийзбаев, К. Өмүралиев, А. Нурсейитов жана эл аралык спорт чеберлери: Н. Имаекеев, Н. Султанмуратоов күрөшкө арналган. Ошол эле учурда азыркыга чейин атайын адистер арасында спорттук мелдештердин бирдиктүү эрежелеринтүшүнүүдө келишпеген көз караштар бар.

Азыркы педагогикалык илимдеги жаңы муундагы жаштарды дене тарбия багытындагы тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүк негизде даярдоодо жаңы инновациялык мамилелер менен мүнөздөлөт. XX кылымдын билим берүүчү парадигмасы өзүнүн маанисин жана мүмкүнчүлүгүн жоготуп, азыркы билим берүү аймагында жаңы стратегиялык багыттар иштелип чыгууда. Спорттук дене тарбия багытындагы тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүнүн эрежелерин түшүндүрүүдөгү бир тараптуулуктун жоктугу, тогуз коргоол кесипкөйлүк ишмердүүлүгүндөгү психологиялык-педагогикалык даярдыкка терс таасирин тийгизет же бир катар көйгөйлөрдү жаратат. Ушуга байланыштуу ар бир студентти келечектеги дене тарбия багытындагы тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүккө даярдоодо компетенттүү мамилени эсепке алуу проблемасы орчундуу мааниге ээ болууда. Аталган проблеманы чечүү максатында дене тарбия мугалимдерин кесиптик компетенттүүлүгүнүн калыптандырусу өзүнчө илимий системасы катары негизделип, жаңыча иштелип чыгып жана керектелүүчү педагогикалык шарттардын аныкталышы керек.

Азыркы учурда ар кандай диний жана экстремистикалык топтор өздөрүнүн иш-аракеттерин бир канча активдештирүүдө, ошол себептен коомдун спорттук педагогдорго койгон талаптарын жана өткөрүлүп жаткан тарбиялык иш-аракеттерининин ортосунан келип чыккан көз караштарынын бирдей эместигинин, алардын катарында дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүнүн менен машыгуучулардын, ошондой эле спорттук педагог-машыктыруучулардын жаштарды тарбиялоого адискөйлүк педагогикалык даярдыгынын деңгээлдери жетишсиздиги байкалган:

- дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгү боюнча тарбиялоо иш-аракеттерин уюштурууда жана өткөрүүдөгү билимдин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн маанисин кайрадан жаңылоо үчүн спорттук педагогдордун адискөйлүк-педагогикалык

тажрыйбаларын, чыгармалык чеберчиликтерин жана аларга ылайык келүүчү окууту тарбиялоонун формаларын жана методдорун жетишсиздиги;

- учурда, дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол менен машыккан балдардын баштапкы спорттук даярдоо тобунда боюнча кесиптик компетенттүүлүккө тарбиялоонун практикалык иш-аракеттеринде педагогикалык шарттардын иштелип чыкпагандыгынан, кыргыздын улуттук дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүн колдоонуу зарылчылыгы келип чыкты;

- жаш дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол менен багыттуу иш-аракеттерди алып баруу, алардын комплекстүү кесиптик компетенттүүлүгүнүн сапаттарын түзүүгө, спорттук чеберчиликтеринин жогорулашуусуна, өзүнүн спорттук тобуна, туулган жана жашаган жерине мамилесине оң таасирин берет.

Азыркы учурда ЖОЖдо дене тарбия багытындагы тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүккө жана тарбиялык иштерди жүргүзүүгө жөндөмдүү дене тарбия мугалимине коомдун өсүп жаткан талаптары менен анын тандап алган ишинде анын кесиптик даярдыгынын жетишсиз деңгээлинин ортосундагы карама-каршылыктар жоюлбай жатканы анык: - тийиштүү иш тажрыйбасынын жетишсиздигинен улам азыркы шарттарда аларды ишке ашыруунун жолдору жана формалары менен карама-каршы келген тарбия иштерин уюштуруудагы жөндөмдөрдүн жана көндүмдөрдүн маанилүүлүгүн жетиштүү түшүнө элек; - көп түрдүү каражаттарды практикалык пайдалануу зарылдыгы келип чыгат, алардын ичинен кыргыз улуттук спортту тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүккө тарбиялоо иште, бул өз кезегинде дене тарбия окуу жайынын шартында билим берүү жана тарбиялоо процессин уюштуруунун тиешелүү педагогикалык шарттарынын жетишсиз иштелип чыккандыгын аныктайт.

Ошол себептерден улам, жаш дене тарбия мугалимдерин спорттук мектебинде кыргыздын улуттук спортту тогуз коргоол кесиптик

компетенттүүлүк менен машыккан жаштарды тарбиялоо процессине жүргүзүлгөн теориялык-педагогикалык талдоонун жана жалпылоонун негизинде спорттук даярдоонун баштапкы этабында тарбиялоонун атайынкы педагогикалык шарттарын кароо зарылчылыгы келип чыкты.

Бул карама-каршылыктар биз тандаган изилдөө темасынын актуалдуулугун аныктайт: «Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери» тандап алган шарттарына ылайык изилдөөнүн өтө актуалдуулугун көрсөтөт.

Биз тандаган теманын актуалдуулугун аныктайт жана психологиялык-педагогикалык маанисин жогорулатып, Кыргыз Республикасынын “Кыргыз улуттук спорттун түрлөрү жана оюндары жөнүндөгү” мыйзамы менен бекемделет.

**Диссертациянын темасынын илимий программалар (долбоорлор) же негизги изилдөө көйгөйлөрү менен байланышы.** Диссертациялык изилдөөнүн темасы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында коюлган талаптарга ылайык «Дене тарбия жана спорт жөнүндө» (21 январь 2000 ж, № 36), “Кыргыз улуттук спорттун жана оюндардын түрлөрү жөнүндөгү” [1997], «Улуттук спорттун түрлөрү жөнүндө» (21 апрель 2003 ж, № 84), Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н. Жапаровдун “Инсанды руханий-нравалык өнүгүү жана инсандын тарбиясы жөнүндө” [2021], Кыргыз Республикасынын «ФжС», «Кыргыздын улуттук спорттук түрлөрү жана оюндары» жөнүндө мыйзамдарды реализациялоого байланышты, Кыргыз Республикасын Президентинин указдарын «2022–жыл Тарых маданият жана адеп–ахлаптык–(нравалык)»; «2017–жыл Адеп–ахлактык тарбиялоо жана маданият», «Бүткул дүйнөлүк көчмөндөр оюнун өткөрүү» жана Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын базасында жүргүзүлүп жаткан илимий иштердин тематикасы менен байланыштуу (2016–2023–ж), «Бүткул дүйнөлүк көчмөндөр оюндарын” өткөрүү менен жана Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясында жүргүзүлүп жаткан

илимий иштердин тематикасына байланыштуу (2016–2020 жж.), Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын үчүн мамлекеттик стандарт жана «Дене тарбия» боюнча предметтик стандарт [2022] токтомунун негизинде актуалдуу көйгөйлөрдү чечүүгө байланышат.

Изилдөө Б.Т.Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын «Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери» проблемасы боюнча илимий - изилдөө иштеринин келечектүү планына ылайык жүргүзүлдү.

**Изилдөөнүн максаты** – кыргыз улуттук оюну тогуз коргоол аркылуу дене тарбия мугалимдерин даярдоодо адистик компетенттүүлүккө тарбиялоонун педагогикалык шарттарын, методикасын жана мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Кыргыз улуттук оюну тогуз коргоол аркылуу адистик компетенттүүлүккө тарбиялоонун абалын жана методикалык маанисин мүнөздөгөн адабияттарга обзор берүү.
2. Тогуз коргоол оюну боюнча адистик компетенттүүлүккө даярдоонун моделин иштеп чыгуу анын методологиясын, материалдарын, методдорун жана уюштурулушун аныктоо.
3. Кыргыз улуттук оюну тогуз коргоол аркылуу адистик компетенттүүлүккө даярдоонун моделин жана педагогикалык шарттарын экспериментте текшерүү жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

Изилдөөнүн методологиялык негизи болуп Кыргыз Республикасында жогорку билим берүүнү өнүктүрүүнүн азыркы концепциялары, инсандын ишмердүүлүгү жана чыгармачыл маңызы, анын өнүгүүсү жөнүндөгү концептуалдуу жобо; инсанга багытталган билим берүү концепциясы; окутуу процессин компетенттүү негизде уюштуруу жана билим берүү технологияларын өсүп-өнүктүрүү, калыптандыруу идеялары, окуу ишмердүүлүк процессиндеги аң-сезимдүүлүктү жана активдүүлүктү айкалыштыруу демилгеси түзөт.

**Алынган натыйжалардын изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**

– Кыргыз улуттук оюну тогуз коргоол аркылуу адистик компетенттүүлүккө тарбиялоодогу педагогикалык шарттар аныкталынган, теоретикалык, методикалык өзгөчөлүктөрүн такталышы.

– Кыргыз улуттук оюну тогуз коргоол аркылуу адистик компетенттүүлүккө тарбиялоодогу заманбап тактикасынын натыйжалуу формалары, методдору жана тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүнүн моделинин иштелип чыгышы;

- Дене тарбия багытындагы окуган студенттердин тогуз коргоол боюнча компетенттүүлүгүн калыптандыруунун критерийлери, деңгээли, көрсөткүч компоненттери жана алардын салыштырма мүнөздөмөсү.

**Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүгү:**

Изилдөөнүн негизинде иштелип чыккан илимий–теориялык жоболордун негизинде практикалык сунуштарды дене тарбия багытындагы окуган студенттердин тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууда:

1. дене тарбия багытында окуган студенттердин тогуз коргоол боюнча кесиптик даярдыгын атайын көндүмдөр аркылуу калыптандыруу үчүн колдонулат;

2. заманбап окутуу технологиялары аркылуу дене тарбия багытындагы тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу максатында колдонууну негиздейт;

- атайын курс, иштелген контролдук иштердин жыйнагы, интерактивдүү компьютер аркылуу окутуу программа студенттердин тогуз коргоол боюнча компетенттүүлүгүн жогорулатуу максатында колдонууга сунушталат.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

1. дене тарбия багытында окуган студенттерди адистик компетенттүүлүккө тарбиялоодо тогуз коргоол оюнунун тарыхы, философиясы, Кыргызстандагы абалын жана дене тарбиялык абалын билиши. Тогуз коргоол оюну элдик дене тарбия каражаты катары, дене тарбия боюнча компетенттүү адистерин даярдоо процессинде толук кандуу колдонушу.

2. Тогуз коргоол оюну көп кырдуу техникалык жана тактикалык ыкмаларды колдонуу менен ойнолуп келингени, аларды окутуп-үйрөтүү процессине колдонуу үчүн алгачкы мүнөздөмөнүн берилиши, калыптандыруу үчүн тогуз

коргоол оюнун үйрөтүү адистик компетенттүүлүгүн калыпдыруу моделинин иштелип чыгышы.

3. Тогуз коргоол оюнун окутуу адистик компетенттүүлүгүн калыптандырууда эксперименталдык даярдоо модели, тийиштүү адистик-профессионалдык программанын мазмуну, тогуз коргоолчулардын техникалык, тактикалык баалоо критерийлери жана бүтүрүүчүлөрдүн адистик компетенттүүлүккө карата жалпы жана атайын даярдык деңгээлдеринин иштелип чыгышы.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы:** изденүүчү тогуз коргоол боюнча Кыргыз Республикасынын спорт чебери наамына жана көп жылдык окутуучулук тажрыйбага ээ. Дене тарбия багытындагы тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууда илимий изилдөөлөргө талдоо жасалды. Дене тарбия багытындагы тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүнүн моделин ишке ашыруу программасы иштелип чыкты, окутуу процессин тийиштүү методикалык куралдар менен камсыздады, окутуу процесин жетектеди жана окуу жылдын тогуз коргоол оюнун жайылтуу жаатындагы материялдык – техникалык базасын чыңдоого өз салымын кошту. Изилдөөнүн негизинде уюштурулган педагогикалык экспериментти жүргүздү, алынган материалдарды анализдеди жана жыйынтыктарын илимий конференцияларда баяндап турду.

**Диссертациянын натыйжаларын апробациялоо.** Диссертациялык иштин негизги теоретикалык жана практикалык жоболору Б.Т. Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын педагогика, психология, ФжСтун тарыхы; улуттук спорт оюндары кафедраларынын, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик уиверситетинин ФжС кафедрасынын чогулуштарында ж.б. илимий-практикалык конференцияларда изилдөөнүн негизги мазмуну жана жыйынтыктары талкууга алынып жарыяланган.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын басылмаларда чагылдыры-лышынын толуктугу.** Диссертациянын материалдары жана иштин мазмунуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялоо комиссиясы тарабынан сунушталган журналдарда 12 илимий макала чыккан. Алардын ичинен 7 макала РИНЦде, 1 – Эл аралык илимий – практикалык конференциялардын материалдарында, 6 – периодикалык басмаларда.

**Диссертациялык иштин түзүлүшү жана көлөмү.** Изилдөөнүн негизги милдеттерин чечүү үчүн диссертациянын түзүлүшү жана материалдын баяндоо логикасы үч баптан, корутундудан, илимий–практикалык

сунуштардан, пайдаланылган адабияттардын 187 тизмесинен турат. Диссертациянын жалпы көлөмү 193 баракты түзөт.

# I-БАП. Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик педагогикалык компетенттүүлүгүнүн теориялык негиздери

## 1.1 Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча кесиптик педагогикалык компетенттүүлүгүнүн мазмуну жана өзгөчөлүктөрү.

Дене тарбия мугалимдеринин жалпы педагогикалык компетенттүүлүгүнүн калыптанышына чоң таасир берген тогуз коргоол боюнча окутуу дисциплинасынын мисалында изилдеп кароо, азыркы учурдун эң бир көйгөйлүү проблемасы катары каралууда. Себеби, азыркы мезгил биринчи орунга кесипкөйлөрдү, өз кесибин эң жакшы билген эл аралык байланыштарды бекемдеген инсан мугалимди даярдоо милдетин талап кылат.

Азыркы мезгилдин талаптарынын өзгөчөлүгү–дене тарбия жана спорт педагогикасы сабагынын максаты- студенттерди дене тарбия жана спорттун педагогикалык баалуулуктары, дени сак жаштарды тарбиялоодогу мааниси, мазмунун, ар кандай педагогикалык кырдаалдарды талдоонун эң жөнөкөй көндүмдөрү, спорт менен машыгуу шарттарында инсанды тарбиялоого багытталган педагогикалык ишмердүүлүктүн өзгөчөлүктөрү менен тааныштыруу жана окуу-тарбия берүү ишмердүүлүгү учурунда жана келечекте кесиптик өзүн-өзү өнүктүрүү учурунда аң-сезимин таанып билүүгө көмөктөшүү. Дене тарбия мугалимдерине өзгөчө милдеттер жүктөлүп, алардын кесиптик деңгээлине, жалпы адистигине жаңы талаптар коюлууда. Билим берүү аймагында көп жаңылануулар пайда болуп: компетенттүү мамиле, жаңы окутуу (кредит) технологиялардын негизинде окутуу талабы ж.б.у.с. болочок педагогдорго жаңылануу процесстеринде көп тармактуу талаптарды коюуда.

Тарыхый мезгилдер аралыгында башка элдердин маданиятындай эле кыргыздар да руханий баалуулуктардын өлчөмүнө барабар болгон жалпы маданияттын ажырагыс бөлүгү-дене тарбия маданияты да өнүгүп келүүдө.

Кыргыз Республикасынын «Улуттук спорттун түрлөрү жана оюндары жөнүндө» (21 апрель 2003 ж, № 84) мыйзамында «Спорттун улуттук түрлөрү кыргыз элинин тарыхынын жана маданиятынын ажырагыс бөлүгү болуу менен, Кыргыз Республикасында жашаган башка элдердин өкүлдөрүнүн элдик оюндарынын катарында инсандын руханий жана дене-боюнун шайкеш өнүгүүсүнө, сергек жашоосуна түрткү берет» - деп жазылган. Ушул эле мыйзамдын 3-беренесинде спорттун улуттук түрлөрүн өнүктүрүү боюнча мамлекеттик саясаттын негизги принциптери белгиленген: «.... гумандуулук, демократиялуулук, жарандарды рухий жактан тарбиялоодогу үзгүлтүксүздүк жана жолун жолдоочулук саналат» [104].

Көптөгөн дене тарбиянын түрү кыргыздарда ар тараптуу дене тарбиянын каражаты болуп саналган. Алардын арасында айрыкча улуттук тогуз коргоол өзгөчө белгилүү болгон.

Тогуз коргоол оюну өз алдынча мааниси бар тарыхка, элдик педагогикалык жана философиялык таанымга ээ. Кыргыз элинин көөнөргүс маданий байлыгы болгон Манас эпосунда (Сагынбай Орозбак уулунун варианты боюнча) тогуз коргоол оюну жөнүндө айтылган, Кыргыз Республикасынын «Улуттук спорттун түрлөрү жана оюндары жөнүндө» (21 апрель 2003 ж, № 84) мыйзамында жана Кыргыз эли тогуз коргоолду, тогуз кумалак деп аташчу, анткени коргоол менен кумалак бир эле маанини түшүндүрөт. Мисалы, 1939-жылы Актан Таныбеков тогуз коргоол оюнунун эрежесин жазган[35].

Тогуз коргоол оюну бүткүл дүйнөгө белгилүү болгон оюндарынын катарына кирет. Кыргызстандын тышкары Казакстанда “Тогуз кумалак” жана Туркияда “Dokuz kumalak” деген ат менен белгилүү. Тогуз коргоол оюну Орто Азия өлкөлөрүнөн түндүк-чыгыш Афганистанда, Орусссияда (Алтай, Карачай-Черкесия, Хакасия, Якутия, Татарстан жана Тува), батыш Монголияда жана түндүк-батыш Кытайда ойнолот.

Кыргызстандагы улуттук оюндарды изилдөөнүн алгачкылары болуп педагогика илимдеринин доктору Х .Ф. Анаркуловду белгилеп кетсек болот.

Ал өзүнүн “Кыргызские народные подвижные игры и физические упражнения” – деген диссертациялык эмгегинде (1993-ж) улуттук оюндар боюнча илимий көйгөйлөрдү көтөрүп чыккан жана тогуз коргоол оюну боюнча маалыматтарды берген [ 45].

Кыргыз улуттук дене тарбиядагы оюндар анын ичинде тогуз коргоол оюну дене тарбия каражаты катары колдонулуп келгендигин ата мекендик дене тарбия илимпоздору А.Ж. Нурсейитов[128], М. С. Кийзбаев [115], К. У. Мамбеталиев[133], М.К. Саралаев [182], М. С. Абдуллаев[7] ж. б.

Тогуз коргоол натыйжалуу дене тарбия көнүгүү катары көп кылымдык тарыхка ээ. Анын өсүп-өнүгүшүнө байланышкан атайын түшүнүктөр, көз караштар бар, ал атаандашкан абалына, оюндунг жүрүшүндө белгилүү техникалык -тактикалык иш- аракеттерине байланышат. Мындай мелдештер жөнүндө түшүнүктөр, эрежелер жок болсо, ушул ишмердүүлүккө катышкан адамдардын өз ара сүйлөшүүсү жана түшүнүгү болмок эмес. Көп убакыттар бою спорттук тогуз коргоол дене тарбия бир түрү катарында өзүнчө колдонулган.

Стихиялуу түрдөгү түшүктөрдүн жана мелдештин эрежелеринин пайда болушу бир катар адашууларга, баш-аламандыкка алып келген, ушул ишмердүүлүккө аралашкан адамдардын өз ара мамилесин кыйындаткан. Ушулардын айынан тогуз коргоол оюнунда педагогикалык жана кесипкөйлүк өсүп-өнүгүшү басаңдаган, ошондой эле спорттук күрөштүн өнүгүшүндө тоскоолдуктар жаралган.

Көптөгөн тарыхый булактардагы маалыматтарда кыргыздардын дене тарбия маданиятынын өнүгүшүндө эң маанилүүсү улуттук оюндар жана мелдештерге катышкан оюндардын эрежелери жөнүндөгү эпизоддор. Мында мелдештерге катышуучулардын адептүүлүк, психологиялык, дене даярдыгы жана башка сапаттары аныкталып, дене тарбиянын ар тараптуу, бүткүл элдик жобосу иштелип чыккан. Оюн-зоок, мелдештер бардыгы ар кандай маракелер өткөрүлгөн жерлерде уюштурулган: жүрүштөн ийгиликтүү кайтканда, аш-тойлордо, салтанаттарда жана башка жерлерде. 1922-жылы “Дене тарбия жана спорттук кружоктордун эрежеси” бекитилген. Анда

спорттук иш чараларды уюштуруу жана өткөрүүдөгү жаңы эрежелердин жолдору(ыкмасы) жана методу иштелип чыккан.

Кыргызстан өзүнүн спорттук улуттук түрлөрүнүн дене тарбия көнүгүүлөрүн киргизүүнү көздөгөн, 1927-жылы дене тарбиячылардын Бүткүл Союздук Совети улуттук спорттук оюндардын түрлөрүн, эрежелерин өнүктүрүүнү жана аларды өткөрүүнү колдоого алган. Ошого байланыштуу атайын дене тарбия маданиятынын совети түзүлгөн. Улуттук спорт оюндарынын түрлөрүнө спорттук мелдештин эрежелери киргизилгендигине байланыштуу спортчулар көбөйүп, мелдештин эрежелери жакшырган [108].

1928-жылдын 5-майында Кыргыз АССРинин саламаттыкты сактоо Элдик комиссариатынын алдындагы дене тарбия маданиятынын Бюросунун атайын кеңешмесинде кыргыз улуттук спорт оюндарынын түрлөрүн, мелдештин эрежелерин үйрөнүү жана жайылтуу маселеси талкууланган. Мелдештин эрежелерине ылайык уруксат берилген жана уруксат берилбеген улуттук спорт оюндары аныкталган [101,75].

Биринчи Орто Азиялык дене тарбия жана спорт (1932-ж) боюнча кеңешмесинин резолюциясында, андан кийинки Жалпы союздук комитеттин ЖСК СССР (1936-жыл) алдындагы дене тарбия жана спорт боюнча иштеринин атайын көчмө сессиясынын материалдарында жаштардын улуттук спорт оюндарына толук тартылбаганы белгиленген

Бүгүнкү күндө дене тарбия жана спорт багытында окуган студенттер, болочок мугалим катары тогуз коргоол боюнча тарбиялоонун, кыймыл-аракеттик жана таймашуучулук билим берүүнү, окутуу аркылуу аларды анализдөө, синтездөө, салыштыруу менен студенттин окутулуусу, машыгышы, тарбияланышы жана конкреттүү параметрлерде кесиптик компетенттүүлүккө ээ болушун шарттайт. Жогоруда белгиленген өзгөртүүлөр, спорт жетекчилеринин уюштуруу –практикалык иштеринин жакшырышы, коомчулуктун жана адистердин иш-аракетинин натыйжасы жакшы көрсөткүчтөрдү камсыздаган.

Байыртадан эле кыргыз эли ойноп келе жаткандыгы Сагымбай Орозбак уулунун айтуусунда “Манас” эпосунан да тогуз коргоол оюнун көрүүгө болот. Алсак,

Жалпак жыгач чаптырып,
Чараларын оюштуруп,
Бир жагына бир тогуз,
Бир жагына бир тогуз,
Үй чыгарып коюшуп,
Оюу менен олтуруп,
Ташын салып толтуруп,
Тогул коргоол оюну,
Ордо, тогуз коргоол деп,
Жаш Манас кылып койгону...
Тогуздан коргоол салганы,
Бу Манастан калганы.

Кыркың кызык ойнотуп, Чатыраш оюнун салыңар,
Тогуз, онуң биригип, тогуз коргоол алыңар.

Кыргыз эли тогуз коргоолду, тогуз кумалак деп аташчу, анткени коргоол менен кумалак бир эле маанини түшүндүрөт. Мисалы, 1939-жылы Актан Таныбеков тогуз коргоол оюнунун эрежесин жазган[35]. Тексттин ичинде «коргоол» менен «кумалак» аралаш айтылган.

Акыркы мезгилде кыргыздын улуттук спорт түрлөрү жана оюндарына маани бөрүүгө өзгөчө көңүл бурулууда. Улуттук спорт оюндары мектеп, жогорку окуу жайлар, коллеждин жана техникалык билим берүүнүн окуучулар, студенттердин окуу программасына ошондой эле, Азия оюндары жана Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын Спартакиадасына киргизилген.

Республиканын облустарында жана райондорунда спорттук мелдештер системалуу өткөрүлө баштады.1996-жылдан баштап, КРнын улуттук спорттук оюндарынын түрлөрү боюнча Спартакиада өткөрүлөт.

2003-жылы “Кыргыз улуттук спорт түрлөрү жана оюндары жөнүндө” КР мыйзамы кабыл алынган.

Мына ушунун бардыгы кыргыз улуттук спорттук оюндардын анын ичинде кыргыз спорту тогуз коргоол, мелдештин эрежелерин өнүктүрүүгө милдеттендирет. Улуттук дене тарбия жана спорт маданияттын ажырагыс бөлүгү катары өнүгүүнүн заманбап этабында бир катар кыйынчылыктарга дуушар болгон, бөлүп айтканда, квалификациялуу адистердин жетишсиздиги

мисал боло алат. Эл аралык мелдештерди өткөрүүнүн тажрыйбасы көрсөткөндөй, биздин өлкөбүз кесипкөй адистерге, оргиналдуу идеяларга бай адамдарга, спортту тогуз коргоол муктаждыгы байкалган. Алдыңкы практикалык тажрыйбалуу, илим-билимдүү адистерге, эл аралык талаптардын деңгээлине жооп берген компетенттүү тогуз коргоолчуга муктаждык келип чыккан.

Демек, компетенттүүлүктү калыптандыруу процессинде ар бир улуттун өзүнө гана таандык болгон өзгөчөлүктөрү да эсептелиши керек.

Спорт менен машыгуу учурунда студентти тарбиялоого багытталган бардык тарбия-таалим аракеттери аткарылып, алар инсандын аң сезимдүүлүгүн калыптандырууга багытталган ишмердүүлүктүн башка түрлөрү менен айкалыштыруу менен инсандык касиеттердин сапаттарын калыптандыруунун шарттарын аткаруу, жүрүм-турумдун белгиленген адеп-ахлактык, этикалык негиздерин жетекчиликке алуу эң башкы милдет болуп саналат.

Азыркы мезгилде билим берүү системасынын алдында, өзгөчө мугалимдердин алдында эң жоопкерчиликтүү милдеттер коюлуп жатат: өсүп келе жаткан жаштарды кыргыз улутунун интелектуалдуу оюну болгон тогуз коргоол оюнун терең өздөштүрүп, улуттун алкагында тарбиялоо. Келе жаткан муундун улуттук маданиятты билүүгө үгүттөө, алардын кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу проблемасын чечүү, эл аралык маанидеги улуттук оюндарды үйрөтүү аркылуу–толеранттуутулукка, чыдамдуулукка, башка элдердин маданияттарын сыйлоого ж.б.у.с. оң касиеттерге тарбиялоо. Мына ушул мезгилдин талаптарынын жана багыттардын негизинде ЖОЖдо дене тарбия мугалимдеринин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууну талап кылат.

1971-жылдан баштап Европа кеңешмесинин проектисинин алкагында улуттук баалуулуктарды өздөштүрүүгө өтө чоң көңүл бурулуп келүүдө. Улуттук оюндарды окутуу, үйрөтүү жана аны баалоо негизги принциптердин бири катары каралып келүүдө.

Жогорудагы аталган улуттук оюндарды үйрөнүп, жайылтуу комплекси бүтүндөй биримдикти, бир аракеттин жыйынтыгы катары каралып, стандарттык сертификаттарды берүүдө, түрдүү программаларды үйрөнүүдө колдоого алынууда. Эгерде улуттук оюндарды үйрөнүүнүн алгачкы максатынан баштап негизги ийгиликке жетишкенге чейин стратегиялык программага таянып иш алып барылса, улуттук интелектуалдык оюндарды өздөштүрүү процессиндеги ийгиликке жеткен компетенция болуп саналат.

Дене тарбия жана спорттук педагогиканын теориясы менен практикасында тогуз коргоол боюнча кесиптик ишмердүүлүгүнүн төмөнкү компоненттерине көңүл буруп кароо кабыл алынган: конструктивдүү, уюштуруучулук, коммуникативдик, гностикалык, кыймылдык (А.П.Ильин).

Тогуз коргоол боюнча ишмердүүлүгүнүн конструктивдүү компоненти бир катар талаптарды аткаруу менен жыйынтыкталат.

1. Студенттердин өздүгүн, алардын теориялык билимин мүнөзүн жана көлөмүн, кыймылдык жөндөмүн жана көндүмдөрүн калыптандыруу;
2. Окуу материалын тандоо жана ырааттуу жайгаштыруу;
3. Дене тарбия сабагында студенттердин ишмердүүлүк программасын түзүү;
4. Студенттердин окуу-практикалык жана таанып билүү ишмердүүлүгүн башкаруу боюнча мугалимдин өзүнүн иш-планы

Конструктивдүү ишмердүүлүк дене тарбия сабагынын оптималдуу методикасын табуу жана түзүүнү өз ичине камтыйт.

Дене тарбия багытындагы мугалим конструктивдүү ишмердүүлүгүнүн элементтери бир сабактын алкагында жана бир катар жөндөмдөрдө көрүнөт:

- Сабактын максаттарын жана маселелерин алдын ала аныктоо жана калып-тандыруу;
- сенситивдүү мезгилдерди эске алуу менен физикалык сапаттарын тарбия-лоого багытталган көнүүгүлөрдү алдын ала тандоо;

- кыймыл-аракеттерин бекемдөөгө, жакшыртууга жана физикалык сапатта-рын тарбиялоого багытталган кыймыл оюндарын, оюн тапшырмаларын, эста-феталарды алдын ала тандоо;
- жалпы физикалык даярдоо (ЖФД) ар түрдүү жана көбүрөөк натыйжалуу көнүгүүлөрдү алдын ала тандоо, аларды аткаруунун иретин аныктоо;
- физикалык сапаттарын окутуунун жана тарбиялоонун этаптарынын ыраатуулугун аныктоо;
- сабакта көрсөтүү менен кептик түшүндүрүүнүн оптималдык айкашуусу;
- спорттук инвентарларды рационалдуу колдонуу;
- сабактын жүрүшүндө тарбиялык иштерди ишке ашыруу;
- сабактын жүрүшүндө бардык группанын ишмердүүлүгүн жана жекече тапшырмаларды аткаруусун координациялоо;
- студенттердин активдүүлүгүн өстүрүү.

Ишмердүүлүктүн уюштуруучулук компоненти окуу-тарбиялык процессти уюштуруу боюнча белгиленген пландарды ишке ашыруу менен байланыштуу.

Коммуникативдик компонент мугалимдин, студенттер, жумуш боюнча кесиптештери, ата-энелер менен баарлашуу жана айлана-чөйрөдөгүлөр менен өз ара аракеттенүүнүн пайдалуу жолун табуу жөндөмү.

Гностикалык компонент мугалим тарабынан кээ бир студенттерди жана жалпы группанын жамаатын, педагогикалык кырдаалды жана өзүнүн ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктарын талдоону таануу менен байланышкан.

Ишмердүүлүктүн кыймылдык компоненти биринчи кезекте мугалимдин физикалык көнүгүүлөрдү аткара алуу жөндөмүн чагылдырат. Окуу программасына киргизилген тигил же бул физикалык көнүгүүлөрдү туура көрсөтүү, мектеп окуучуларынын окуу ишмердүүлүгүнүн натыйжалуугун аныктайт.

Жогоруда белгиленгендей, биз кесиптик кометтенттүүлүк деген түшүнүктүн аныктамасын төмөнкүдөй белгилемекчибиз: биринчи этап

(даярдоочу) окуу-тарбиялык процессти жалпысынан жана ар бир сабакты өзүнчө сапаттуу өткөрүүнүн шарттарын камсыздоого багытталган. Ал өз ичине төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Окуу-тарбия процессинин бир жылдык план-графигин иштеп чыгуу;
- Ар бир окуу семестринин тематикалык планын иштеп чыгуу;
- Ар бир сабактын план-конспектилерин иштеп чыгуу;
- Дене тарбиянын конкреттүү каражаттарын жана методдорун, окуу процессин уюштуруунун формаларын тандоо ( жалпы жана атайын көнүгүүлөрдү; ар бир көнүгүүнү кайталоонун санын; кээ бир көнүгүүлөрдү аткаруунун узактыгы; жалпы педагогикалык методдор – кептик, көрсөтмө жана атайын кыймылдык аракеттердин физикалык сапаттарын тарбиялоо окутуу методдорун).

Даярдык этабында дене тарбия мугалиминин ишмердүүлүгү окуу-тарбия процессинин бүтүндөй жана ар бир сабакты уюштурууга багытталган.

Экинчи этап (практикалык ишмердүүлүк) студенттердин сабакта окуу-педагогикалык жана таанып билүүчүлүк ишмердүүлүгүн башкарууга багытталган, анын жүрүшүндө дене тарбия боюнча программалык талаптар аткарылат. Студенттердин ишмердүүлүгүн башкаруу өзүнүн ичине төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Сабактагы уюштуруучулук иш чаралар (группаны тизүү, сабактын маселелерин кабарлоо; дисциплиналарды уюштуруу, керектүү жабдыктарды жана инвентарларды орнотуу, кыймылдык аракеттерди аткаруу мезгилинде студенттердин коопсуздугун уюштуруу, окуу убактысын туура бөлүштүрүү, сабактын ордун тазалоо, сабактын жыйынтыгын чыгаруу, үй тапшырмасын берүү);
- Тикеден–тике педагогикалык таасир этүүлөр (окуу материалын түшүндүрүү, көнүгүүлөрдү көрсөтүү, көрсөтмө куралдарды пайдалануу, окуучуларга кыймыл аракеттерин аткарууда жардам берүү);

- Сабактагы кезектеги көзөмөл (пландаштырылгандар менен педагогикалык таасир этүүнүн жыйынтыктарын баалоо жана салыштыруу, пландан четтегендерди ыкчам жоюу).

  Үчүнчү этапта (педагогикалык процесстин натыйжалуулугуна көзөмөл) дене тарбия мугалиминин ишмердүүлүгү окутуунун жыйынтыктарын талдоого жана баалоого, көрүнгөн жетишсиздиктерди жоюунун өтө рационалдуу жолун табууга багытталган.

  Кесиптик компетенттүүлүк - бул жогорку окуу жайларынын педагогикалык билим берүүнүн окуу планынын вариативдүү жана базалык дисциплиналары аркылуу калыптанган билим, ык, машыгуулардын жана тажрыйбанын жыйындысы, ал билим берүүнү интеграциялоо шартында дене тарбия багыттагы кесиптигине карата мугалимдик ишмердүүлүктүн толук баалуу даярдыгын камтыйт.

Дене тарбия жана спорт багытындагы тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенцияларга ээ болуу аркылуу өзү үзгүлтүксүз окуп, үйрөнүп, жаңыланып турса, мугалим өзүнүн жалпы билимин, анын ичинен тогуз коргоол боюнча билимин өркүндөтүүгө умтулса гана, ал көп компетенцияларга ээ боло алат.

XXI кылымдын мугалими көп компетенцияларга ээ болушу керек деп көп окумуштуулар белгилешкен: А.Андреев, Н.А. Белых, И. Браже, В.В. Грачев, О.А.Донских, Г.В.Никитина, С.А. Панина, Г.К. Селевко, А.В. Хуторской[17]; [31]; [38]; [47]; [58]; [111]; [117]; [134]; [158].

"Компетенция" деген түшүнүккө окумуштуулар өз аныктамаларын беришкен. Мисалы: И.А.Зимняя: "...компетенцияларды жашыруун психологиялык кубулуштар" – деп караган жана аларды эки түргө бөлгөн: "ички жана потенциалдуу" [66].

Э.М. Мамбетакунов бул багыттагы илимий– түшүнүк аппаратынын категориялык негиздерин карап: компетенция деген түшүнүктүн негизинде белгилеп, мугалимдин психологиялык-педагогикалык компетенттүүлүгүнүн

өзөктүү булактарын карап, окутуу процессинде кесиптик компетенттүүлүктү калыптандыруу этаптарын негиздеген [102, 38-б.]

Бизде жана башка өлкөлөрдөгү (Оруссия, Казахстан ж.б.) билим берүү тармагындагы жүргүзүлүп жаткан реформалар көрсөткөндөй, болочок мугалимдин компетенттүүлүгүн жаңы технологиялар, ыкмалар аркылуу калыптандыруу процессинин теориялык, методологиялык жана практикалык негиздери иштелип чыгууда. Кыргызстанда бул проблеманы изилдеген окумуштуулар: Н.А.Асипова, К.Д.Дабаев, Э.М.Мамбетакунов, А.К. Маркова, А.К.Наркозиев, Е.Ш.Нусубалиева, А.С.Раимкулова, Т.М.Сияев, ж.б.[22]; [56]; [102]; [105]; [109]; [112]; [127]; [138].

XX кылымдын 90-жылдарында ООНдун отчету боюнча мамлекеттин эффективдүү өнүгүүсүнүн белгиси катары, сапаттын негизги индикатору катары билим берүү деңгээли каралган. Мына ушул далилдердин негизинде бардык өлкөлөрдө билим берүүдөгү кризисти жеңүү маселелери биринчи орунга коюлган. Бүгүнкү күндө адамзат тарыхында коомду глобалдаштыруу максатында биз, индустриялдык коомдон информациялык коомго секирик жасап, “адам факторунун” ролу кенейип жаткандыгын моюнга алышыбыз керек.

Ошондуктан, алар адамзаттын көз карашын түп тамырынан баштап өзгөртүүнү талап кылууда. Бул жагдайда билим берүү системасынын ролу чоң экендигин белгилешибиз керек, анын ичинде биринчи орунда жогорку билим берүү системасында калыптанган адис мугалими эсептелинет. Билим берүү процессинин калыптанышы, анын маңызы социалдык шарттарга карата өзгөрүлүшү жана андан ары өнүгүшү, келечектин жана азыркы замандын талабына ылайыктуу жаңы муундун тарбияланышынын бирден бир жолу - мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу проблемасын ар тараптан чечүү. Бул жерде компетенттүү мамиле жасоо деген жобо дене тарбия мугалимдеринин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууда биринчи орунда болушу абзел. Компетенттүү мамилени изилдешкен

окумуштуулар: А.Н. Дахин, Э.Ф.Зеер, О.Е.Лебедев, Э.Мамбетакунов, В.В.Грачев, ж.б. [54]; [65]; [94]; [102]; [47].

Компетенттүү мамиленин негизинде дене тарбия багытындагы мугалим тогуз коргоол боюнча окутуп үйрөтүү аркылуу кесиптик компетентүүлүккө да ээ болушу керек.

Ал эми Аристотель мугалимдин инсан катары калыптанышында илимдин ролун биринчи орунга койгон [83]. Анын ою боюнча мугалим өз кесибин сүйгөн кесипкөй болушу абзел деп эсептеген. Аристотелдин айтымы боюнча мугалим өз билиминин деңгээлин биринчи орунга коюшу керек, андан кийин инсандык турмуштан алынган тажрыйба аркылуу, балдарды окута жана үйрөтө алган мугалим–чебер болушу керек деген. Ошондуктан: ал “Билимдүүлүктүн белгиси- окута алуу, тажрыйбага таянып окута билүү”- деген ураанды айткан [83].

Кайра жаралуу доорунда мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүнүн калыптануу маселелери каралган. Мына ушул кайра жаралуу доорунда эркин, ар тараптан өнүккөн, башкача айтканда, универсалдуу инсандын образы түзүлө баштайт (Ф. Рабле, М. Монтень). Айкөл, жаратуучу, көз каранды эмес, өзгөчөлөнгөн ою бар, ар бир окуучуга бөтөнчө таасирин тийгизе алган мугалимди калыптандыруу идеясы пайда болгон десек жаңылышпайбыз [83].

Ал эми жаңы доордун XVII кылымда мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүнө көп комплекстүү талаптар коюла баштаган. Ушул мезгилдин окумуштуулары (Д. Дидро, Я. А. Коменский ж.б.) жаштарды тарбиялап жаткан мугалим өз дооруна жараша окутуунун жана тарбиялоонун чеберчилигинин негиздерин билиши керек деп белгилешкен, алар өзүнүн дооруна жараша мугалимдин кесипкөй моделин түзүшкөн. Алардын ою боюнча мугалим жаштардын билимге болгон умтулуусун өстүрүүгө даяр, эмгекчил, эмгекти сүйгөн өз тилин, элин кадырлаган адам болушу керек деп белгилеп кетишкен [83].

Мына ушуга окшогон көз караштарды орустун демократ революционерлери жана педагогдору, башкача айтканда, совет доорунун

педагогдору (XIX-кылымдагы) В.Т. Белинский, А.И. Герцен, Н.Т. Чернышевский, К.Д. Ушинский жана башкалар да айтып келишкен. Мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу идеясын Л.Н. Толстой, А.С. Макаренко да колдошкон. Ал эми А.С. Макаренко: "Эң бир татаал өсүп-өнүгүүдө жүргөн илим - педагогикалык техника" - деп атаган [84].

60-90-жылдары педагогика чөйрөсүндөгү окумуштуулар: Н.В. Кузьмина [90], А.К.Маркова [105], Н.Ф. Талызина [146], Н.Н Хан [152], Н.Д. Хмель [155], И. Щербаков [165] ж.б. болочок мугалимдин кесиптик даярдыгын ар тараптан кеңири изилдешкен. Алардын айрымдары (М. И. Еникеев, М.А. Кудайкулов, Н.Н Хан, Н.Д. Хмель) мугалимдин даярдыгын окуучулардын таанып-билүүсү, окуу ишмердүүлүгү, мугалимдин педагогикалык процесстеги орду менен байланыштырып изилдешкен [152]; [155].

XX кылымдын 80-90 – жылдарынан баштап болочок мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгү жөнүндө кеңири айтыла башталды. "Компетенттүүлүк" (латын тилинен competentia, compete - биргелешип жетишебиз, дал келүүчүлүк) ал эми сөздүктөрдө "билимге ээ болуу, бир нерсе жөнүндө ой жүгүртүүгө жөндүү, толук укуктуу дегенди түшүндүрөт". [26]. Кээ бир сөздүктөрдө төмөндөгүдөй түшүндүрмөлөрдү жолуктурабыз Мисалы; "суроолордун түрмөгү", "кубулуштардын кандайдыр бир топтому инсанга тиешелүү" деп түшүндүрүлүп келген. Инсанга жүктөлгөн оор "жүк" катары да белгиленгендер бар [102]; [118]; [128]. Бир сөз менен айтканда, латын тилинен алынган competents – деген сөз "билерман, кадыр-барктуу, толук укуктуу, жөндөмдүү, кабардар" деген түшүнүктү белгилейт[112].

XXI кылымдын окумуштуулары: Н.А. Асипова, А.Т. Абдрахманов, В.В. Грачев, К.Д. Добаев, Н.Дюшеева, Э.М. Мамбетакунов, А.К. Наркозиев А.С. Раимкулова, В.С. Сенашко, В.А Слободчиков, Т.С. Сияев, М. Холстед, А.В. Хуторской, В.Д. Шадриков ж.б. [22]; [5]; [47]; [56]; [102]; [109]; [127]; [136]; [141]; [138]; [156]; [158]; [160] кесиптик компетенттүүлүк (компетенциялары), компетенттүү мамиле деген терминдерди актуалдуулугун кеңири ача

баштады, болгондо да азыркы мезгилдин психологиялык, педагогикалык контекстинде.

Окутуунун методикасында “компетенция” деген термин биринчи жолу 1965-жылы Н. Холеский тарабынан пайдаланылган [142]. Бул термин башталгыч этабында жөндөмдүүлүк, тилдин артыкчылыгын белгилөөдө пайдаланып, тагыраак айтканда, колдонулуп келген.

Азыркы мезгилде компетенттүүлүк мамиле, кесиптик компетенттүүлүк жана алардын маңызы жөнүндө көптөгөн маселелер козголуп, ой пикирлер айтылып келүүдө. Бул мезгилдин талабы деп эсептейбиз.

Болочок мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгү жана анын түзүлүшүн түзгөн компетенциялар азыркы мезгилдеги чет өлкөлүк окумуштууларды да кызыктырат: R. L. Oxford, G. Yule, E. Tarone, M. Холстедж.б. [156]. Алдыңкы өнүккөн өлкөлөрдө да изилдөөлөр жүрүүдө, мисалы: АКШ, Германия, Франция мугалимдин компетенттүүлүгүнө ар тараптуу басым жасалып, ар тараптан компетенттүү мамиле изилденип, анын социалдык баалуулугу да жогору коюлган [113]; [172]. Англиялык окумуштуу Дж. Равендин [125] сунуштарын колдонуп, “компетенттүү мугалим” моделин иштелип чыккандар бар: Н.А. Разина[126]; О.В. Романова [130]; Е.Ю. Рубинштейн [132], Н.В. Соснин [144] ж.б. Аталган изилдөөлөрдө компетенциялар өзгөчө психологиялык сапаттар катары таанылган жана мугалимдин компетенттүүлүгүнө коюлуучу талап катары тартиптүүлүк, өз алдынчалык, коммуникативдүүлүк, өнүгүүгө өзүнчө умтулгандык жана башка сапаттар каралган. Мындан жыйынтык чыгаруу менен бирге, өзүн-өзү ар тараптан өнүктүрүү-өстүрүү бул мугалимдин стилине таандык көрүнүштөр деп эсептейбиз.

Кесиптик компетенттүүлүккө орус педагогдору, окумуштуулары көп көңүл бөлүшүп, изилдеп иштешүүдө. Төмөндөгү окумуштуу– педагогдорду атай кетсек: И.А. Зимняя [66], М.Н. Карапетова [75], А.К. Маркова [105], С.А.Панина [117], Г.К Селевко [134], А.В. Хуторской [158], В.Д. Шадриков [160], Н.В. Шестап[162] жана башкалары бул маселеге чоң көңүл бурушуп

карашкан. Мисалы; окумуштуу Г.К Селевко педагогикалык компетенттүүлүктүн классификациясын иштеп чыккан [134].

Жогоруда аты аталган изилдөөчүлөрдүн көз-караштары ар башка болгону менен түпкү максаттары бир: кесиптик компетенттүүлүүктү калыптандыруу максаты.

А.К.Маркованын [105] айтымы боюнча кесиптик компетенттүүлүк өзүнө мугалимдин беш түрдүү ишмердүүлүгүн камтыйт:

1. Педагогикалык ишмердүүлүк.

2. Педагогикалык баарлашуу.

3. Педагог-инсан катары.

4. Окутулган деңгээли.

5.Тарбияланган деңгээли.

Ал эми А.И. Пискунов [120] кесиптик компетентүүлүктү калыптандырууда төмөндөгүдөй үч негизги багытты эске алууну сунуштаган. Анын айтымы боюнча мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүн үч багыттын негизинде калыптандыруу керектигин белгилеген:

а) фундаменталдык билим: философия, психология, педагогика, методика илимдеринин негизинде;

б) технологиялык билим: окуу, сабактан тышкары окуулар аркылуу;

в) педагогикалык ыкмалар, технологиялар колдонуунун негизинде.

Ал эми Е.В. Доманский [57] болочок мугалимдерди даярдоодо рефлексивдүү окутууну сунуштаган.

Айрым окумуштуулар Т.Г Браже [38] И.Б. Бекбоев [29] педагогикалык ишмердүүлүктүн негизинде ишке аша турган инсандык багыты белгиленген.

1922-жылы “Дене тарбия жана спорттук кружоктордун эрежеси” бекитилген. Анда спорттук иш чараларды уюштуруу жана өткөрүүдөгү жаңы эрежелердин жолдору(ыкмасы) жана методу иштелип чыккан.

Кыргызстан өзүнүн спорттук улуттук түрлөрүнүн дене тарбия көнүгүүлөрүн киргизүүнү көздөгөн, 1927-жылы дене тарбиячылардын Бүткүл Союздук Совети улуттук спорттук оюндардын түрлөрүн, эрежелерин

өнүктүрүүнү  жана аларды өткөрүүнү колдоого алган. Ошого байланыштуу атайын дене тарбия маданиятынын совети түзүлгөн. Улуттук спорт оюндарынын түрлөрүнө спорттук мелдештин эрежелери киргизилгендигине байланыштуу  спортчулар көбөйүп, мелдештин эрежелери  жакшырган [108].

1928-жылдын 5-майында  Кыргыз АССРинин  саламаттыкты сактоо Элдик комиссариатынын алдындагы дене тарбия маданиятынын  Бюросунун атайын кеңешмесинде кыргыз улуттук спорт оюндарынын түрлөрүн, мелдештин эрежелерин үйрөнүү жана жайылтуу  маселеси талкууланган. Мелдештин эрежелерине ылайык уруксат  берилген жана уруксат берилбеген улуттук  спорт оюндары аныкталган [101,75].

2003-жылы “Кыргыз улуттук спорт түрлөрү жана оюндары жөнүндө” КР мыйзамы кабыл алынган.

Мына ушунун бардыгы кыргыз улуттук спорттук оюндардын  анын ичинде спорттук  кыргыз тогуз коргоол оюнунун мелдештери эрежелерин өнүктүрүүгө  милдеттендирет. Улуттук  дене тарбия жана спорт  маданияттын ажырагыс бөлүгү катары  өнүгүүнүн заманбап  этабында бир катар кыйынчылыктарга дуушар болгон, бөлүп айтканда, квалификациялуу адистердин жетишсиздиги мисал боло алат. Эл аралык мелдештерди өткөрүүнүн тажрыйбасы көрсөткөндөй, биздин өлкөбүз  кесиптик компетенттүүлүккө, оргиналдуу идеяларга бай адамдарга, спорттук калыстарга муктаждыгы байкалган. Алдыңкы практикалык тажрыйбалуу, илим-билимдүү адистерге, эл аралык талаптардын деңгээлине жооп берген кесипкөй муктаждык келип чыккан.

Байыркы убактарда спорттук мелдеш индивидумдун (спорттук атаандаштык)  айлана-чөйрөгө  карап кандайча көнгөндүгүн анын даярдыгын аныктоодогу  натыйжалуу каражат жана туура чечим  катары каралган. Атаандаштардын  ийгилигин жана жетишкендигин калыс баалоо үчүн спорт калыстары катары аксакалдар чакырылган.Дене тарбия көнүгүүлөрүнүн (спорттун) тарбиялык кызматы анын эл арасында жайылышына түрткү берген.

Дене тарбия көнүгүүлөрү жаштар арасында натыйжалуу жана керектүү даярдык катары коомдук ар кандай иштерге (өлкөнү баскынчылардан коргоодо, кара жумушка, эмгекке үйрөтүүдө, катаал климаттык шарттарга көнүүгө, жашоо ордун алмаштырганда ж.б) даяр болууга жардамдашкан. Ошентип, бара-бара спорттук мелдештердин эл алдында өткөрүлгөн түрлөрү пайда боло баштаган. Алар: ат чабыш, жаа аттуу, найза аттуу, ар кандай аралыкка чуркоо, тогуз коргоол, жөө күрөш жана ат үстүндө күрөш жана башкалар.

М.И. Сентизованын "Болочок мугалимдерди ден ссоолукту сактоочк ишмердүүлүккө даярдоону ппедагогикалык камсыздоо" деген темадагы илимий изилдөөс ундөгү негизги маселелрден болуп болочок мугалимдерди ден соолукту сактоочу ишмердүүлүккө даярдоону ппедагогикалык жактан камсыздоо; дене тарбия каражаттары аркылуу калыптандыруу болуп санат. (2008).

К.Тихонованын [153] изилдөөсүндө студенттерде дене тарбиясы менен өз алдынча машыгууга даярдык интеллектуалдуу жана ишмердүүлүк компоненттеринин өнүгүшүнүн төмөн деңгээли менен көрүнөт. Бул студенттердин дене тарбиясы чөйрөсүндөгү начар билим, өз физикалык өнүгүшүн туюп–билүү көндүмүнүн алсыздыгы менен байланыштуу. Ишмердүүлүк компоненттин артта калышы сабак жана өз алдынча машыгууларда дене тарбиясын жүргүзүүнүн төмөн деңгээли менен жана көп тармактуу дене тарбиясынын физикалык даярдыктын өз баалоосунун жалпы дене тарбиялык даярдыктын жыйынтыгынын реалдуу абалы дал келбеши менен бекемделет. Студенттер өз физикалык өнүгүшүн жана өз организминин функционалдык мүмкүнчүлүктөрүн баалоодо адекваттуу багыт ала албайт, мында өзүн таанып билүү көндүмдөрүнө ээ эмес, дене тарбиясын өзү уюштуруу формасын, методдорун жана буга керектүү дене тарбия каражаттарын билишпейт.

Мында көпчүлүк студенттерде психологиялык компоненттин өнүгүү абалы өз алдынча дене тарбиясын жүргүзүү үчүн жетиштүү. Бул жөнүндө

студенттердин дене тарбиясынын мааниси жагдайында, адам турмушунда өзүн тарбиялоонун мааниси сабак учурунда эмоционалдык абалды жогорку баалоосунан кабар берет.

Автор студенттерде өз алдынча дене тарбиясы менен машыгууга даярдык калыптанды деп айтуу мүмкүн эмес деген жыйынтыкка келет.

А.Д.Айзаков [5] тарабынан төмөнкүлөр аныкталган:

– дене тарбиясы көпчүлүк студенттерде адис–педагогдун жалпы жана кесиптик маданияты түшүнүгү менен ассоциацияланбайт, жогору саналган позитивдүү баалуулуктар алкагына кирбейт;

– студенттердин дене тарбиясы жөнүндө билимдери төмөн;

– спорттук мелдештерди активдүү катышуучу же уюштуруунун ролунан көрө, көрүүчүнүн абалын ээлегенди жактырат;

– бул иш–чараларга катышуу мотиви болуп негизги баалуулук мазмундук багыттар эмес, зачетту автоматтык түрдө алуу, окутуучулардын талабы, милдеттүү сабакка барбай коюу мүмкүндүгү болуп саналат;

– студенттердин 68% бош убактарында спорт менен машыкпайт, 30% гана кээде эртең мененки зарядка жасашат, калгандары аны таптакыр жасашпайт. Муну менен катар студенттердин 84% дене тарбиясы менен машыгуу аларга кереги жок дешет.

Окумуштуулар жана педагогдор студенттердин дене тарбиясы жана спорт менен машыгуусунда активдүүлүгүнүн начардыгынын олуттуу себеби катары өз алдынча ДТИтү уюштуруу жана башкаруу үчүн жетишсиз билим деңгээлин көрсөтүшөт [49, 82, 153].

Жогоруда белгилегендерди жыйынтыктап айтканда, ар бир автордун сунуштары баары келип мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу жолдору десек жаңылышпайбыз.

Жогорудагы А. К. Маркова [105] белгилеген беш аспектинин ичинде, биздин оюбуз боюнча, мугалимдин кесиптик жоопкерчилиги, жалпы адам сферасындагы мамилеси, билиминин сапаты, өз ичине камтышы шексиз. Болочок мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгү студент кезинде эле

жогорку окуу жайында окуп жаткан мезгилде калыптанышы зарыл. Болочок мугалим студент кезинде өз алдынча кесибине болгон мамилеси калыптандырышы керек.

Биринчиден, окуу процессиндеги убакыт бул өзгөчө көңүлдү жана мамилени талап кылган нерсе, себеби ченелүү убакытты пайдалануу, аны кайтара албайбыз, ошол себептен болочок мугалим убакытты так жана үнөмдүү пайдаланышы, убакытты туура бөлүштүрө билүүсү өтө керектүү компетенция. Экинчиден, окутуу процессине тийиштүү жаңы технологияларды жана ыкмаларды колдонуу компетенциялары. Салттуу эмес окутуу технология аркылуу болочок мугалим 45 минуттун ичинде абдан активдүү методдору, ыкмаларды колдоно билиши зарыл. Ушуга байланыштуу болочок мугалим салттуу эмес методикаларды билип, жаңы технология аркылуу көп окутуу процессинде колодоно турган компетенцияларына ээ болушу керек.

Өлкөбүздөгү болгон эбегейсиз коомдук-социалдык өзгөрүүлөр окутуу процессине жаңылануууларды алып келди. Жаңыча окутуу проблемасы, болочок мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууда көптөгөн компетенцияларга ээ кылат: салыштырып үйрөтүү, интерактивдүү ыкмаларды колдонуу, толеранттуу болуу, болочок мугалим окуп үйрөнүп жаткан жашоо, турмуш менен байланыштырып керектөө, аны социалдыктурмушта колдоно билүү ж.б.у.с. Бүгүнкү күндө жалпы билим берүү системасында болочок мугалимдерди кесиптик жактан даярдоодо жооптуу чоң милдеттер коюлууда. Себеби жаңы өсүп, калыптанып келе жаткан муунга терең билим берүү жана аларды социалдык турмуш шартына үйрөтүү болочок мугалимдин бирден-бир кесиби жактан негизги милдети болуп келүүдө. Андан тышкары болочок мугалим өзүнүн жана окутуп жаткан окуучуларынын курчап турган маданияттын көп түрдүүлүгүн кабылдашы керек. Башка элдердин маданияттык өзгөчөлүктөрүнө көңүл буруп, айланадагы элдердин позициясын эске алып жаш муунду тарбиялай алуу компетенцияга ээ болушу керек.

Болочок мугалим калыптанып келе жаткан жаштарды чыдамкайлыкка, достукка, токтоо жана эстүү болууга, башкача айтканда, адамгерчиликтин бийик касиеттерине ээ кылып тарбиялай билүү компетенциясын кесиптик компетенттүүлүктү калыптандыруу процессинде ишке ашыруу керектигин айтмакчыбыз.

Байыркы кыргыздарда атаандаштыкты жана жекеме-жеке күрөштү бир уруунун арасындагы келишпестиктерди күч менен чечкенге колдонгон. Ошол кездеги уруулар бири-бири менен атаандашып, жарышып, мелдешип турушу коомдук өнүгүүнүн коргоо жана коргоонун тарыхый бир этабы катары болгон.

Алгачкы убакта оюндардагы атаандаштык жана жарышуу адамдардын өз ара келишпес мамилелерин оң тарапка чечүүчү каражат болгон. Кийинчерээк оюндардын мындан башка социалдык-коомдук кызматтары (функциясы) байкалган, алардын ичинен укмуштуудай оюн, тарбиялык мааниси жана тынчтыкты сактоо вазыйпасы болгон.

Укмуштуудай оюндун функциясы күрөш жараяны менен коштолгон, анткени ал адамдарды бириктирүүдөгү, достоштуруудагы, ынтымакка чакыруудагы социалдык муктаждыктын бири болгон. Социалдык көз караштан алганда, мындай муктаждыкты өзүн-өзү таануу, өзүн-өзү көрсөтүү, өзүнө-өзү ишенүү же айлана-тегерегиндеги адамдардын баалоо муктаждыгы деп түшүнсө болот. Так ошол муктаждык мелдеш учурундагы көрөрмандардын, күйөрмандардын болушун шарттаган. Мелдештин жүрүшүндөгү эмоционалдык абалдар, мелдештин кайталангыстыгы, жыйынтыктын күтүлбөстүгү көрүүчүлөрдү өзүнө тарткан күч болгон [93,131].

Эмоция менен талашып-тартышуунун, келишпестиктин жана тартипсиздиктин себеби болгон. Тартипсиздикти жөнгө салуу максатында мелдештин эрежелерин сактоого, талаш-тартыштуу маселени калыс чечиш үчүн тажрыйбалуу адамдар, айыл аксакалдары , билермандар чакырылган.

Улуттук спорт оюндарынын туура өнүгүшүндөгү эң маанилүү себептеринин бири “Дене тарбия маданияты” сабагын жалпы окутуу

тармагына киргизүү болуп саналат. Мектептердеги дене тарбия сабагы ден соолугу мыкты, күчтүү, чоң классты н балдары өзүнөн кичине, төмөнкү класстын балдарына кам көргөндү үйрөткөн [9].

Элдик оюндар жана мелдештерди уюштуруу менен бирге жаштарга илим-билим, шыкты үйрөтөт. Спорт менен машыккан балдар өз чөйрөсүндөгү теңтуштарынын арасында лидерлик сапатка ээ болуп, тартипти сактап, ар намыстуу болушкан. Улуттук оюндар жана мелдештердин эрежелеринин негизинде кыймыл ишмердүүлүгүнүнө үйрөткөн, ал эми калыстыктын эрежеси тарбияга жана билимге үйрөткөн.

Кыргызстандын бардык эле аймактарында бирдей билим алууга шарттар жоктугун биз айта кетишибиз керек. Биздин өлкөнүн тоолуу аймактарында көп проблемалар чечилиши керек: балдарды толук мектепке алып баруу, интернет менен камсыз кылуу, компетенттүүлүк менен жаңы технологияларды колдонуу маселелери да чечилиши керек. Жада калса, айрым мектептерде жөнөкөй окуу куралдары да жетишсиз экендигин моюнга алышыбыз керек. Мына ушундай шарттарда болочок дене тарбия мугалимде кандай компетенциялар талапка жооп бериши керек деген суроону да чече билишибиз керек. Бул жерден аталган кырдалга жараша айта кетишибиз керек: бүгүнкү студент-эртенки мугалим, биринчиден, демилгелүү, чыдамкай болуп, оор кырдаалдан чыгуу ж.б.у.с. компетенцяларга ээ болушу керек.

Жыйынтыктап айтканда, бүгүнкү рынок экономикасынын алкагында билим берүү системасы да башынан оор мезгилдерди өткөрүүдө. «Билим берүү» жөнүндөгү мыйзамы жана ЖОЖ догу мамлекеттик стандарттары, анын стратегиялык өсүп-өнүгүү багыты өзүнүн астына жаңы багыттарды коюуда. Дүйнөлүк тажрыйбаны эске алуу менен бирге, билим берүү системасында жаңы багытта кадамдар ташталып жатат. Улуттук спорттук оюндардын баалуулугун бүткүл адамзатка таанытты. Негизинде дүйнөлүк спорт коомчулугунун өкүлдөрүнө ата - тегинин белгилүүлүгү же билим-илим алуусунун кыйынчылыгына карабай эле, дүйнө элитасына кирген өлкө башчылар, саясатчылар, идеологдор, экономисттердин катарына оңой эле

кирүү мүмкүнчүлүгү түзүлдү. Спортчу жана анын уникалдуу адептүү, эрктик, дене тарбиялык, техникалык-тактикалык жөндөмдөрүн ачып-таап ошол мүмкүнчүлүктөрдү туура пайдаланып, мыкты усулдарга үйрөткөн окутуучу-машыктыруучу экөө элге бат таанылып кетет.

### 1.2. Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык абалы

XXI кылымда Дүйнөлүк жана Европалык стандарттарга ылайык билим берүү- мезгилдин талабы катары эске алынып, илим менен техниканын өсүп өнүккөндүгүнө чоң маани берилип, болочок дене тарбия мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу проблемасына азыркы заманда өзгөчө көңүл бурулууда.

Объективдүү жана субъективдүү себептердин натыйжасында азыркы мезгилдин айрым мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүгүн талкуулоого алганда бир нече мүчүлүштүктөр учурабай койбойт. Мисалы: айрым мугалимдер мектептик окуу программаларын жакшы билип, туура багыт алып колдоно алышпайт, окутуу процессинин маңызын анча түшүнө алышпайт, педагогикалык ишмердүүлүккө чыгармачыл мамиле жасоо компетенциялары калыптанбай, коммуникативдүүлүгү, өсүп өнүкпөгөндүгү, фонетикалык жактан сүйлөө сөзү жетишерлик жасалбагандыгы байкалат ж.б. ушу сыяктуу кемчиликтери бар экенин айта кетишибиз керек.

Эл ичинде спорттук оюну “тогуз коргоол” деп аташат. Тогуз коргоол спорттун бир дагы түрү ушундай жалпы элдик таанымга татыктуу тогуз коргоол оюну кыргыз элинин маданиятынын бир бөлүгү болуп келген. Тогуз коргоол оюнунун сак, гун, усундар доорунан бери 3 миң жылдык тарыхы бар. Тогуз коргоол байыркы көчмөндөрдүн жашоого, айлана-чөйрөгө болгон көз-карашынан улам келип чыккан.

Тогуз коргоол оюну бүткүл дүйнөгө белгилүү болгон оюндарынын катарына кирет. Кыргызстандын тышкары Казакстанда “Тогуз кумалак” жана

Туркияда “Dokuz kumalak” башка деген ат менен белгилүү. Тогуз коргоол оюну Орто Азия өлкөлөрүнөн түндүк-чыгыш Афганистанда, Орусссияда (Алтай, Карачай-Черкесия, Хакасия, Якутия, Татарстан жана Тува), батыш Монголияда жана түндүк-батыш Кытайда ойнолот.

Тогуз коргоол оюнунун - спортту тогуз коргоол оюнунун өзүнө эң мыкты касиетти жана сапаттарды камтыган: эмоционалдуулук, атаандашын сыйлоо, толерантуулук, жогорку көрүүчүлүк, жеткиликтүүлүк, техникалык-тактикалык кыймылындагы ар түрдүүлүк жана прикладдык өзгөчөлүккө ээ.

Болочок мугалимдин негизги милдети болуп, өзүнүн мугалимдик жарамдуулугун сапаттуу жана максаттуу иш жүзүнө ашырышы керек деп ойлойбуз. Азыркы замандын талабынын негизинде болочок мугалим иш жүзүндө билүү менен бирге жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу аркылуу монолог түзүп, аны педагогикалык процессте колдоно билиши керек. Бул талаптын негизинде көп компетенциялар жатарын орус окумуштуусу О.А.Донских белгилеген, анын айтымы боюнча: “Азыркы студент, болочокто сапаттуу адис катары окуганын жалпылап, командада иш алып барып, оозеки жана жазуу түрүндө сүйлөй турган компетенцияларга ээ болуп, болочоктогу кесиптик милдеттерге кызыгуусун арттырышы керек” - деп белгилелеп кеткен [58, 36-б]. Бул иш аракет кесиптик компетенттүүлүктү калыптандыруунун бир түрү болуп кала бермекчи.

Дене тарбиянын теориясы жана методикасында дене тарбияны адамды физикалык жакшыртууга багытталган атайын каражаттарды, методдорду жана шарттарды түзүү жана рационалдуу колдонуу боюнча коомдук жетишкендиктеринин жыйындысы катары кароо кабылданган [108, 150] .

В.И. Лях жана Г.Б. Мейксон дене тарбиясында социалдык ишмердүүлүктүн бир чөйрөсү катары, объективдүү түрдө баалуулуктун бардык негизги тиешелүү керектөөлөрдү канааттандырууга байланышкан материалдык жана руханий түрлөрү сунушталарын белгилейт [97].

Л.П. Матвеев “дене тарбиясынын манызы эн негизгиси биз, адамдар, колдонгон турмуштук баалуу ыкмалар жана жыйынтыктарды өзү жеке

кыймылдуу мүмкүнчүлуктөрдү камтыйт: табияттан алынган өз сапаттарыбызды, жөндөмдөрүбуздү “кайра жаратуу” үчүн жумшай турганын белгилейт [106, 32 б.].

Экинчи көз карашты жактоочулар маданитяттын башка жагына көңүл бурушат, анда маданият чыгармачыл жаратман ишмердүүлүк катары саналат, анын процессинде мурда курулган баалуулуктар предметтелет, жаңылары түзүлөт. Алардын пикири боюнча маданияттык өнүгүү процесси адам бир эле убакта маданиятты түзөт жана жаратат, анда өз маңыздуу күчтөрүн предметтештирет, мурунку маданиятты өздөштүрүү менен өзүн коомдук жандык катары калыптандырат (ишмердүүлүк мамилеси).

Ю.М. Николаев “дене тарбиясы” түшүнүгүн жалпы маданияттын түрү (подсистемасы), коомдогу милдеттерин чечүү менен байланышкан адамдын физикалык өнүгүүсү чөйрөсүндө аны руханий жана физикалык жөндөмүн ишке ашыруу боюнча баалуулуктарды өздөштүрүү диалектикалык өз ара байланышкан жактарын – жыйынтыктуу жана ишмердик  чагылдырат.

Ошондуктан үчүнчү көз карашты жактоочулардын пикири чындыкка жакын, алар маданиятты бир эле убакта инсан ишмердүүлүгүнүн жана коомдун сапаттык мазмуну жагдайында жана процесстин жыйынтыгы катарында карашат.

Философияда маданият адам ишмердүүлүгүнүн коомдук иштелип чыккан табиятты, адамды, социумду кайра жаратууга багытталган жана материалдык–коомдук, логикалык түшүнүктүк, белги–символдук, баалуулук багыттуулук каражаттарда башыкталган ыгы катары карашат  [65].

В.М. Выдрин, Б.П. Зыков, А.В. Лотоненко [48] дене тарбиясы деп социалдык милдеттерди аткаруу үчун физикалык өркүндөөнүн адам ишмердүүлүгүнүн спецификалык процессин жана жыйынтыгын, каражат жана ыгын түшүнүшөт.

Энцикплопедиялык сөздүктө дене тарбиясы “... адамдын физикалык жөндөмүн өнүктүрүүгө, ден соолугун чыңдоого багытталган социалдык ишмердүүлүктүн чөйрөсүнүн бири” катары чечмеленет [149, 342 б.].

Б.Э.Дуйшоев [58] да дене тарбиясынын ишмердүүлүк жагын бөлүп көрсөтөт, кыймылдык билгичтиктерди жана көндүмдөрдү калыптандырууга багытталган спецификалуу ишмердүүүлүк, адамдын физикалык концепциясын көтөрүү, ден соолукту сактоо жана чыңдоо, инсанды гармониялуу өнүктүрүү катары түшүнөт.

Жогорку педагогикалык окуу жайларында мугалимдик кесипке даярдоодо социалдык шарттарын эске алуу зарылдыгын көп окумуштуулар белгилешкен: Н.А. Асипова [21], О.А. Донских [58], Н.К. Дюшеева [61], В.А. Сластенин, Л.С. Подымова [139], Е. Г. Тарева [147] ж.б. Бул жерде биз белгилеп кетишибиз керек, бул иш карама-каршылыктардын ачылышында өсүп бара жаткандыгы менен айырмаланып жатат: мамлекеттик социалдык талап болочок мугалимди кесиптик даярдыгын компетентүү мамиленин негизинде камсыз кылуу. Алардын педагогикалык билим алуу көрсөткүчтөрү да өтө эле төмөн болуп, өсүп өнүгүүшүнө терс таасирин берерин да өкүнүү менен белгилешебиз керек.

А.Мамытов [102] жаштардын дене тарбиясы жана спорт теориясы жөнүндөгү аң–сезимин, түшүнүктөрүн кайра баштоону ден соолуктун жана дене тарбия баалуулуктары, интеллектуалдуу, психологиялык жана моралдык баалуулуктары сыяктуу таанылгандай багытка бурууну зарыл деп эсептейт.

Болочок мугалим психология илиминин мыйзам ченемдүүлүктөрүн жакшы өздөштүрүшү керек. Аталган илимден алган компетенциялар болочок мугалимдин кесипке даярдануусу чоң мааниге ээ. Үйрөнүү, билүү компетенциясы болочок мугалимдин өнүгүүсүнө, үйрөнүп жаткан кесибинин өнүгүүсүнө өбөлгө түзмөкчү. Негизинен педагогикалык кесипке даярдоо процесси болочок мугалимден психологиялык-педагогикалык илимдердин негиздерин билүүнү талап кылат. Ошону менен бирге бүгүнкү студент, эртеңки мугалим, инсан катары да бир нече милдеттерди аткарууга даяр болушу керек:

1. Коммуникативдүүлүк милдет - ар бир адам менен бири-бири менен ой бөлүшүү, баарлашуу аркылуу коммуникация түзүү.

2. Когнитивдик милдет, бул милдет үйрөнүп– билүүчүлүктүү талап кылат.

3. Маалымат- кабарлоочу милдет б.а. аалам жөнүндө маалыматты алуу.

Жогоруда аталган милдеттерди аткаруу үчүн болочок мугалим сөзсүз түрдө жогоруда аталган мидеттердин психологиялык-педагогикалык негиздерин билиши керек.

Педагогика багытында окуган студенттер өзүнүн психологиялык-педагогикалык даярдыгына да көңүлдөрүн бурушу зарыл. Биз бул багытта болочок мугалимдин компетенттүүлүгүнүн маңызын анализдөөдө эки бөлүкө бөлүп карасак болот. Алар төмөнкүчө:

1. Педагогика жана психология жөнүндөгү билим компетенциялары.

2. Психология, педагогика, кибернетика ж.б. заманбап илимдер аркылуу педагогикалык ишмердүүлүк жөнүндөгү билим компетенциялары.

Аталган компетенциялар өзүнчө эки бөлүк болуп бөлүнгөнү менен бири-бири менен ажырагыс байланышта. Бири-бирисиз өнүгө алышпайт. бирин-бири толуктап турат десек жаңылышпайбыз.

Бири-бирине ажырагыс карым-катнаштын негизинде мугалимдин коммуникативдик ишмердүүлүгү ишке ашат жана анын 3 аспектиси бар: үйрөтүүчү, тарбиялоочу жана өнүктүрүүчү. Болочок мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу процессинде жогорудагы аспекттерге өзгөчө маани берилиши керек. Негизинен болочок мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууда төмөнкү компетенцияларынын таасирлери педагогикалык мүнөзгө ээ экендигин белгилей кетишибиз зарыл: болочок кесибине, ишине болгон чыгармачылык мамиле жасоо, кесиптик ишмердүүлүктү алып барууда изилденүүчү багытты колдонуу компетенциясы, өз алдынча өсүп өнүгүүгө маани берүү жана демилгелүү болуу компетенциялары ж.б.у.с. Кесиптик компетенттүүлүк предметтен тышкаркы мүнөзгө ээ болгондуктан, ал өзүнө ден соолугун камсыз кылуучу, эмоционалдык(психологиялык) ден соолугун камсыз кылуучу, социалдык ден соолугун камсыз кылуучу, кыймылдуу кесиптик компетенттүүлүктөрдүн

интегралдуу жыйындысын камтып, дене тарбия мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүнүн өзөгүн түзөт.

Ар бир инсандын **ден соолугун камсыз кылуучу компетенттүүлүк** – организмдин органдарынын жана системаларынын нормалдуу иштеши максатында окуучунун дене тарбия сабактарында алган адистештирилген билимдердин, жөндөмдөрдүн жана көндүмдөрдүн негиздерин өз алдынча колдонууга жөндөмдүүлүгү. Физикалык ден-соолук ар кандай мүнөздөгү физикалык иш-аракеттерди жасоого организмдин дене тарбиясынын өнүгүү деңгээли жана дене тарбия (өзгөчө) даярдыгы менен мүнөздөлгөн организмдин абалы. Болочок дене тарбия мугалимдердин ден соолугунун критерийлери болуп белгиленген ченемдерди жана талаптарды аткарууда көрсөтүлүүчү салмак-өсүү көрсөткүчтөрү, тулку-боюнун мүнөздөмөсү, күч, ылдамдык, туруктуулук, шамдагайлык жана ийкемдүүлүк көрсөткүчтөрү эсептелет. Болочок дене тарбия мугалимдердин ден-соолугунун жалпыланган критерийлери-бул дене түзүлүшүндөгү оорулардын жана кемчиликтердин жоктугу. Дене түзүлүшүндөгү кемчиликтердин жоктугунун белгилери-арткы абалы (ал түз), туура басуу, ишенимдүү кыймыл, таза тери жана жүзүндөгү жылмаюу.

Болочок дене тарбия мугалимдердин **эмоционалдык (психологиялык) ден соолугун камсыз кылуучу компетенттүүлүк** – дене тарбия сабактарында алган билимдеринин, жөндөмдөрүнүн жана көндүмдөрүнүн негиздерин өзүнүн психологиялык жакшы абалына жетишүү максатында колдонууга жөндөмдүүлүгү. Психологиялык жыргалчылык студенттердин өзүн-өзү сезүү сезими, дене тарбия процессинде орун алган социалдык мамилелердин сапаты, ошондой эле өзүнүн эмоцияларын башкара билүү, анын ичинде кыйынчылыктар менен күрөшүү жөндөмү менен камсыздалат. Болочок дене тарбия мугалимдердин **социалдык ден соолугун камсыз кылуучу компетенттүүлүк** –дене тарбия сабактарында алган билимдеринин, жөндөмдөрүнүн жана көндүмдөрүнүн негиздерин социум менен тийиштүү тыгыз байланыш түзүү максатында колдонууга жөндөмдүүлүгү. Социалдык

ден соолук инсандын адеп-ахлагынын баалуулугуна негизделет жана анын калыптануу деңгээли студенттин социалдык чөйрөнүн шарттарына ылайыкташуу жөндөмүнө жараша болот. Социалдык ден соолуктун критерийлери болуп окуучунун жүрүм-туруму, анын социалдык активдүүлүгү, командада өз ара аракеттенүү жөндөмдүүлүгү, өз иш аракеттери үчүн жоопкерчилик тартууга даярдыгы, ошондой эле дене тарбия жана спорт баалуулуктарынын маанисин аңдап билүү саналат. **Кыймылдуу компетенттүүлүк** – негизги гимнастиканын элементтерин, ар кандай кыймылдуу оюндардын курамында чуркоо, секирүү, ыргытуу, көп секирүү жана акробатикалык көнүгүүлөрдүн техникасынын негиздерин, ошондой эле күчтү, ыкчамдыкты, шамдагайлыкты, ийкемдүүлүктү жана туруктуулукту өнүктүрүүчү көнүгүүлөрдү аткаруу көндүмдөрүнө ээ болуу жөндөмдүүлүгү кирет.

Дене тарбия сабактары маалыматтык, социалдык-коммуникативдик жана өзүн-өзү таануу жана көйгөйлөрдү чечүү компетенттүүлүгү сыяктуу негизги компетенттүүлүктү калыптандырууга көмөктөшөт.

**Маалыматтык компетенттүүлүк** – студент алган маалыматты өз ишмердүүлүгүн пландаштыруу жана ишке ашыруу үчүн пайдаланууга, жүйөлүү тыянак чыгарууга даярдыгын билдирет. Бул компетенттүүлүк критикалык маанидеги маалыматтын негизинде негизделген чечимдерди кабыл алууга мүмкүндүк берет.

**Социалдык-коммуникативдик компетенттүүлүк** – студенттин дене тарбия процессинде кабыл алынган чаралар менен калыптанат, алар өздөрүнүн умтулууларын башка студенттердин кызыкчылыктары менен байланыштырууга даярдыгын камсыз кылууга багытталган, өзүн "Кыргыз жараны" катары таануу менен көз караштардын ар түрдүүлүгүн таануунун жана башка студенттерге урмат-сый менен мамиле кылуунун негизинде өз көз карашын коргойт. Бул планда белгилүү бир жүрүм-турум эрежелерин сактоону талап кылган атаандаштык ишмердүүлүктү туура уюштуруу өзгөчө мааниге ээ, анын ичинде коопсуздук чараларын сактоо менен байланышкан,

топтун жана команданын, анын ичинде атаандаштар менен өз ара аракеттенүүсүнүн негиздерин үйрөтүү.

**Өзүн-өзү таануунун жана көйгөйлөрдү чечүүнүн компетенттүүлүгү** – студент дене тарбия процессинде кабыл алынган, өзүнүн потенциалдуу жана актуалдуу касиеттерин, инсандык жана жекече өзгөчөлүктөрүн, башка окуучулар менен болгон мамилесин билүүгө жөндөмдүүлүктү тарбиялоого багытталган чаралар менен калыптанат. Негизинен, мындай чаралар окуучунун жүрүм-турумун өзгөртүүгө, маалыматта, окууда жана турмуштук кырдаалдарда белгилүү бир көйгөйлөрдү жана карама-каршылыктарды табууга жана аларды өз алдынча же башка студенттер менен өз ара аракеттенүүдө чечүүнү пландаштырууга жардам берет. Компетенттүүлүктүн калыптануу деңгээлин аныктоо үчүн негиз болуп, окуучунун өз алдынчалуулук даражасы жана маселени чечүүдө ишмердүүлүктүн түрлөрүн колдонуунун татаалдыгы эсептелет. Окутуунун натыйжаларын пландаштырууда жана окуу жетишкендиктерин баалоодо эске алынуучу негизги компетенттүүлүктүн калыптанышынын үч деңгээли бар: - репродуктивдик, бул студенттин иш-аракетти аткаруунун берилген алгоритмин (үлгүлөрүн) аткара билүүсүн билдирет; - ишмердүлүүк, бул болочок ден тарбия мугалимдердин курамы боюнча жөнөкөй ишти жүзөгө ашырууга, иштин өздөштүрүлгөн алгоритмин жаңы кырдаалда колдонууга жөндөмдүүлүгүн билдирет; - креативдүү, бул окуп жаткандардын өз алдынча конструкциялоо жана негиздөө элементтери менен татаал курамдагы ишти жүзөгө ашырууга жөндөмдүүлүгүн билдирет. ЖОЖдогу билим берүүнүн баштапкы баскычында студенттердин жеке өзгөчөлүктөрүнө ылайык түзүлгөн билим берүү шарттарын эске алуу менен бардык деңгээлдеги компетенттүүлүккө ээ болууга керек.

Кыргызстан Болондук процесске киргенден баштап жогоруда аталган компетенциялардын мааниси актуалдуу болууда, анткени жалпы европалык документтерде (Lisbon European Council. Presidency Conclusions 2000)

маданияттуу инсанга багытталган билим берүү максатында аталган компетенциялардын топтому эл аралык мааниге ээ.

Кесиптик педагогикалык жөндөмдүүлүктөр – билим, жөндөм жана көндүмдөрдүн комплексине ээ болуу, талапка ылайык жекече касиеттердин же сапаттардын өнүгүүсүнө негизделген педагогикалык ишмердүүлүктү ийгиликтүү аткарууга негизделген.

Кесиптик жөндөмдүүлүктөр педагогикалык аракеттердин тездигинен, ыкмаларга ээ болуу жана колдонуунун тереңдиги, бекемдигинен көрүнөт.

Педагогикалык кесиптик жөндөмдүүлүктөрдү Н.В.Кузьминанын ою боюнча төмөнкүдөй классификациялаган; алар уюштуруучулук, коммуникативдик, гностикалык, долбоорлоочу, конструктивдик.

Педагог-окумуштуу М.И.Станкин көптөгөн изилдөөлөрдүн негизинде педагогикалык жөндөмдүүлүктүн түзүмүн сунуштаган, алар төмөнкү педагогикалык жөндөмдүүлүктөр:

1. Гностикалык (таанап билүүчүлүк) жөндөмдүүлүгү ой жүгүртүүнүн өсүшүнүн деңгээлинен көз каранды (маалыматты жана билимди иштетүү жөндөмдүүлүгү; окуучунун, спортчунун, команданын артта калуусунун себептерин табуу жана окуу процессине түзөтүүлөрдү киргизүү жөндөмү; өзүнүн жүрүм-турумун жана окуу-тарбиялык процессти бүтүндөй талдоо жөндөмү).
2. Уюштуруучулук жөндөмдүүлүгү ар кандай иш-чараны сапаттуу даярдоо жана өткөрүү жөндөмү, ар бири үчүн кызыктуу ишти тандоо жана жамаатта достук жагдай түзүү жөндөмү.

В.И.Станкин дене тарбия мугалиминин уюштуруучулук жөндөмүнүн үч категориясын өзүнчө бөлүп көрсөтөт:

- өтө маанилүү (боло турган сабактын максатын жана маселесин кабарлоо; жекече, курактык жана жыныстык өзгөчөлүктөрүн эске алуу; кыймылдык аракеттерди түшүндүрүү жана анын аткарылышын талдоо; коюлган тапшырмаларга жетүүнүн методдорун жана каражаттарын рационалдуу колдонуу; өзүнүн жүрүм-турумун көзөмөлдөө);

- орто маанилүүлөр (көнүгүүлөрдү көрсөтүү; командаларды жана буйрутмаларды берүү; стандарттык эмес акыбалга багытталуу; окуу жана окуудан сырткаркы иш процессине жардам берүү ж.б.)

- азыраак манилүүлөр (спорттук залда орунду рационалдуу тандоо; сабактын жыйынтыгын чыгаруу; кылынган иштер боюнча отчет берүү ж.б.

3. Конструктивдик жөндөмдүүлүктөр педагогикалык процессти божомолдоону, долбоорлоону жана түзүүнү, максаттардарды жана маселеллерди коюуну, окуу тарбиялык ишмердүүлүктү уюштуруу үчүн шарттарды натыйжалуу аныктоону камсыз кылат.

4. Алдын ала көрө билүү жөндөмү интуициянын жана элестетүүнүн өнүгүшү менен байланышкан. Бул сапаттар окутуунун жана тарбиялоонун максаттарын, келечегин аныктоонун кесиптик жөндөмүн өнүгүшүнө көмөкчү болот.

5. Коммуникативдик жөндөмдүүлүк окутуу жана тарбиялоо процессинде адамдар аралык жана ишкер баарлашууну камсыздайт. Алар өз ичине төмөнкүлөрдү камтыйт;

- мамилечилдик (тез байланыш куруу, баарлашуунун кырдаалын баамдоо жөндөму);

- эмпатия (башка эмоционалдык кошо катышу жана түшүнүү).

6. Эксперессивдик жөндөмдүүлүк – педагогдун сөздүн жана вербалдык эмес каражаттардын жардамы менен оюн образдуу жана ачык чагылдыруу жөндөмү (машыктыруучунун спортчунун жеңишке шыктандыруу, оор машыгуу режимин сактоо зарылдыгын, өз күчүнө ишенүү  үчүн ынандыруу жөндөмү).

7. Дидактикалык жөндөмдөр – спортчулардын жана окуучулардын ойлонуусун өстүрүү аркылуу сабактарда аларды аң-сезимдүүлүк жана өз алдынча иштөөгө көндүрүп чыгармачыл окутуу жөндөмү; бардык машыгуучулар үчүн материалды жеткиликтүү болгондой кылып берүү жөндөмү.

8. Перцептивдик жөндөмдүүлүктөр – окуучунун ички дүйнөсүнө сүңгүп кирүү мүмкүнчүлүгүн берүүчү адекваттуу кабыл алуу жөндөмү; педагогдун, окуучунун жана спортчунун психологиясын, окуу-машыгуу процессинин ар бир өзүнчө убактысында анын психологиялык абалын кабыл алуу жана түшүнүү жөндөмү.

9. Авторитардык жөндөмдүүлүктөр – окуучулар арасында тез убакытта авторитетке жетишүү, ээ болуу жана тарбиялануучуларга эрктик таасир этүү жөндөму.

Машыктыруучунун авторитети - спорттук ийгиликтерине, спорттук даңкына жараша негизделет. Авторитетке жетишүү кыйынчылык, бир топ эмгектенүү менен келет, ал эми аны жеңил эле жоготуп алышы мүмкүн. Авторитетти жоготунун себептери:

А) жумушундагы кемчиликтер;

Б) сабактагы кемчиликтер же команданын ийгиликсиздиги;

В) спортчунун өсүшүнө карата жасалган жаңылыш божомол;

Г) окуучуга карата орунсуз эскертүү же мамиле;

10. Мажордук жөндөмдүүлүктөр – педагогдун оптимизми жана юмору татаал чыр-чатактарды оңой алдын алууга жана жоюуга, өтө катуу чыңалууларды жокко чыгарууга, окуу-машыгуу процессин активдештирүүгө мүмкүндүк берет.

11. Психомотордук жөндөмдүүлүктөр – окуучу аткарган кыймылдын механизимине түшүнүү, алсыз учурларды табуу жана аларды күчтөндүрүү жөндөмү, спортчунун өздүк өзгөчөлүктөрүн эске алып жекече спорттук техниканы тандоо жөндөмүн камсыз кылат. Мындай жөндөмдөрдүн комплексине педагогдун төмөнкү жөндөмдөрү кирет:

-машыгуучулардын жаш курактык жана жекече өзгөчөлүктөрүн эске алып, көнүгүүлөрдү аткаруу техникасын талдоо;

- машыгуучу көнүгүүлөрдү ар кандай ылдамдыкта бөлүктөр боюнча көрсөтүү;

- имитациялык көнүгүүлөрдү тандоо.

12. Акыл токтотуу жана көңүл буруунy бөлүштүрүү жөндөмдүүлүгү (бардык окуу топторун, классты, секцияны көңүл борборунда кармоо жөндөмү). Тарбиялануучуларга байкоо жүргүзүүдө өзүнүн кебине, кыймыл жесттерине көзөмөлдү жоготпошу зарыл. Окуучуларды бир шаймандын коопсуздандыруу менен калган окуучуларды да көз кырынан чыгарбоо зарыл.

Андыктан спорттук педагогдун педагогикалык чеберчилигинин негизинде ишмердүүлүгүнө болгон жогорку талап бар. Ал эми педагогдун өздүгүн жана ишмердүүлүгүн педагогикалык чеберчилигинен бөлүп кароого болбойт, анткени "инсан гана өнүгүүгө жана өздүгүн аныктоого аракет жасай алат, мүнөз менен гана мүнөздү түзө алат".

Комуникативдүү компетенцияларды калыптандыруу проблемасы өткөн кылымдын экинчи жарымында каралган, бирок азыр болочок мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууда аталган компетенциянын мааниси зор.

Болочок дене тарбия мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууда анын жеке коммуникативдүү компетенциялары калыптанышы зарыл. Бул процесс ишке ашыш үчүн:

1. Студенттер болочок мугалим катары жаңы ыкмаларын билиши зарыл.

2. Жалпы кесиптик компетенттүүлүгүнүн практикалык жактарын жакшы үйрөнүүгө тийиш.

3. Кесиптик ишмердүүлүктү ишке ашырыш үчүн – оптималдуу мүнөздөгү билимдерге ээ болуп, окуучусунун инсан катары психологиялык жактан калыптанышын толук билиши керек.

4. Коллектив, группа жана жекеме жеке "Мугалим+студент" иштөө, карым- катнаш түзүү формаларын өздөштүрүшү зарыл.

Окутуу процессте педагогикалык ыкмаларды сабаттуу жана сапатуу пайдаланышы болочок мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууда өзгөчө маанилүү. Болочок мугалимди кесиптик жактан калыптандырууда азыркы коомго талаптанган адистин модели иштеп чыгууга шарт түзөт.

Жаңы коомго талаптарына жооп берген, бүгүнкү күндө керектелген адистин модели чагылдырсак: анын гумандуулугу эң жогору, патриот, маданияттуу, оор-басырыктуу, чыдамкай, башкаларга айкөл мамиле жасай билген, өз кесибин күнүгө жогорулатып, байытууга умтулуу керек. Болочок мугалимдин чынчылдыгы, тартиптүүлүгү башкаларга үлгү болушу абзел, ал өзүн-өзү тарбиялоого даяр, айлана-чөйрөгө оң таасирин тийгизген жаш муунду жакшы ауранны көздөгөн касиеттерге ээ болушу өтө маанилүү деп эсептейбиз.

Дене тарбия жана спорттук педагогиканын теориясы менен практикасында тогуз коргоол боюнча кесиптик ишмердүүлүгүнүн төмөнкү компоненттерине көңүл буруп кароо кабыл алынган: конструктивдүү, уюштуруучулук, коммуникативдик, гностикалык, кыймылдык (А.П.Ильин).

Бизде жана башка өлкөлөрдөгү (Оруссия, Казахстан ж.б.) билим берүү тармагындагы жүргүзүлүп жаткан реформалар көрсөткөндөй, болочок мугалимдин компетенттүүлүгүн жаңы технологиялар, ыкмалар аркылуу калыптандыруу процессинин теориялык, методологиялык жана практикалык негиздери иштелип чыгууда. Кыргызстанда бул проблеманы изилдеген окумуштуулар: Н.А. Асипова, А.М. Мамытов, К.Д. Дабаев, Э.М. Мамбетакунов, А.К. Маркова, А.К. Наркозиев, Е.Ш. Нусубалиева, А.С. Раимкулова, Т.М. Сияев, ж.б.[22]; [56]; [102]; [105]; [109]; [112]; [127]; [138].

Тогуз коргоол оюнунун кыргыз эли терең урматтап, чоң кызыгуу менен ойноп, өнүктүрүп келген, тилекке каршы түрдүү саясий көз караштардын таасири тийип, бир топ убакка чейин тогуз коргоол оюну жетишээрлик деңгээлде өнүкпөй калган. Акыркы жылдарда тогуз коргоол оюнунун абалы, өзгөчөлүктөрүн камтыган теориялык негиздери ачыктала баштаган жана атайын билимдин курамы түптөлүү жолуна түшкөн. Алардын өзөктүү жактары биздин изилдөөбүздө тийиштүү тартипке келтирилди.

Тогуз коргоол оюнун өздөштүрүүнүн теориялык негиздери жана методикалык мааниси ачыкталды. Тогуз коргоолду окутууда колдонуучу принциптердин саны, максаты, ишке ашыруу шарттары алгачкы ирет такталды жана тартипке келтирилди. Тогуз коргоол оюнунун тарбиялык мааниси ден соолукка жана негизги дене сапаттарына тийгизген таасири анализденди жана жалпы педагогикалык жана дене тарбияда колдонулуучу теориялык жоболордун негизинде мүнөздөлдү.

## 1.3. Мугалимдин педагогикалык чеберчилик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун теориялык модели.

Коомдун өсүп-өнүгүү динамикасы өзгөрүлүп, билим берүү саясатында жаңы инновациялык тенденциялар пайда болуп, педагогикалык жогорку окуу жайдын системасына педагогикалык кадрларды даярдоодо койгон азыркы учурдагы коомдун талабы: жогорку окуу жайда алган билимдерин ар түрдүү кырдаалда колдоно алган, өз алдынча ой жүгүртүп, жаңы коомдогу социалдык - экономикалык өзгөрүүлөргө жеке позициядан баа бере билген мугалим инсанды калыптандыруу болуп саналат.

Педагогикалык кесип бир эле учурда жаратуучу, жандандыруучу ошондой эле башкаруучу дагы болуп саналат. Ал эми өсүп келе жаткан инсандын өнүгүшүн башкаруу үчүн мугалим компетенттүү болушу зарыл. Ошондуктан, педагогдун кесиптик компетенттүүлүгү деген термин педагогикалык ишмердүүлүктү ишке ашыруунун теориялык жана практикалык бирдиктүү даярдыгын аныктап, кесиптик чеберчилик деген түшүнүк менен айкалышып мүнөздөлүп турат.

Педагогика багытында окуган студенттердин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу процесси компетенттүү мамиленин негизинде ишке ашышы керек. Кыргызстандан компетенттүү мамиленин негизги Билим берүү системасында профессионалдык кесиптик билим берүү программалары салттуу предметтик-циклдык формадан айырмаланып, блок-модулдук принципте ишке ашырылып келе жатат. Ошондой эле, студенттин инсандыгын калыптандырууга максатталган төмөнкү үч милдеттүү негиздеги блоктон турат: жалпы-маданий, психологиялык-педагогикалык, предметтик.

Мында, жалпы-маданий блоктогу предметтер студенттердин жалпы көз караштарынын калыптанышына, өздүк инсандык жана профессионал кесиптик максаттарынын аныкталышына түрткү берет. Психологиялык-педагогикалык курстарды өздөштүрүү менен бирге студент өзүн профессионал кесиптик педагогикалык ишмердүүлүктүн субъектиси катары таанып, өзүн-өзү аныктоого, өзүнүн профессионалдык тажрыйбасын

анализдөөгө үйрөнөт. Ал эми, предметтик блок күнүмдүк практикалык педагогикалык ишмердүүлүктүн өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтөт.

Педагогикалык мүнөздөмөлөрүн изилдеген окумуштуулардын бири Э.Мамбетакуновдун изилдөөсү боюнча: “Педагогикалык билим берүүдөгү компетенттүү мамиле–мугалимди даярдоо процессинин максаттарын, мазмунун, уюштургуч жана технологиялык жактан камсыз кылуучу бирдиктүү система катары каралган” [102,28-б.].

Бүгүнкү күндө компетенттүү мамиленин негизинде студенттердин кесипке багыт алуусуна, жеке профессионал кесиптик максаттарын ишке ашыруусуна мүмкүндүктөр түзүлүп, көп баскычтуу билим берүү система аркылуу ишке ашырылып келе жатат.

Көп баскычтуу билим берүү системасында педагогикалык билим берүүнүн мазмуну эки блокко бөлүнүп:

1) жалпы маданий жана илимий;

2) профессионалдык- билим берүүчүлүк. Бул учурда студент тандоого мүмкүнчүлүк ала алат, анткени алгач– кайсы бир кесиптин багытын тандайт, кийин– кесипке даярдоонун профилин, андан кийин барып– кесиптикке ээ болушат.

Профессионалдык билим берүүнүн эң башкы стратегиялык багыты катары инсанга багыттап билим берүү маселесин чечүү болуп саналат дагы, окутуунун борборунда студент-инсан, анын окуу таанып-билүү ишмердүүлүгү: субъект– объект- субъекттик мамиледе болушу абзел. Салттуу болуп калган “окутуучу- окуу китептер- студент” схеманы башкача мааниде: “студент- окуу китептер (окуу методикалык колдонмолор ж.б.) - окутуучу” – деген схемага алмаштырышыбыз керек. Эгер салттуу билим берүү системасында окуу китеби билимдин булагы, ал эми окутуучу таанып- билүү процессин уюштуруучу, текшерүүчү субъект болсо, билим берүүнүн жаңы парадигмасында окутуучу компетенттүү кеңешчи, жардамчы катары студенттердин өз алдынча окуу-таанып-билүү ишмердүүлүгүн уюштуруучу ролду аткарып калат.

Педагогикалык билим берүүнү компетенттүү мамиленин негизинде ишке ашыруу үчүн биз мугалимдин профессионалдык педагогикалык ишмердүүлүгүн бийик деңгээлде калыптандыруу максатында атайын, жалпы жана ачкыч компетенцияларынын топтомун бирдиктүү система катары карашыбыз керек.

Кесиптик билим берүүнүн мазмунун компетенттүү мамиленин негизинде жаңыландыруу- азыркы учурдун талаптарынын өзөгүн түзөт.

С.Л.Рубинштейндин ишмердүүлүк теориясынын негизине таянып, кыргыз окумуштуулары азыркы замандын мугалимин окутуу жана тарбия ишинде жаңы кадамдарын белгилептир:

– максатка багыттоо, максатка багытталган активдүүлүк;

– ойлонуштуруу– максатка жетүү үчүн ыкмалар, каражаттарды тандоо, болочок ишмердүүлүктүн ырааттуулугун пландоо;

– сезүү – болочок жыйынтыкты пландаштыруу, алдын ала көрө билүү жана логикалык схема менен байланыштыруу;

– структуралык түзүлүшкө ээ болуу– иш аракеттердин топтому жана аларды аткарууда ырааттуулукту колдонуу;

– жыйынтыктоо– коюлган максатка карата ишмердүүлүктү аяктоо [127,110-б.].

Жогоруда белгиленген механизмдер интегративдүү функцияны аткарат жана болочок мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууга жана өстүрүүгө шарттарды түзөт.

Азыркы окумуштуулардын илимий дисскусияларында (В.А.Болотов, В.В.Сериков, В.В. Грачев, О.А.Жукова, А.А. Орлов, Б.С. Гершунский, В.А. Слободчиков ж.б.) белгиленип келген: “күтүлгөн компетенциялар колдон колго берилбейт, аларды санап чыгууга да болбойт, алар практика жүзүндө, педагогдун катышуусу менен сөзмө-сөз айтканда “өстүрүлүшү” керек” [47, 110-б].

Болочок мугалим өзүнүн педагогикалык ишмердүүлүгүндө окуу-тарбиячылык функция менен бирге илимий- методикалык, уюштургуч

башкаруучулук функцияларды да аткарат. Аталган функцияларды туура жана жооптуу практикада реалдаштыруу кесиптик билим, ык, машыгуулардын, кесиптик-инсандык сапаттардын, баалуулуктардын комплексин актуалдаштыруунун негизинде ишке ашып жана компетенттүүлүк деген түшүнүккө алып келет, бирок бул түшүнүктүн мүнөздөмөсүндө алар таанып-билүү жана практикалык маселелерди чечүү менен айырмаланып келишет [47,109-б].

Бүгүнкү студент, эртеңки мугалимдин жалпы-маданий, психологиялык-педагогикалык, предметтик даярдыгы жогорку деңгээлде болсо, педагогикалык багыттагы билимдери чет тил курсу аркылуу окутуу процессинде калыптандырылса, анда ал өзү өзүнүн өсүп- өнүгүүсүн жетектей алат жана астында турган педагогикалык маселерди, проблемаларды компетенттүү мамиленин негизинде чече алуу менен бирге чыгармачыл жана коомдогу билим берүүдөгү жаңылуунуну жандыра билген инсан- мугалим боло алат.

Белгилүү окумуштуулардын (Л.С. Выготский, Л.В. Занков, Р. Лурия, Д.Б. Эльконин, В.В. Давыдов, А.И.Щербаков, Г.П.Щедровицкий, В.А Ясвин ж.б.) методологиялык эмгектеринде, адамдын ишмердүүлүгү система катары мүнөздөлөт жана мугалимдин ишмердүүлүгүн ушул эле негизде карасак болот.

Мугалимдин ишмердүүлүгүн коомдун талабына жараша үйрөнүү бизди бул проблеманы чечүүдө моделдештирүүнү колдонууну сунуштады. Модель деген сөз латын тилинен алынган modulus – ченөө, үлгү дегенди билдирет.

Үлгү - система катары каралып, башка объект жөнүндө билим алуучу каражат болуп эсептелинет. [89, 131-б.].

Изилдеген проблеманын негизинде, биз эксперименталдык максатка ылайык теоретикалык модель түзүүнү чечтик, ал модель өзүнө төмөнкү түшүнүктөрдү камтыйт:

- кесиптик ишмердүүлүктүн мотивдери;
- базалык кесиптик билимдер жана ыктар;

- карым-катнаш стилдер;

-жалпы, инсан аралык жана эл аралык маданият;

- окутуу процесске чыгармачыл мамиле жасоо;

Болочок мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу концепциясы системалуу ишмердүүлүктү мамиленин негизинде болушу керек.

Дене тарбия мугалими кесиптик компетенттүүлүгүнүн калыптандыруусуна таасир эткен компонент бул ишмердүүлүк компонент, анын түзүлүшү өзүнө төмөнкү түшүнүктөрдү камтыйт: максат, мотив, пландаштыруу, чечимдерди кабыл алуу, оперативдүү кыймыл- аракеттер, жыйынтыгын текшерүү, оңдоо, түздөө.

Болочок мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүнүн модели көп факторлуу, көп деңгээлдүү мүнөзгө ээ жана анын функциялык мүнөздөмөлөрү факторлорунун карым- катнаш диалектикасы менен камсыз кылынат.

Тышкы факторлорду атасак: азыркы билим берүү аймагына мүнөздүү болгон позитивдүү жаңылануу агымдар, оң багыттагы тенденциялар: гумандаштыруу, демократиялаштыруу, жеке индивидуалдаштыруу, модернизациялоо, интеграциялоо.

Ички: дене тарбия багытындагы тогуз коргоол боюнча окуган студенттердин болочок мугалим катары кесиптик компетенттүүлүгүнүн калыптануу деңгээли. Ички жана тышкы факторлордун негизинде дене тарбия багытындагы тогуз коргоол боюнча окуган студенттердин болочок мугалим катары кесиптик компетенттүүлүгүнүн негиздери ишке ашат, анткени бул жөнүндө А.Андреев да белгилеген: “компетенттүүлүк-бул интегралдуу жана ишмердүүлүктүн ыктары [17, 5-б.].

Сунушталган моделде программалык - максаттуу, процессуалдык-мазмундуу, жыйынтыктоо- баалоочулук көрсөткүчтөр белгиленген.

Дене тарбия багытындагы тогуз коргоол боюнча мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгү жөнүндө төмөнкү окумуштуулардын теоретикалык көз караштарынын негизинде В. И. Байденко [26], К.Э. Безукладников [27],

И.Белых [31], Т. В. Боева [35], Т.Г.Браже. [38], О.Е. Лебедев [94], М.И. Лукьянова [98], И.А. Зимняя [66], М.Н.Карапетова[75], Э.М.Мабетакунов [102], А.К.Маркова [105], Т.М.Сияев [138], О.А.Симонова [137], Е.Г. Тарева [147], А.В.Хуторской [157], В.Д. Шадриков [160] ж.б. биз төмөнкү функцияларды белгилемекчибиз.

Кесиптик компетенттүүлүк мүнөзгө ээ болгондуктан, ал өзүнө ден соолугун камсыз кылуучу, эмоционалдык (психологиялык) ден соолугун камсыз кылуучу, социалдык ден соолугун камсыз кылуучу, кыймылдуу компетенттүүлүктөрдүн интегралдуу жыйындысын камтып, дене тарбия мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүнүн өзөгүн түзөт.






Натыйжасы: кыргыз улуттук оюну тогуз коргоол аркылуу адистик компетенттүүгүнүн калыптангандыгы

багында ма... ...ярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнө тарбиялоого мүмкүндүк берет, анткени бул улуттук оюну тогуз коргоол өзүнө эң жакшыларын камтыйт, позитивдүү жана натыйжалуу каражаттарын, кылымдар бою текшерүүлөрдөн өтүп позитивдүү жана натыйжалуу каражаттарды жана ушул күнгө чейин кыргыз эли тарабынан сакталып жана алынып келген.

Болочок дене тарбия мугалимдин негизги кесиптик функциялары: максатка багыттоочулук, маалымат-мотивдештирүүчүлүк, процессуалдык-башкаруучулук, рефлексия, коммуникативдүүлүк.

Жогорку окуу жайларында дене тарбия багытында тогуз коргоол боюнча билим алган студенттерди окутууда болочок кесибинин багытын жана өзгөчөлүктөрүн, теориялык жана практикалык абалын иликтөө аркылуу төмөнкүдөй жыйынтыктарды чыгарууга мүмкүндүк берди:

1. Дене тарбия багытындагы тогуз коргоол боюнча билим алган студенттерге болочок мугалимдик кесиби менен байланыштырып окутуу боюнча Кыргыз Республикасында алгылыктуу илимий изилдөөлөр жүргүзүлгөн эмес. Бирок ошол эле учурда бул багытта али да болсо чечилбеген проблемалар топтолуп келет. Алардын негиздүүлөрү деп төмөнкүлөрдү эсептөөгө болот:

- дене тарбия багытындагы тогуз коргоол оюнун окуп үйрөнүүдө болочок мугалимдик кесиби менен байланышкан оң мотивациянын калыптанбагандыгы;

- студенттерге болочок мугалим катары кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууда, аны окуп үйрөнүүнүн зарылчылыгы мугалимдик кесип менен байланышта экендигин толук түшүндүрүлбөгөндүгү;

- курчап турган дүйнөдөгү кубулуштарды жана педагогикалык процесстерди окуп үйрөнүүдө тогуз коргоол оюнунун таасири эске алынбагандыгы;

- дене тарбия багытында билим алган студенттерге тогуз коргоол оюну боюнча окутууда болочок адистигинин (мугалим катары) өзгөчөлүктөрү эске алынбастан, дедуктивдүү түрдө баяндалышы;

- дене тарбия багытында билим алган студенттерге кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууда болочок кесибине багыттап окутууда окуу методикалык куралдардын жетишсиздиги.

2. Дене тарбия багытында билим алган студенттерге тогуз коргоол боюнча билимдеринин зарылдыгы, а түгүл милдеттүүлүгү компетенттүү адистерди даярдоонун фундаменталдуулугун камсыз кылуу максаты менен түшүндүрүлөт. Тогуз коргоол оюну дисциплинасынын мазмунунда педагогикалык билимдердин, түшүнүктөрдүн жана кесиптик компетенттүүлүктүн системасын иштеп чыгуу жана камтуу, биринчи кезекте болочок компетенттүү адистиктин, мугалимдик кесиптин талабына жооп бергидей болушу зарыл.

3. ЖОЖда билим берүүдө тогуз коргоол оюнун окутуунун максаты болуп студенттерди болочок кесиптик компетенттүүлүгүнө, белгилүү бир инсандар жана маданияттар аралык компетенттүүлүккө, педагогикалык маданиятка тарбиялоо жана алардын практикалык ишмердүүлүгүндө заманбап окутуу методдорду, окутуу технологияларды колдонуунун ыкмаларына көнүктүрүү эсептелет. ЖОЖда кесиптик билим берүүдө, адегенде, педагогикалык илимдердин жетишкендиктерин эске алып, болочок мугалимдик кесибине жараша тиешелүү болгон кызыктыруучу маселелерин негизинде түзүлүүсү зарыл.

Болочок дене тарбия мугалимдин негизги кесиптик функциялары: максатка багыттоочулук, маалымат-мотивдештирүүчүлүк, процессуалдык-башкаруучулук, рефлексия, коммуникативдүүлүк.

Педагогика багытында окуган студенттердин болочок мугалим катары кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун мазмундуулук аспектисинде бир нече элементерди белгилеп кетүү керек:

- студенттердин таанып- билүү процессин компетенттүү мамиленин негизинде туура уюштуруу жана башкара билүү;
- берүү максаттарын компетенттүү мамиленин негизинде туурааныктоо, проектирлөө жана анализдөө;
- студенттердин билгич компетенцияларын калыптандыруу максатында билим берүү процессин компетенттүү мамиленин негизинде уюштуруу жана башкаруу;
- билим берүүнүн жаңыланган парадигмаларынын жаңы багыттарынын негизинде биз болочок мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүнүн өзөгүн түзгөн компетенцияларын: прогноз жасай билүү, проектирлөө, уюштуруучулук, конструкциялоо, коммуникативдүү, рефлексивдүү ж.б.у.с. белгилөө менен бирге төмөнкү концептуалдуу моделди сунуштайбыз.

Аталган модель өзүнө төрт компонентти камтыйт: когнитивдүү компонентти, баалоочулук компонентти, ишмердүүлүк компонентти, маданиятуулук компонентти.

**Когнитивдүү компоненти.** Бул компоненттин негизинде студенттердин билимдерин кредит технологиясы аркылуу окутуу жана баалоо саясаты жатат. Бул критерий дене тарбия багытындагы тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүнүн деңгээлинин өсүшүнө багытталган.

Когнитивдүүлүк компоненттин көрсөткүчтөрү:

1. Азыркы билим аймагында болуп жаткан позитивдүү тенденцияларды кабыл алуу, жаңылануу процесстерди туура түшүнүү, баалоо, компетенттүү мамиленин негизинде адистиги боюнча компетенцияларына ээ болуу.

2. Тогуз коргоол боюнча кесиптин потенциалын туура аныктоо, проектирлөө жана талдоо максатында базалык маанидеги билимдерди жана ыктарды терең өздөштүрүү.

3. Дене тарбия адис болууга умтулуу менен бирге предмет аралык компетенцияларына ээ болуу.

4. Интерактивдүү окутуу технологияларды таанып- билүү жана аларды болочок кесиптин ишмердүүлүгүндө колдонуу компетенцияларына ээ болуу.

5. Инсандык деңгээлде сезе билүү, окуучулардын таанып-билүү активдүүлүгүнүн жоопкерчилиги.

**Баалоочулук компоненти.** Бул критерий аркылуу дене тарбия багытындагы тогуз коргоол боюнча кесиптик ишмердүүлүгүнө карата мамилеси калыптандырылат. Негизги шарт катары тогуз коргоол боюнча студенттердин болочок кесибине туруктуу кызыкчылыгы саналат, ошону менен бирге кесиптик компетенттүүлүгүнүн басымдуу көрсөткүчтөрүнүн калыптанышы эсептелинет.

Баалоочулук компоненттин көрсөткүчтөрү:

1. Болочок кесибине туруктуу компетенттүүлүккө карата кызыкчылыкка ээ болуу.

2. Педагогикалык процесстин маңызы, мыйзам-ченемдүүлүктөрү жөнүндө толук түшүнүккө ээ болуу жана аны баалай алуу компетенцияларга ээ болуу.

3. Кредит технология аркылуу окутуу жана баалоо саясаттына ээ болуу.

4. Жеке өсүп-өнүгүүсүн жетектөөдө, өзү-өзүн чыгармачыл деңгээлде кесиптик жактан реалдаштырууда, инсандык баалоочуулук компентенцияларга ээ болуу.

5. Инсандык деңгээлде өзүнүн, окуучулардын таанып-билүүсүнө жоопкерчиликти сезе билүү.

**Ишмердүүлүк компоненти**. Бул критерийдин негизинде кесиптик ишмердүүлүккө студентердин даярдыгы белгиленет.

Ишмердүүлүк компоненттин көрсөткүчтөрү:

1. Азыркы билим берүү системасына тийиштүү өсүп-өнүгүү концепциялары жөнүндө билимдерге ээ болуу.

2. Бүтүмдүү педагогикалык процесстин маңызын, мыйзам-ченемдүүлүктөрүн, карама-каршылыктарын инсандын өсүп-өнүгүү күчтөрү менен байланыштыра билүү жана окутуу процессинде компетенттүү колдоно алуу.

3. Окуучулардын таанып- билүү ишмердүүлүгүнүн өзгөчөлүктөрүн

билүү жана алардын маданият аралык кесиптик компетенттүүлүгүнүн деңгээлинин өстүрүү компетенцияларына ээ болуу.

Максаты: студентердин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу

Маселелери:

- болочок дене тарбия мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу максатынын идеяларынын, мамилелеринин, түшүнүктөрүнүн мазмунун аныктоо;
- тогуз коргоол дисциплинасын окутуунун негизинде болочок дене тарбия мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун атайын өзгөчөлүктөрүн аныктоо;

Тогуз коргоол боюнча болочок дене тарбия мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууда компетенттүү мамиленин негиздерин колдонуу Базалык компоненттери когнитивдүүлүк баалоочулук ишмердүүлүк маданияттуулук. Ар түрдүү окутуу каражаттарды, технологияларды тандоо критерияларынын билгичтигине ээ болуу жана кесиптик ишмердүүлүктө компетенттүү колдоно билүүдө жана таанып - билүү ишмердүүлүгүн динамикалык түрдө өстүрүү максатында кызматташтык технологиялардын негиздерин билүү жана туура колдонуу менен окутуу технологияларынын бардык арсеналын билүү жана практикалык ишмердүүлүктө колдоно билүү компетенцияларына ээ болот

Маданияттуулук компоненти. Бул критерий аркылуу инсан аралык компетенттүүлүктүн көрсөткүчтөрүнө ээ болуу менен кесиптик компетенттүүлүгүн көрсөткүчтөрүнүн деңгээли бааланат.

Маданияттуулук компоненттин көрсөткүчтөрү:

1. Инсандар аралык компетенттүүлүктүн көрсөткүчтөрүнө ээ болуу.

2. Өз улутунун маданиятын билүү жана башка элдердин маданияттар аралык компетенттүүлүктүн көрсөткүчтөрүнө ээ болуу.

3. Гумандуу негизде окуучулар менен мамиле түзө билүү.

4. Жалпы адамзатка таандык болгон маданияттуулуктун кенчин билүү

жана мыйзам-ченемдүүлүктөрүн пайдалана билип, демократиялык карым-катнаш стилге ээ болуу.

5. Өз элинин, кошо жашаган элдердин маданияты, тарыхы, адабияты, каада-салттары жөнүндө таанып-билүү компетенттүүлүккө ээ болуу.

6. Баарлашуу маданиятына жана эл аралык коммуникативдүүлүк компетенттүүлүккө ээ болуу.

Биз сунуштаган компоненттерге тышкы жана ички факторлордун негизинде өзгөрүлүү, толуктануу, жаңылануу ж.б. у.с. кубулуштар таандык. (1.3 Сүрөт).

Аталган компоненттердин негизинде биз дене тарбия багытында окуган студенттердин тогуз коргоол боюнча мугалим катары кесиптик компетенттүүлүгүнүн аныктоо критерийлерди иштеп чыкса болот. Бул моделге көп функционалдык мүнөз таандык, ар бир компонент бири- бири менен тыгыз байланышта, бири- бирине көз каранды жана көп функционалдуу.

Моделде сунушталган компоненттердин мүнөздөмөлөрүнүн негизинде ойлонгон экспериментке жараша дене тарбия багытында окуган студенттердин болочок дене тарбия мугалим катары кесиптик компетенттүүлүгүнүн калыптандырылган деңгээлин үйрөнүү максатында төрт критерий жана көрсөткүчтөрдү негиздесе болот: креативдүү, продуктивдүү, репродуктивдүү.

Тогуз коргоол боюнча болочок дене тарбия мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууда педагогикалык даярдыгынын зарылчылыгы спорттук - мелдештик ишмердүүлүктөгү субьекттин деңгээлине дал келиши керек. Спорттук - мелдештик даярдыктын көп жылдык жараяны кесипкөй ишмердүүлүктүн моделине өзүнүн инсандык касиетине

багытталган. Спорттук - мелдештик моделдин негизинде базалашкан функциялар, коюлган талаптар, биринчи кезекте спецификалык өзгөчөлүктөрүн аныктаган,ошондой элекаралган көрүнүштүн чегинде изилденип жаткан спорттук- мелдештик ишмердүүлүктү түзөт.

Функциясы жана коюлган талаптар өз ара бири-бирине негизделип, бекем өз ара байланышта болушат ошону менен бирге алар өз ара шартташкан катары каралып, туруктуу болбогону менен кыймылдаткыч күчтөрдүн обьективдүү факторлорун мүмкүнчүлүккө жараша кайрадан жаратат.

Демек, тогуз коргоол боюнча болочок дене тарбия мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгү бул структуралык - системалык негиз жана тандалган ишмердүүлүктүн чегинде обьективдүү шарттарды түзөт.

Жогоруда айтылгандар, тогуз коргоол боюнча болочок дене тарбия мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүнүн маанилүү функцияларын белгилөөгө жардам берип, аларга коюлган талаптардын айланасындагыларды аныктайт. Коюлган талаптарды жана аткарылган функцияларды ишке ашырууда тогуз коргоол боюнча болочок дене тарбия мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүнө керектүү “багаждын” болуусун талап кылат, кесипкөйлүк жөндөмдүүлүгүн, инсандык-кесипкөйлүк сапаттарын жана касиеттерин ( субьективдүү кыймылдаткыч күчтөр).

Тогуз коргоол боюнча болочок дене тарбия мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгү бул структуралык - системалык негиз жана тандалган ишмердүүлүктүн чегинде обьективдүү шарттарды түзөт.

Жогоруда айтылгандар, тогуз коргоол боюнча болочок дене тарбия мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгү маанилүү функцияларын белгилөөгө жардам берип, аларга коюлган талаптардын айланасындагыларды аныктайт. Коюлган талаптарды жана аткарылган функцияларды ишке ашырууда калыстарда керектүү “ багаждын” болуусун талап кылат, кесипкөйлүк жөндөмдүүлүгүн, инсандык-кесипкөйлүк сапаттарын жана касиеттерин ( субьективдүү кыймылдаткыч күчтөр).

Жалпылап айтканда, болочок тогуз коргоол боюнча дене тарбия мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууга багытталган теоретикалык модель заманбап компетенттүү мамиленин негиздерин эске алып түзүлгөн жана ар бир дене тарбия багытындагы адистин жеке чыгармачыл мүмкүнчүлүктөрүн өстүрүүгө шарттарды эске алууну көздөгөн, ошону менен бирге төмөнкү талаптардын негизинде ишке ашыш керек:

- дене тарбия багытында окуган студенттердин тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууда төмөнкү түшүнүктөр эске алынышы керек: ырааттуулук, кабыл алуучулук, көп функционалдуулук, көп варианттуулук, көп деңгээлдүүлүк ж.б.
- дене тарбия багытында окуган студенттердин тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу максатында таанып-билүү потенциалын интерактивдүү окутуу технологиялар менен интенсификациялоо;
- дене тарбия багытындагы тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууда гумандуу дене тарбия педагогикасынын жана машыктыруунун демократиялык механизмдерин колдонуу менен бирге, ар бир XXI кылымдын мугалиминин ички субъективдуу тажырыйбасын ачуу жана байытуу аркылуу анын турмуштук ошону менен бирге кесиптик жактан баалуулук багыттарын өстүрүү жана көздөө.

## БИРИНЧИ ГЛАВА БОЮНЧА КОРУТУНДУ

Өлкөдө социалдык саясий, экономикалык абалдын кескин өзгөрүлүшү мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүнүн маңызын да толугу менен өзгөрттү. Мына ушунун негизинде дене тарбия багытындагы тогуз коргоол боюнча болочок мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууда анын кесиптик жактан даярдыгын көздөө процессинде Кыргыз Республикасындагы компетенттүү мамиленин негизинде иштелип чыккан мамлекеттик стандарттардын мааниси өзгөчө орунга ээ.

Кыргыз Республикасында компетенттүү мамиленин негизинде иштелип чыккан мамлекеттик стандарттарга [46] жана “Кыргыз улуттук спорттун жана оюндардын түрлөрү жөнүндөгү” [1997], «Улуттук спорттун түрлөрү жөнүндө» (21 апрель 2003 ж, № 84) токтомдорго жараша, ошону менен бирге белгилүү окумуштуулар- А.Чылымов, Т.Орозобаков, М.Жаманбаев, А Иманалиев, М. Асаналиев, ал эми тогуз коргоол боюнча Кыргызстандын эмгек сиңирген машыктыруучулары: К.Касымов, М.Кийзбаев, К.Өмүралиев, А.Нурсейитов жана эл аралык спорт чеберлери: Н.Имаекеев, Н.Султанмуратоова, ж.б. атоого болот.

П.Я.Гальпериндин этап боюнча акыл ишмердүүлүгүн калыптандыруу идеясына таянып жана дене тарбия багытындагы тогуз коргоол боюнча бөлүнгөн саатын чектелгендигин эске алып, тогуз коргоол оюну дисциплинасынын мисалында педагогикалык кесиптиктерде окуган студенттердин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу максаты аркылуу болочок мугалимдик кесиби жактан даярдоодо алдынкы проблемаларын чечүү – биздин изилдөөбүздө алдынкы шарты катары каралды.

Иликтөөдө айкын болгондой тогуз коргоол оюну курсун окуп билим алган студенттердин контингенти Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларында басымдуулук кылат. Бул курс аркылуу студенттердин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу аркылуу тогуз коргоол боюнча болочок мугалимдик кесибине жараша бир нукка салуу–азыркы учурдун актуалдуу маселелери деп белгилөөгө болот.

Жогорку окуу жайларында дене тарбия багытында тогуз коргоол боюнча билим алган студенттерге окутууда болочок кесибинин багытын жана өзгөчөлүктөрүн, теориялык жана практикалык абалын иликтөө аркылуу төмөнкүдөй жыйынтыктарды чыгарууга мүмкүндүк берди:

1. Дене тарбия багытындагы тогуз коргоол боюнча билим алган студенттерге болочок мугалимдик кесиби менен байланыштырып окутуу боюнча Кыргыз Республикасында алгылыктуу илимий изилдөөлөр

жүргүзүлгөн эмес. Бирок ошол эле учурда бул багытта али да болсо чечилбеген проблемалар топтолуп келет. Алардын негиздүүлөрү деп төмөнкүлөрдү эсептөөгө болот:

- дене тарбия багытындагы тогуз коргоол оюну дисциплинасын окуп үйрөнүүдө болочок мугалимдик кесиби менен байланышкан оң мотивациянын калыптанбагандыгы;

- студенттерге болочок мугалим катары кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууда, аны окуп үйрөнүүнүн зарылчылыгы мугалимдик кесип менен байланышта экендигин толук түшүндүрүлбөгөндүгү;

- курчап турган дүйнөдөгү кубулуштарды жана педагогикалык процесстерди окуп үйрөнүүдө тогуз коргоол оюнунун таасири эске алынбагандыгы;

- дене тарбия багытында билим алган студенттерге тогуз коргоол оюну боюнча окутууда болочок адистигинин (мугалим катары) өзгөчөлүктөрү эске алынбастан, дедуктивдүү түрдө баяндалышы;

- дене тарбия багытында билим алган студенттерге кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууда болочок кесибине багыттап окутууда окуу методикалык куралдардын жетишсиздиги.

2. Дене тарбия багытында билим алган студенттерге тогуз коргоол боюнча билимдеринин зарылдыгы, а түгүл милдеттүүлүгү адистерди даярдоонун фундаменталдуулугун камсыз кылуу максаты менен түшүндүрүлөт. Тогуз коргоол оюну дисциплинасынын мазмунунда педагогикалык билимдердин, түшүнүктөрдүн жана кесиптик компетенттүүлүктүн системасын иштеп чыгуу жана камтуу, биринчи кезекте болочок кесиптиктин, мугалимдик кесиптин талабына жооп бергидей болушу зарыл.

3. ЖОЖда билим берүүдө тогуз коргоол оюнун окутуунун максаты болуп студенттерди болочок кесиптик компетенттүүлүгүнө, белгилүү бир инсандар жана маданияттар аралык компетенттүүлүккө, педагогикалык маданиятка тарбиялоо жана алардын практикалык ишмердүүлүгүндө

заманбап окутуу методдорду, окутуу технологияларды колдонуунун ыкмаларына көнүктүрүү эсептелет. ЖОЖда кесиптик билим берүүдө, адегенде, педагогикалык илимдердин жетишкендиктерин эске алып, болочок мугалимдик кесибине жараша тиешелүү болгон кызыктыруучу маселелерин негизинде түзүлүүсү зарыл.

Демек, Кыргыз Республикасынын заманбап билим беруу стратегиясынын концепция жана компетенттүү мамиле түзгөнүнө байланыштуу, биз ар бир болочок мугалимди окутууда, тарбиялоодо, анын потенциялдык өсүп-өнүгүшүнө таасир эткен тышкы жана ички факторлорду эсепке алып, аны мыкты кесипкөй катары калыптандыруу– азыркы замандын абдан маанилүү маселелеринин бири деп белгилеп кетмекчибиз.

# II БАП. Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнө тарбиялоонун педагогикалык негиздери боюнча изилдөөнүн методдору

## 2.1 Изилдөөнүн объекти жана предмети - кыргыз улуттук спортту тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырунун шарттары

Бүгүнкү күндө республикада болуп жаткан экономикалык өзгөрүүлөр, граждандык коомдун өнүгүшү билим берүү системасына башка сапаттагы талапты коюп жатат, анткени биринчи кезекте билимге негизделген индустриалдуу коомду куруу турат. Мындай шартта адам өзү билим берүү процессин уюштуруунун активдүү катышуучусу болушу керек. Коомдун, экономиканын, инсандын талабына жараша өзгөрүп туруучу ийкемдүү билим берүү траекториясын калыптандыруу үчүн керектүү шарттарды камсыздоо зарыл.

Кыргыз улуттук спорту тогуз коргоол элдин маданиятынын ажырагыс бөлүгү болуп, өзүнө жаштардын дене тарбиясын, кыргыз элинин улуттук сыймыгын таанытууну жана даңазалоону өзүнүн милдети катары карайт. Тогуз коргоолго коюлган талаптар эл аралык талабына айкалышы зарыл.

Мына ушуга байланыштуу эң маанилүү маселе - спорт тогуз коргоол боюнча ишмердүүлүгүнүн жараянында алынган маалыматтардын методологиясын иштеп чыгуу.

Адамдын, тогуз коргоол күндөлүк ишмердүүлүгү интеграциясы, бүтүндөй багыты, мезгил менен түздөн-түз байланышы обьективдүү-субьективдүү карым-катнашында өтөт жана индивидди субьекттин личносту, тарыхый өнүгүүсүнүн обьекти катары калыптандырат. Адамдын кесипкөй ишмердүүлүгү мыйзам -ченемдүү жана үзгүлтүксүз болуп туруучу жараян.

Ар бир инсандын жеке ички жана сырткы ишмердүүлүгүнүн өзгөчөлүгү анын предметтик өз алдынчалыгын аныктап, ишмердүүлүктүн жекече субъекти предметтик жагын жашоого ылайыкташтырат.

Тогуз коргоол кесипкөй ишмердүүлүгүнүн структуралары: муктаждык, максат, бири-бири менен тынымсыз байланышта болгон маселелер менен операциялар. Мына ушуга байланыштуу структураларын: кыймыл жана кыймылдын ар кандай түрлөрү жана формаларын сырттан толук кароо керек. Ошол эле учурда алар башка шарттарда, ишмердүүлүктүн башка түрү менен коошпостон, өзүнчө бир система болуп, коомдук-социалдык мамилелерден тышкары жашай албайт. Жеке кесипкөй ишмердүүлүгү руханий-нравалык өз ара байланыштар, коомдун өсүшү, өндүрүштүн өнүгүүсүнө жараша керектүү формалар менен аныкталат. Кесипкөй ишмердүүлүктүн коомдук-социалдык шарттары анын максаттарын, маселелерин, каражаттарын жана аларды жүзөгө ашыруунун ыкмаларын өнүктүрөт.

Болочок мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун натыйжалуулугу – бул сапаттын мазмуну, окутуу-тарбиялоо процессинин мазмуну жана шарттарынын дал келүүсүнө байланыштуу болот. Илимий адабияттарда «педагогикалык негиздөө» деген түшүнүк каалаган жыйынтыкка жетүүнү камсыздоочу сырткы талаптардын биримдиги түшүндүрүлөт. Биздин изилдөөбүздө ушул сыяктуу педагогикалык

жыйынтыктар деп болочок мугалимдердин окутуу-тарбиялоо процессинде кесиптик компетенттүүлүгүн натыйжалуу калыптанышы эсептелет.

Педагогикалык негиздерди тандоодогу натыйжалуулуктун жана оптималдуулуктун критерийи болуп акыркы жыйынтык эсептелет.

Натыйжалуу педагогикалык негиздерин калыптанышын ачыкка чыгаруу үчүн биз тарабынан педагогикалык адистерге жогорку кесиптик билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандарттары, окуу пландары, окуу программалары жана жогорку окуу жайынын окутуу-тарбиялоо процесси, булардын изилдөөнүн предмети катарында милдеттерин чечүү үчүн потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрүн таап чыгуу зарыл болду. Кабыл алынган анализ болочок мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүгүнүн натыйжалуу калыптанышына алардын мазмуну толугу менен жооп бербей тургандыгы билинди. Педагогикалык ишмердүүлүктө окуу процесси ийгиликтүү болуусундагы мугалимдин өзүнүн инсандык маанилүүлүгү туралуу терең билимдин калыптанышы үчүн ачык эле жетишсиз экендиги көрүндү (педагогика, психология жана кесиптик предметти окутуу методикасы). Андан тышкары болочок мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүгүнүн анын ичинде кесиптик компетенттүүлүгүнүн көп көрсөткүчтөрү, инсандык сапаттары, педагогикалык чыгармачылыгы, рефлексиясы, өз алдынча умтулуусу жана педагогикалык жөндөмдүүлүктөрүнүн өнүгүүсү толук эмес.

Тогуз коргоол боюнча спорттук мелдештерге катышуусу алардын көп жылдык спорттук даярдыгындагы эң маанилүү учурлардын бири, бир гана беттешүүгө түздөн-түз катышканда гана алардын даярдыгынын оң жана терс жактары, артыкчылыктары аныкталат. Тогуз коргоол боюнча мелдештерге даярдоонун алдында мелдешти өткөрүү шарттарын жакшы билүүсү, жалпы дене тарбиясына жана атайын дене тарбиясына, психологиялык, теоретикалык, техникалык-тактикалык, функционалдык жактарына коюлган талаптарды жана мелдеш эрежелерин билүү деңгээлине жараша спорттук даярдыктын зарыл каражаттарын жана усулдарын тандаш керек. Спорт тогуз

коргоол боюнча калыстар позициясы тарабынан караганда тогуз коргоолго, окутуучу-машыктыруучуларга жана калыстардын өздөрүнө тогуз коргоол боюнча спорттук чеберчилигинин кайсыл артыкчылыгын же чабал жактарын элестетүүгө жана ошол артыкчылыгын жогорулатканга же чабал жагын оңдогонго мүмкүнчүлүк түзүлөт. Тогуз коргоол боюнча беттешүүсүндө жогоруда айтылган шарттар комплекс түрүндө көрүнүп, көп кырдуу даярдык жараянынын натыйжалуулугун ишке ашыруу максатына атаандаштыктын чыныгы мүнөзү жөнүндө так элестетүүгө өбөлгө берет.

Тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу максатында бирдейлиги, жыйынтыгына кызыктар тараптардын өз ара мамилесиндеги мүнөздөргө ээ: максат - пайдаланылуучу каражаттар - көрсөткүч (жыйынтык). Ушундай учурларда спортчулардын максаты кесипкөйлүк ишмердүүлүктүн өзүнчө бир моделин түзүп, ошого жараша активдүү аркеттерди: каражаттар менен, ыкмалар менен , ТТК, СМ менен көрсөткүчтөр менен мелдештин жана беттешүүнүн ийгиликтүү өткөрүлүшүн көздөйт.

Тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууда спорттук мелдештерге катышуусу алардын көп жылдык спорттук даярдыгындагы эң маанилүү учурлардын бири, бир гана беттешүүгө түздөн-түз катышканда гана алардын даярдыгынын оң жана терс жактары, артыкчылыктары аныкталат. Тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууда мелдештерге даярдоонун алдында мелдешти өткөрүү шарттарын жакшы билүүсү, жалпы дене тарбиясына жана атайын дене тарбиясына, психологиялык, теоретикалык, техникалык-тактикалык, функционалдык жактарына коюлган талаптарды жана мелдеш эрежелерин билүү деңгээлине жараша спорттук даярдыктын зарыл каражаттарын жана усулдарын тандаш керек. Спорт тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу позициясы тарабынан караганда, окутуучу-машыктыруучуларга жана өздөрүнө тогуз коргоолчулардын спорттук чеберчилигинин кайсыл артыкчылыгын же чабал

жактарын элестетүүгө жана ошол артыкчылыгын жогорулатканга же чабал жагын оңдогонго мүмкүнчүлүк түзүлөт. Тогуз коргоол боюнча беттешүүсүндө жогоруда айтылган шарттар комплекс түрүндө көрүнүп, көп кырдуу даярдык жараянынын натыйжалуулугун ишке ашыруу максатына атаандаштыктын чыныгы мүнөзү жөнүндө так элестетүүгө өбөлгө берет.

Тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу максатынын бирдейлиги, жыйынтыгына кызыктар тараптардын өз ара мамилесиндеги мүнөздөргө ээ: максат - пайдаланылуучу каражаттар - көрсөткүч (жыйынтык). Ушундай учурларда калыстар менен спортчулардын максаты кесипкөйлүк ишмердүүлүктүн өзүнчө бир моделин түзүп, ошого жараша активдүү аркеттерди: каражаттар менен, ыкмалар менен , техникалык-тактикалык кыймыл, спорттук мелдештер менен көрсөткүчтөр менен мелдештин жана беттешүүнүн ийгиликтүү өткөрүлүшүн көздөйт.

Мындан сырткары жалпы максатка – болочок мугалимдерди кесиптик жактан кесиптик ишмердүүлүккө даярдоо, жетүү үчүн кафедралардын ортосундагы өз ара байланыштары, педагогикалык кызматташтагы аракеттери жетишпейт.

Педагогика багытында билим алган студенттерди кесиптик даярдоодо кесиптик компетенттүүлүгүнүн калыптанышынын педагогикалык шарттарындагы жетишпегендиктерди ачыкка чыгаруунун негизинде биз төмөндөгүлөрдү аныктадык: болочок мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүн тогуз коргоол дисциплинанын окуу материалынын мисалында калыптандырууда атайын психологиялык-педагогикалык мазмундагы: «Мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгү» аттуу эксперименталдык программа иштеп чыгуу; ал программанын негизинде педагогика багытында билим алган студенттерди окутуу процессинде кесиптик багытында практикалык жактан даярдоонун үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылуу максатында тогуз коргоол оюну боюнча окуу-методикалык курал, силлабус иштеп чыгуу; «XXI кылымдын мугалими жана компетенттүү мамиле» аттуу атайын окутуучу программа иштеп чыгуу, ал программада

тесттик тапшырмалар менен, компьютер жана интерактивдүү такт менен иштөөлөрду иштеп чыгуу максаты орун алган; студенттердин кесиптик даярдыгына байланышкан практикалык компетенцияларын калыптандырууга багытталган контролдук иштердин жыйнагын иштеп чыгуу; студенттердин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу максатында жаңы окутуу технологияларды кеңири колдонуу, окутуунун интерактивдүү методдорунун мазмунун кесиптик даярдыгынын багыттына жараша иштеп чыгуу жана окуу процессин заманбап талаптарына жараша уюштуруу.

Бүгүн компетенттүү педагог болуу үчүн сабактын темасына жана мазмунуна гана көнүл бурбастан, студенттердин даярдыгына деңгээлдерине карап иш алып баруу керек. Андан тышкары сабакты өтүүдө жана уюштурууда окутуу технологияларынын бардык арсеналын билүү жана практикалык ишмердүүлүктө колдоно билүү компетенттүү мамиленин негизги көрсөткүчү.

Спорт күрөшүнүн калыстары үчүн өзүнүн дүйнө таануу жана идеологиялык багыттарын жоготкону, өзгөргөнүнө байланыштуу философиялык-социалдык, тарыхый-этникалык мүнөздөгү изилдөөлөрдү жүргүзүү актуалдуу. Бүгүнкү күндө дене тарбия жана спорт, айрыкча, кыргыз улуттук спортун түрлөрү жана оюндары индустриянын заманбап тармагы катары окутуучулар, калыстар, бизнесмендер жана дарыгерлердин кесипкөйлүк ишмердигинин укмуштуудай чөйрөсүнө айланып, мелдештин социалдык маанисин, тарыхый-этникалык жана башка баалуулуктарын терең үңүлүп кароону талап кылат.

Квалификациялуу адистердин бирдиктүү ою боюнча кыргыз улуттук спорту тогуз коргоол оюнунун укмуштуулугу Дүйнөлүк көчмөндөр оюну, кыргыз улуттук спорттун түрлөрү боюнча Спартакиадасы, Эл аралык спорттук мелдештер сыяктуу коомдук-массалык иш-чаралар менен тыгыз байланышып, элдин кыргыз улуттук спорт оюндарынын түрлөрү боюнча тарыхый аң-сезимин жогорулатууга, кыймылдардын динамикалуулугун,

багыттуулугун, эстетикалык таасирин аңдап таанууга жана кабылдоого өзгөчө маани берилет.

Ушуга байланыштуу спорттук тогуз коргоол боюнча мелдеш эрежелерине байма-бай өзгөрүүлөрдү жана толуктоолорду киргизип, көрүүчүлөрдүн кызыгуусун, түшүнүгүн, эмоционалдык сезимдерин күчөтүүгө жана ар кандай жогорку натыйжалуу техникалык кыймыл-аракеттерди байытууга, балбандардын беттешүүдөгү динамикалуу жана эстетикалык кабылдоосун тереңдетүү максатында колдонулат.

Болочок дене тарбия мугалимдин тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу үчүн “Тогуз коргоолдун практикалык курсу” аттуу кошумча окуу куралы иштелип чыгарылды. Ал куралдын максаты педагогика багытында билим алган студенттердин кесиптик компетенттүүлүгүн заманбап педагогикалык идеялардын, жаңы окутуу технологиялардын, мугалимдик кесиптин ишмердүүлүгүнүн жаңы багытты-компетенттүү мамиленин негизинде калыптандыруу болуп саналат; алдыңкы чебер мугалимдердин педагогикалык тажрыйбаларын үйрөнүүнүн негизинде атайын кесиптик компетенттүүлүккө ээ болуу менен бирге, жаңыланган кесиптик компетенцияларга багыт алуу, аларды үзгүлтүксүз педагогикалык практикадагы өзүнүн практикалык ишмердүүлүгүндө колдонуу.

**Изилдөөнүн предмети -** Кыргыз улуттук оюну тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнө тарбиялоонун натыйжалуу каражаты катары, анын дене тарбия мугалимдерин даярдоодо адистик компетенттүүлүгүнө тарбиялоодогу мааниси.

**Изилдөөнүн объекти** - кыргыз улуттук спорттук дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнө окуу–машыгуу процесси.

**Изилдөөнүн методу** – илимий–методикалык, адабияттарга талдоо жүргүзүү; анкеталык сурамжылоо, педагогикалык байкоо жүргүзүү, педагогикалык эксперимент, математикалык–статистикалык иштеп чыгуу.

Кыргыз улуттук оюну тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнө ээ болуу үчүн "Ат жетээр", "Жасап жемей", "Байлоо жана байлоодон чыгуу", "Тузду" пайдалануу жана ага каршы ойноо ыкмалары менен оюндун стратегиясы жана амалдары аркылуу ойноого аракет кылышат.

**Тогуз коргоол оюнунун методикалык өзгөчөлүктөрү.** Тогуз коргоол оюнунун өзүнө таандык болгон методикалык өзгөчөлүктөрү болуп, тогуз коргоолду окутуп үйрөтүүдө тогуз коргоолдун тарыхын, келип чыгышын, теориясын, техникаларын, тактикаларын, даярдоонун усулдарын, психологиялык жактарын жана дене тарбия каражаттарын тандап алуудагы өзгөчөлүктөрдөн турат. Бул тогуз коргоолду окутууда педагогикалык шарттардын негизин түзөт.

Тогуз коргоолчуларды окутуунун усулдары бул этаптарга бөлүнөт:

1. Үйрөнө турган техникалар, тактикалар менен таанышуу;

2. Ыктарды жөнөкөй шартта үйрөнүү;

3. Ыктарды татаалдаштырылган шартта үйрөнүү;

4. Оюнда ыктарды бышыктоо же өркүндөтүү.

Жаш тогуз коргоолчулардын, алардын спорттук квалификациясы, спорттук машыгуу мөөнөтү, жынысы, машыгуу үчүн тандап алган спорттун түрү тарбиялоо иштин мазмуну дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнө тарбиялоонун маанилүү элементтери (бөлүкчөлөрүн) киргизилет. Ошолор менен бирге адистердин сунуштары боюнча машыгуулар үчүн ар түрдүү каражаттар жана формалары, жаш өзгөчөлүктөрүн эске алууну сунушташышат.

Окуу процессин окуу-методикалык жактан колдонмолор: "Улуттук оюндар" (2011 ж.), "Тогуз коргоолдун өнүгүү тарыхы" (2014), "Тогуз коргоол сабактары" (2016), Кыргыз Республикасынын "Физкультура жана спорт" (2002 ж.) энциклопедиясы негизги методикалык булак катары колдонулду. Болочок дене тарбия адистеринин тогуз коргоол оюнун окутууга карата окуу-методикалык компетенцияларын калыптандырууда "Дене тарбия жана спорт" багытында расмий сунушталган окуу куралдары кеңири колдонулду. Алардын арасынан "Спорт теориясы" (А. Мамытов, 2003 ж.), "Дене маданияты теориясы" (А. Мамытов, К.Джанузаков, 2011 ж.) окуу куралдарындагы теориялык жоболор жетекчилике алынды. Окуу процесин

адисстер менен камсыздоо, материялдык-техникалык базасы сунушталып, окутуу процессинин натыйжасын мүнөздөөчү критерийлер иштелип чыкты.

Спортсмендин ишеничтүү теориясына концепциясына ылайык (В.А.Плахтиенко, Ю.М.Блудов, 1984) патриоттуулук эң маанилүү сапаттарынын бири болуп, машыгуучулардын спорттун ал же бул түрүнө, аны менен машыгууларга, мелдештерге болгон мамилесин аныктайт. Ошондуктан, спортсмендердин дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнө тарбиялоодо окуу–тарбиялоо процессии бөлүктөрү катары кароо керек. Тарбиялоонун теориясына ылайыктуу, дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнө тарбиялоо тандап алган спорттун түрү менен машыгуулардын биринчи күнүнөн баштоо зарыл.

Методологиялык өңүттө тийиштүү педагогикалык процесстин мазмуну, багыты жана логистикалык ырааттуулугу педагогика илиминде кеңири мүнөздөлүүчү окуучулардын таанып-билүү ишмердигин калыптандыруу теориясына (Б. Блумдун таксономиясы, 1956 ж.) негизделди. Ага ылайык окутуу процессинин натыйжасын мүнөздөөчү критерийлер аныкталды. Дене тарбия жана спорт жаатындагы кесиптик компетентүүлүгүн жана адистерди даярдоо практикасынын өзгөчөлүктөрүн эске алып, биз төмөндөгүдөй төрт критерийлердин болушун жана алардын жардамы менен болочок дене тарбия адистеринин тогуз коргоол оюунун окутууга карата даярдыгын аныктоону сунуштадык.

**Биринчиси,** тогуз коргоол оюнунун теориясын жана машыгуу методикасын өздөштүргөн ар бир студент “тогуз коргоол оюнунун маанисин, окутуу жана машыгуу методикасын билет жана түшүнөт”, – деген бүтүмгө татыктуу болушу зарыл.

**Экинчиси,** практикалык сабактардын жыйынтыгы катары ар бир студент “тогуз коргоол оюнун ойной алат”, – деген натыйжага багытталды.

**Үчүнчүсү,** педагогикалык практикалардын жыйынтыгы катары ар бир студент **“тогуз коргоол оюну боюнча практикалык сабак өтө алат”** деген баага татыктуу болушу зарыл.

**Төртүнчү критерийи**. Мына ушундай педагогикалык практикалардын элегинен өткөн студенттен күтүлүүчү натыйжа – “студент тандап алган спорттун түрүнөн сабак өтө алат” деген бүтүмдү түптөйт жана алган билимин колдоно алат.

Кыргыз улуттук оюну тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн тарбиялоодо өткөрүүчү иш–чаралардын мазмундарына талдоо жүргүзүүнүн негизинде биздин белгилегенибиз – кыргыз улуттук оюну тогуз коргоол

боюнча окутуу–машыгуу убагында негизинен мугалим–машыктыруучулар өздөрүнүн көңүлдөрүн улуттук оюну тогуз коргоолдун тарыхына, өнүгүүсүнө, оюндун тартибин, эрежесин сактоого, жетишкендиктерине, тогуз коргоолчулардын эл аралык мелдештеринде жетишкен ийгиликтерине көңүлдөрүн бурушат.

Мындай көптөгөн фактылар мугалим–машыктыруучулар жана тогуз коргоолчулар менен сурамжылоо өткөргөн убакытта ырасталган.

Кыргыз улуттук оюну тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн тарбиялоодо өткөрүүчү иш–чаралардын мазмундарына талдоо жүргүзүүнүн негизинде биздин белгилегенибиз – кыргыз улуттук оюну тогуз коргоол боюнча окутуу–машыгуу убагында негизинен мугалим–машыктыруучулар өздөрүнүн көңүлдөрүн улуттук оюну тогуз коргоолдун тарыхына, өнүгүүсүнө, оюндун тартибин, эрежесин сактоого, жетишкендиктерине, тогуз коргоолчулардын эл аралык мелдештеринде жетишкен ийгиликтерине көңүлдөрүн бурушат.

Мындай көптөгөн фактылар мугалим–машыктыруучулар жана тогуз коргоолчулар менен сурамжылоо өткөргөн убакытта ырасталган.

Кыргыз улуттук оюну тогуз коргоол менен үзгүлтүксүз жана өз убагында машыгууларга, жаш спортсмендерди дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнө тарбиялоого мүмкүндүк берет, анткени бул улуттук оюну тогуз коргоол өзүнө эң жакшыларын камтыйт, позитивдүү жана натыйжалуу каражаттарын, кылымдар бою текшерүүлөрдөн өтүп позитивдүү жана натыйжалуу каражаттарды жана ушул күнгө чейин кыргыз эли тарабынан сакталып жана алынып келген.

Бардык болочок дене тарбия мугалимдерди эки топко бөлгөнбүз. Биринчи топ саны 50 кишиден туруп КРнын спорт чеберлери жана спорт чеберчилигине талапкерлер, экинчи топко ошондой эле биринчи жана массалык тогуз коргоолчулар киришкен. Сурамжылоого алгандардын ичинен 78,0% мугалим– машыктыруучулар тарабынан окутуу–машыгуу убагында тарбиялык иш– аракеттер өткөрүлүп турат. Мелдештерге катышуу убагында болсо тарбиялык иштер үзгүлтүктүү болуп каларын 82,0% көрсөтүштү. Ал эми алардын 74,0% тарбиялык иштердин өтө аз (сейрек) өтөрүн белгилешти.

Ошентип, тогуз коргоолчулар, мугалим–машыктыруучуларды сурамжылоонун жыйынтыктары төмөнкүлөрдү көрсөттү:

–дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнө тарбиялоо негизинен окутуу–машыгуу убакыттарында, сейрегирээк–мелдештерде жана чанда окуудан–машыгуудан бош убакыттарда;

–өткөрүлүүчү иш–аракеттердин мазмундары бирдей. Белгилүү инсандар

менен жолугушуулар, саякатка чыгууларга, салтанаттуу жыйналыштардын ж.б. таасир тийгизгендсрине жетишерлүү көңүл бурулбагандыгында;

– тогуз коргоолчулардын жана мугалим– машыктыруучулардын дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнө болгон көз караштарында: өз күч–кубаттарын, мүмкүнчүлүктөрүн аябоого, коллективге берилгендигине жана анын коомдук турмушуна активдүүлүк кылуу ж.б. сапаттарын жана касиеттерин жетишердүү баалоо, болбогондуктары аныкталды;

– тогуз коргоолчулар дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнө тарбиялоочу иш–аракеттерди уюштурууда жана аларды аткарууда негизги кыйынчылыктар болуп: материалдык–техникалык базанын жетишсиздиги жана алардын начар абалдыктары, спорттук залдардын инвентарлар менен начар камсыздандырылганы, үй–бүлөөдө кетирген кемчиликтер, спорттук мектептердин жетекчилеринин жаш тогуз коргоолчулар дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнө тарбиялоого кош көңүлдүк кылгандары, белгилүү инсандар менен жолугушуулардын аз өткөрүлүшү, мугалим–машыктыруучулардын адискөйлүк – педагогикалык даярдыктарынын жетишсиздиги ж.б.

Тогуз коргоолчулардын дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнө тарбияланганы, психологиялык жактан даярданганын бөлүктөрүнөн жана алардын ишенимдүүсү болот.

Изилдөөлөрдүн негизинде үч топтук тогуз коргоолчулар (креативдүү, продуктивдүү, репродуктивдүү) ар кандай деңгээлде өнүккөн компетенттүүлүгү аныкталынды, алардын бир катар бөлүктөрү: окуу–машыгууларга, спорттук мелдештерге, спорттук топко жана коллективге, билим алууга, окууга, жүрүм–турумдун нормаларына жана эрежелерине кылган мамилелери аныкталды.

Сурамжылоонун көрсөткүчтөрүн салыштырмалуу талдоодо тогуз коргоолчулар өздөрүн өздөрү, эксперттердин дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнө тарбиялангандыктарын баалоодо, тогуз коргоолчулар спорттук машыгууларга болгон мамилесинин деңгээлин жогорулатып баалашкан ($P<0,05$). Ушундай эле айырмачылыктар тогуз коргоолчулар билим алууга болгон мамилесинде да байкалат. Сурамжылоонун жыйнтыктарынан ишенимдүү көрсөткүчтөрдү алуу максатында, аларга төмөнкүчө талдоо жүргүздүк: окуу–машыгуу топтун биримдүүлүгү; бирдей эмес өнүккөн дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнө сындоо баалоо деңгээли.

Ошентип, дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнө тарбиялоо тогуз коргоолчулар, ошондой эле өзүнүн мугалим–тренерине ак ниеттүү мамилени түзүнүн маанилүү далили болот.

Биз карап жаткан планда өзгөчө фактылык илимий материалдарды чогултуу жана аларды кайрадан иштеп чыгууда изилдөөнүн төмөнкү методдорун пайдаландык: илимий–методикалык тажрыйбаны үйрөнүү, байкоо жүргүзүү, сурамжылоо, аңгемелешүү, эксперттик баалоо, мугалим - машыктыруучулардын иш – пландарын иликтөө жана жалпылоо, педагогикалык эксперимент, математикалык–статистикалык методдор

Коюлган педагогикалык маселелерди ийгиликтүү чечүүдө төмөнкүдөй өздүк жана фактылык материалдарды алуунун усулдарына маани берилди:

- атайын адабий булактардын жана инструкциялык-ченемдик талаптардын ( материалдардын) теоретикалык-педагогикалык анализи;

- тестирлөө ( анкеталык, аңгемелешүү, интервью алуу);

- эксперттик баалоонун усулдары;

- педагогикалык байкоо;

- педагогикалык эксперимент;

- алынган эксперименталдык көрсөткүчтөрдү математикалык иштеп чыгуунун усулдары:

Бул максатка жетүү үчүн окуу куралында төмөнкү милдеттер аныкталган:

– заманбап педагогикалык кубулуштардын, окутуу технологиялардын жалпы окутуу принциптерине көңүл буруу жана аларды анализдөөнүн баалоонун негизинде методологиялык билимдерге ээ болуу;

– алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларды үйрөнүү, модернизацияланган жана альтернативдүү технологиялар, өнүктүрүүчү окутуу, автордук мектептердин технологиялары тууралуу түшүнүктөрдүн калыптанышын өстүрүү;

– азыркы билим берүүнүн концептуалдуу негиздерин, компетенттүү мамиленин өзгөчөлүктөрүн, билим берүүнүн жаңы технологияларынын

негизинде студенттердин болочок дене тарбия мугалим катары жалпы жана кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу;

– студенттердин кесиптик багытында практикалык билгичтиктерин ар кандай окутуу технологиялардын негизинде калыптандыруу жана аларды таанып-билүү, комбинациялоо негизинде студенттерди өзүнүкүн иштеп чыгууга үйрөтүү;

– өз улутунун, башка кошо жашаган элдердин улуттук маданий мурастарын билүүгө үндөө жана туура колдонуу компетенттүүлүгүн калыптандыруу, тогуз коргоолду билүү жана инсандар аралык жана маданияттар аралык компетенттүүлүктү өстүрүү;

– студенттердин инсан катары кесиптик маанилүү сапаттарын тарбиялоо.

Жаңы окутуу методикаларды, технологияларды, ыкмаларды колдоно билүү компетенттүүлүктүн негизинде кесипттик компетенттүүлүктүн көп көрүнүштөрү жатат: окуучуга ойлонууга убакыт берүү, шарт түзүү, аны инсан катары сыйлоо, эл аралык коммуникацияларга ээ болууга үндөө, анын демилгесин колдоо, өтүлгөн сабактан кийин да, темага байланыштуу окуучунун ойлонуу процессин жетектөө жана уланта билүү ж.б.у.с. Болочок мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууда жогорудагы айтылгандардын баарын көңүлгө алышыбыз керек.

Биз суроо-жооп анкета аркылуу мектепте иштеп жаткан жаш мугалимдерди сурамжылаганда: “Кээ бир методдорду, ыкмаларды колдонгон мезгилде да өз максатына жетпей, бышпай калган учурлар болуп, буга жаңы окутуу технологияларды колдонуу компетенцияларыбыз толук калыптанбай калгандыгы күнөө”- деп белгилешкен. Айрыкча, анкетага катышкан жаш мугалимдердин-75% белгилешкен: “жаңы окутуунун технологияларын колдонуу компетенцияларына тереңдеп үйрөтүү мезгилдин талабы” - деп белгилешкен. Бардык жаңы окутуу технологияларды, методдорду, ыкмаларды, стратегияларды кынтыксыз үйрөнүү жакшы ийгиликтерге жетүү

жолу жана ар бир мугалимдин кесиптик компетенттүүлүүгүнүн өсүшүнө шарт түзөт десек жаңылышпайбыз.

Теориялык модель дене тарбия багытында окуган студенттердин тогуз коргоол боюнча болочок дене тарбия мугалим катары кесиптик компетенттүүлүгүнүн калыптандырылган деңгээли жөнүндө диагностикалык процесстерди жүргүзүү максатында төмөнкү методдор колдонууга сунушталат:

- тест жүргүзүү;
- эксперттик баалоо методу;
- оюнду жазуу баракчалары, класстер түзүү;
- таанып- билүү портфолио түзүү;
- студенттердин өз алдынча иштери;
- компьютер, планшет аркылуу өз алдынча иштөө тапшырмалар;
- интерактивдүү такта менен иштөө ж.б. у.с.көрсөткүчтөр.

Азыркы учурда спорт мелдештерди өткөрүүдөгү көп жолку өзгөрүүлөр жана толуктоолор өзүнчө талаптардын негизинде аткарылып, ошол эле учурда балбандын заманбап атаандаштык моделине окшошпой калган. Тилеке каршы, республикалык Федерация беттешүүлөрдүн укмуштуулугун күчөтүүдө ушул күрөштүн өсүп-өнүгүүсү туура жолдо баратат деп эсептейт. Таң калыштуусу, кээ бир изилдөөлөрдүн жыйынтыгына караганда, балбандардын техникалык-тактикалык кыймыл-аракетинин атаандаштык шартында аткарылган натыйжалуулугу жакшы жыйынтык бере алган эмес [7,8, 13].

Ушул көйгөйлөрдү изилдеген адистердин арасындагы анкеталык сурамжылоодо аныкталгандар:

- акыркы жылдардагы киргизилген өзгөртүүлөр жана толуктоолор беттештин укмуштуулугуна багытталбастан, тогуз коргоолду артыкчылыгын чектеп, башка өлкөнүн тогуз коргоолчулар байгелүү орундарга ээ болушун шарттаган. Булар III Дүйнөлүк көчмөндөр оюнун өткөрүү маалында байкалган;

- сурамжылоого катышкандардын ою боюнча тогуз коргоолдун санын азайтуу ийгиликсиз өзгөртүү болгон;

- өзгөртүүнүн тууралыгы деп респонденттер тогуз коргоолду пассивдүү кыймыл –аракеттери үчүн жазалоо деп эсептешкен;

- мелдеш эрежелери тез-тез өзгөрүлүшү [12].

Мелдеш эрежелерин өзгөртүүнүн оң жактарына оюн учурундагы тогуз коргоолду натыйжалуу, чукул чабуулуна берилген кошумча бир упай болгон жыйынтыгында жогорудагы өзгөрүүлөрдүн негизинде тогуз коргоолду натыйжалуу чабуулдарды жана амплитудалык техникалык кыймылдарды жасаганга аракеттенишет.

Педагог катары өзүн-өзү башкаруу аракеттеринин механизмдери. Улуттук маданий мурастардын эл аралык, эстетикалык жана адеп-ахлактык тармактары.

Мугалимдик кесиптин ишмердүүлүгүн компетенттүү мамиленин негизинде калыптандыруу методдору жана ыкмалары. Андан тышкары атайын компьютер аркылуу иштей турган тесттер иштелди. Педагогикалык ишмердүүлүктү компетенттүү мамиленин негизинде уюштурууга багыт алууну, кесиптик маанилүү сапаттардын, педагогикалык карым-катнаштын элементтерине ээ болуунун билгичтикеринин, көндүмдөрүнүн жана педагогикалык техниканын, студенттердин чыгармачылык индивидуалдуулугун өнүктүрүүгө жана калыптандырууга багытталган “XXI кылымдын мугалими жана компетенттүү мамиле» аттуу компьютер менен иштей турган тесттерге кыскача мазмуну: Азыркы билим берүүдөгү жаңылоолордун багыттары. Кесиптик компетенттүүлүк жана аны калыптандыруунун мааниси. Педагогикалык компетенттүүлүк жана педагогикалык ишмердүүлүк. Педагогикалык компетенттүүлүктүн мазмуну, аны ишке ашыруу жолдору. Педагогикалык баарлашуу, педагогикалык жөндөмдүүлүктөр, педагогикалык техника, педагогикалык таасир берүү каражаттары, театралдык педагогиканын элементтери жана чечендик

искусство, педагогдун жалпы жана кесиптик маданияты тууралуу түшүнүктү калыптандыруу саналат.

Даярдыктын функцияланышуу максаты болуп ДТИтүн инсандык жана социалдык алгылыктуу деңгээлде аткарылышы саналат. Даярдыктын мазмуну жогорку келтирилген изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын талдоо ДТИкө даярдыктын зарыл жана жетиштүү компоненттери 2.1. – таблицада көрсөтүлгөн.

**Таблица 2.1. – Кыргыз улуттук спорттук тогуз коргоол боюнча студенттердин даярдыгынын компонеттери**

| Компоненттер | Компоненттердин мазмуну |
|---|---|
| Мотивациялык компонент | Ишмердүүлүктүн аталган түрүндө инсандык колдонуучулук мамиле |
| Рефлексивдүү компонент | Өз дене тарбиялык ишмердүүлүгүнө рефлексивдүү мамилени шарттаган, өнүккөн өзүн таанып-билүү сезими |
| Физикалык компонент | Физикалык сапаттардын өнүгүшүнүн жетиштүү деңгээли |
| Маалыматтык компонент | Дене тарбиялык ишмердүүлүктүн теориялык жана методикалык негиздерин билүү |
| Ыкчам компонент | Дене тарбиялык ишмердүүлүктүн ыктарына ээ болуу |

Бул максаттарды ишке ашыруу үчүн төмөндөгүдөй милдеттер коюлат:

- студенттердин кесиптик багытын калыптандыруу максатында көрүнүктүү педагогдордун кесиптик компетенттүүлүгүн үйрөнүү жана алардын негизинде атайын теориялык даярдыкты тереңдетүү;
- студенттердин өзү-өзүнүн чыгармачыл сезүүсүн өнүктүрүү, кеп маданиятын жана техникасын жогорулатуу;
- студенттердин таанып- билүү аракеттердин өстүрүү максатында кесиптик кесиптик компетенцияларга көңүл буруу, окутуу-тарбиялоо процесстерин башкара билүү компетенттүүлүгүн тереңдетүү;

- студенттердин заманбап билим берүү тенденциялары жөнүндө компетенттүүлүгүн өстүрүү жана аларга жараша ар бирөөнүн жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу;

Студенттерди өзүн-өзү тарбиялоого ойготуу, алардын үзгүлтүксүз кесиптик анын ичинде кесиптик компетенттүүлүгүн өзү жакшыртуу жана өзү иш жүзүндө көрсөтө билүү керектөөсүн калыптандыруу. Даярдыкты изилдөөнүн негизги методу катары ДТИкө даярдыктын, таанып–билүүнүн предмети катары, анын модели менен таанып билүү иш–аракети аркылуу айрым сапаттарды жактарды жана касиеттерди изилдөөгө шарт түзгөн педагогикалык моделдөө колдонулду. Системалуу мамилеге ылайык дене тарбиялык ишмердүүлүк төмөнкү катыштарда мүнөздөлөт: 1) максаттуу багыттуулукта; 2) мазмунунда; 3) функционалдашуу механизмдеринде; 4) жаралышында жана өнүгүшүндө.

Педагогикалык компетенттүүлүктү калыптандыруучу компоненттери. Эксперименталдык программанын максатында бир нече милдеттердин чечилиши каралган, алар:

- кесиптик компетенттүүлүктүн жана анын компоненттеринин калыптанышынын диагностикалоо методикасын иштеп чыгуу;
- кесиптик кесиптик маанидеги сапаттарды, педагогикалык жөндөмдүүлүктөрдү калыптандыруу;
- карым-катыштын стилин ж.б. кесиптик компетенттүүлүктүн ар бир компоненти боюнча диагностикалоо;
- студенттердин өзүн-өзү билимге жетиштирүүсүн жана кесиптик компетенттүүлүктүн деңгээлин жогорулатуу.

Компетенттүү мамиле жана «кесиптик компетенттүүлүк» деген түшүнүктөрдү болочок мугалимдин кесиптик даярдыгында интеграциялоо максатында ата-мекендик жана чет өлкөлүк тажрыйбаларга талдоо жүргүзүү.

Болочок мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүнүн калыптандыруу максатында, ал багытты түзүүчү компоненттердин мазмунун иштеп чыгуу. Болочок мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу процессинин мазмунундагы өзгөчөлүктөрдү эсепке алып, кесиптик таламдарына жана каалоолоруна ылайык улантуулары үчүн шарттарды түзүү.

Программанын кыскача мазмуну: Мугалимдин кесипкөйлүүлүгүнүн түзүлүшүндөгү кесиптик компетенттүүлүк. «Кесиптик ишмердүүлүккө даярдык», «компетенттүүлүк», «чеберчилик», «кесипкөйлүүлүк» түшүнүктөрүнүн жалпылыгы жана айырмасы. Болочок мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүнүн түзүлүшү жана мазмуну. Болочок мугалимдин кесиптик жана атайын кесиптик компетенттүүлүгүнүн структурасы.

Болочок мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүн биз теоретикалык моделге сунуштаган төрт компоненттердин негизинде (когнитивдүү компонент, баалоочулук компонент, ишмердүүлүк компонент, маданияттуулук компонент) калыптандырууну максатты эсептелет.

Болочок дене тарбия мугалимдин кессиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууда жетекчиликке алынуучу принциптер:

2.7.-Таблицасы. Студенттердин кесиптик компетенттүүлүгүн аныктоо критерийлери

| № | Критерийлер | Мазмуну |
|---|---|---|
| | Когнитивдүү компоненти жана кесиптик багытындагы компетенциялар аркылуу болочок кесиби тууралуу таанып-билүү кызыкчылыктардын багытталышы | жалпы жана методологиялык таанып-билүү<br>системасынын билимдерине ээ болушу гумандуу окутуу программанын билгичтерине ээ болуу деңгээли;<br>кесиптик компетенттүүлүктү калыптандыруу максатында жеке инсандык баалуулугунун багытын реалдаштыруу; |
| | Балоочуулук компоненти | -болочок кесиптик ишмердүүлүккө баалуулук мамилени жандыруусу;<br>-кесиптик компетенциялардын топтомун калыптандыруу максатында талдоо жүргүзө алуу деңгээли;<br>- өзүнүн кесиптик маанидеги педагогикалык иш аракетине жараша диагностикалык компетенттүүлүккө ээ болуу; |
| | Ишмердүүлүк компоненти | -бүтүмдүү педагогикалык процесстин маңызын, мыйзамдарын жана мыйзам ченемдүүлүктөрүн колдоно<br>билүү компетенцияларына ээ болуу;<br>-азыркы активдүү окутуу технологиялардын маңызын,<br>өзгөчөлүктөрүн колдоно билүү;<br>-ар түрдүү сабактардын технологиясын билүү жана<br>компетенттүү мамиленин негизинде колдонуу компетенцияларына ээ болуу;<br>-кесиптик маанидеги компетецияларды практикалык иште демонстрациялай билүү;<br>- калыптанган кесиптик компетенцияларды ар кандай педагогикалык жагдайларда көрсөтө алуу; |
| | Жалпы маданият компоненти | -чет тилдерди билүү, инсандар, маданияттар аралык<br>-Компетенттүүлүктүн көрсөткүчтөрүнө ээ болуу деңгээли;<br>- гумандуу негизде окуучулар менен мамиле түзө билүү;<br>- жалпы маданияттын мыйзам ченемдүүлүктөрүн пайдалана билип,демократиялык карым-катнаш стилгеэ болуу;<br>- өз элинин, кошо жашаган элдердин маданияты, тарыхы, адабияты, каада-салттары |

| | | |
|---|---|---|
| | | жөнүндө таанып-билүү компетенцияларына ээ болуу;<br>-баарлашуу маданиятына,жалпы жана эл аралык коммуникативдүүлүк компетенциялаына ээ болуу.<br>-эл аралык биримдикке үндөө жана чындоо компетенцияларына ээ болуу. |

**Өз ара байланыш жана өз ара аракет принциби**. Бул принцип өзүнө эки аспектини ичине камтыйт. Биринчиси – дене тарбия мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүнүн компетенцияларынын өз ара байланышы. Экинчиси – мугалим менен студенттердин биргелешкен иш аракети. Мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүнүн анын ичинде кесиптик компетенттүүлүгүнүн талдоодо, көпчүлүк учурда анын курамдык бөлүктөрүн өз ара байланышын бири-биринен көз карандылыгын ачып көрсөтүүгө басым жасалышы шарт.

Болочок дене тарбия мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүн маани-маңызы система катары дал ушундай жол менен гана аныкталат.

**Өнүгүү принциби**. Бардык педагогикалык кубулуштар жана фактылар мобилдүү, динамикалуу дайыма өзгөрүлүп туруучу касиетке ээ. Өнүгүү принциби педагогика багытында окуган студенттердин болочок мугалим катары кесиптик компетенттүүлүгүн өнүктүрүүчү функциясынын ишке ашырылышын көзөмөлгө алат.

**Детерминизм принциби**. Дене тарбия багытында окуган студенттердин болочок дене тарбия мугалим катары кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу процесси педагогикалык себеп-натыйжа байланыштар мененмүнөздөлөт. Кандай гана педагогикалык кубулуш болбосун анын жаралыш, жашап турушун шарттаган себептер болот. Ошондой эле, ар кандай иш аракет кийинки кубулуштардын келип чыгышына себеп болот.

**Активдүүлүк принциби**. Талданып жаткан болочок дене тарбия мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүнүнмаңызын терең ачып көрсөтүү, андан ары өркүндөтүү, зарыл учурда ар бир студент талдоочу да болуп, олуттуу активдүүлүгүн көрсөтүшү абзел.

**Ишмердүүлүк принциби**. Аталган принцип В.В. Давыдовдун айтымы боюнча ан-сезимдүүлүк принципке карама-каршы турат. Бул принциптин негизинде окутуунун субъекттери билимдерди даяр түрдө алышпайт, алар талдоо жүргүзүшөт, билимдерин пайда болуу шарттарына жана алар атайын иш-аракеттин негизинде таанып билген предметтерди өзгөртүүгө же моделдештирүүгө шарттары бар.

**Предметтүүлүк принциби**. В.В. Давыдовдун айтымы боюнча аталган принциптин негизинде жалпыдан жекеге өтүү мүмкүнчүлүгү бар. Эгерде аталган принципке карама-каршы турган көрсөтмөлүк принцип жекеден жалпыга өтүүнү сунуштаса жана индуктивдүү жолду тандаса, биз сунуштаган принцип аркылуу студенттер дедиктивдүү жол менен алган түшүнүктөрүн өздөштүрүшөт.

**Туура тандап алуу принциби**. Дене тарбия багытында окуган студенттердин болочок дене тарбия мугалим катары кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруусу окутуу процессинде ишке ашат. Окутуунун турмуш менен байланышын камсыз кылуу үчүн кошумча материалдарды пайдаланууга туура келет.Окуу материалын тандоо берилген теманы андан ары тереңдетип үйрөнүүгө база түзө алгыдай негизги гана окуу материалын аныктап алуу жана анын бекем өздөштүрүлүшүнө көбүрөөк көңүл буруу максатын көздөйт. Ошол эле учурда анчалык маанилүү эмес окуу материалдарын окуу программага кошпоо максатка ылайык.

**Кадам принциби**. Аталган принциптин негизинде тандалып алынган материалды студенттер сезимдүү түрдө толук кабыл алып үлгүргүдөй кылып рационалдуу тандоо курска бөлүштүрүү процесси жатат. Окуу материалдарын студенттер тарабынан жеңил үйрөнүлө тургандай кылып, бири-бири менен байланышкан анча чоң эмес майда бөлүктөргө, кадамдарга бөлүү зарыл. Башкача айтканда, окуу материалынын тандоо курстарга бөлүнгөн ырааттуу системасын аныктап чыгуу зарыл. Окуу материалын тогуз коргоол курсуна бөлүштүрүү жана анын студенттер тарабынан туура кабыл алынып жаткандыгы- окутуунун негизи болуп эсептелет.

Материалды өтө эле тогуз коргоол курсуна бөлүштүрүү түшүндүрүүнүн тизмектештигинин бузулушуна алып келет. Тескерисинче, материалды ирирээк тогуз коргоол курсуна бөлүштүрүү аны түшүнүүнү, студенттердин билимин текшерүүнү татаалдаштырат.

**Натыйжалуу катышуу принциби**. Бул принциптин негизинде педагогика багытында окуган студенттердин болочок мугалим катары кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууда анын алган билимин үзгүлтүксүз текшерип туруу процесси катылган. Бардык студенттерди окуу процесссине активдүү катыштырып, ар бир студенттин көңүлүн бүткүл жаңы материалга топтоо, ар бирине тиешелүү суроолорду берүү эң зарыл методикалык ыкма болуп эсептелет. Студентке берилген ар бир маалыматтан кийин ага байланыштуу кандайдыр бир суроого жооп берүү же маселе чечүү талап кылынат. Суроолор студенттердин натыйжалуу катышуусунун көрсөткүчү болот да, берилген маалыматтын өздөштүрүлгөндүгүн же өздөштүрүлбөй калганын көзөмөлдөйт.

**Ийгиликке жетүү принциби**. Дене тарбия багытында окуган студенттердин болочок дене тарбия мугалим катары кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууда, анын ар бир аракетинин тууралыгын эч токтоосуз ырастап туруу процесси жатат. Студенттер катардагы бөлүктөргө байланыштуу суроого жооп бербей туруп, кийинкисине өтө албайт. Бул иш аракеттин негизинде студенттер өзүн- өзү текшерүүгө үйрөнүшөт. Студенттердин берген жоопторунун тууралыгы өз убагында ырасталып туруусу кажет. Эгерде студенттердин ишинин тууралыгын ырастоо жок болсо, анда ал туура эмес фактыларды, туура эмес аракеттерди да туура деп эсептеп калышы мүмкүн. Бул учурда анын мындай катасын жоюу эң кыйын болот.

**Түз жана тескери байланышты ишке ашыруу принциби**. Дене тарбия багытында окуган студенттердин болочок дене тарбия мугалим катары кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууда аталган принцип чоң мааниге ээ. Башкарылуучу окуу процессинде түз байланыш деп мугалимден студенттерге келүүчү маалымааттар(материалды түшүндүрүү,

консультациялар, ондоолор, тактоолор ж.у.с.), ал эми тескери байланыш деп студенттерден мугалимге келип туруучу окуу материалынын өздөштүрүлүшүнүн сапаты, анын тереңдиги жана бекемдиги жөнүндөгү бардык маалыматтар эсептелет. Тескери байланыш канчалык тез болсо, мугалимдин эмгегинин эффективдүүлүгү да, окуу процессин башкаруунун сапаты да ошончолук жогору болот. Демек, студенттердин эмгектенүүсү да ошончолук интенсивдүү болуп, алардын өздөштүрүүлөрү жогорулайт.

**Жекече ыкчамдык принциби**. Дене тарбия багытында окуган студенттердин болочок дене тарбия мугалим катары кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууда, ар бир студенттин өзүнүн мүмкүнчүлүгүнө карата ага жекече тапшырма берип, өз алдынча эмгектенүүгө үйрөтүү. Мында окуу иши жекече аткарылгандыктан, ар бир студент өзүнүн ыкчамдык жөндөмүнө жараша илгерилей алат. Жакшы окуган студент начар студентке салыштырганда ар кандай окуу материалын болжол менен үч эсе тез өздөштүрө тургандыгы педагогикалык тажрыйбадан жана көп сандаган изилдөөлөрдөн айкын болду. Ошондуктан түшүндүрүүнүн темпин жакшы окуган студенттерге жараша ориентациялоодо начар окуган студенттер материалды кабыл алууга үлгүрбөй калышат, тескерисинче, түшүндүрүүнүн темпин начар окуган студентке ылайыктап жай жүргүзсөк, анда алдыңкы студенттерди эмгектенте албай калабыз, алардын өсүүсүн жасалма түрдө токтоткон болуп калабыз. Демек, окутуу процессинде ар бир студентти анын дал өзүнө туура келүүчү темпте эмгектентүү эң зор мааниге ээ. Окутуунун бардык этабында ар бир студенттин анын өзүнө тиешелүү темпинде эмгектентүү иштин ийгилигин бир кыйла даражада камсыз кылат.

**Баскычтан баскычка көтөрүлүү принциби**. Дене тарбия багытында окуган студенттердин болочок дене тарбия мугалим катары кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууда окуу материалдар жөнөкөйдөн татаалга, билгенден билбегенге, жеңилден оорго карай ырааттуу түзүлүшү керек. Логикалык жактан толук аякталган системалуу билимди калыптандыруунун материалын жеңилден оорго карай бүткүл окуу жылына

ылайыктап пландаштырылат. Структуралык жана логикалык схемада, белгилүү логикалык тизмектештикте бири-бири менен жана башка предметтердин тиешелүү бөлүмдөрү менен байланышта болгудай дозаларга бөлүштүрүлгөн бөлүмдөрдүн, темалардын, параграфтардын(же информациянын элементтеринин) системалаштырылган тизмеси берилет.

Структуралык жана логикалык схеманын негизинде бөлүштүрүлгөн план түзүлөт да, анда ар түрдүү окуу материалынын жана сабакта колдонулуучу методикалык ыкмалардын эң эле рационалдуу ирээттүүлүгү көрсөтүлөт.

**Жеткиликтүүлүк принциби**. Дене тарбия багытында окуган студенттердин болочок дене тарбия мугалим катары кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууда окутууга талап кылынуучу материалдарды тандап алууда жеткиликтүүлүк принцибин жетекчиликке алууга керек. Окуу материалдарынын мазмунун, көлөмүн аныктоодо студенттер туш келүүчү таанымдык кыйынчылыктарды жана аларды чечүүнүн жолдорун айкындап алуусу чоң мааниге ээ. Жеткиликтүүлүк принцибин окутууну жеңилдетүүнүн талабы катары тике маанисинде кабылдоого болбойт.

Ар бир студент кесиптик билимдерди өздөштүрүүдө дайыма кыйынчылыктарды сезип турууга тийиш. Бирок, ал кыйынчылыктарды жасалма түзүүгө болбойт. Ошондуктан тогуз коргоол дисциплинасынын мазмунун аныктоодо жалаң эле студенттер ээ болууга тийиш болгон түшүнүктөрдүн, закондордун тизмеси менен гана чектелүүгө болбойт.

Кыргыз улуттук спорту тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу боюнча калыстын ишмердүүлүгүндөгү изилдөөнүн мазмуну көп кырдуу, татаал, ошол эле учурда эң керектүү жана калыстын ар кандай инсандык сапаттарына жана жөндөмдүүлүгүнө таасирин тийгизет. Ушунун натыйжасында анын келечектеги өсүп-өнүгүп, теоретикалык, психологиялык, нравалык-эстетикалык, техникалык-тактикалык жактан балбанды даярдоону өздөштүрүү жана өркүндөтүүгө

өбөлгө түзүлөт. Мында негизделген кыймылдар ишке ашырылат, божомолдуу, пландуу, рационалдык алдын -ала аракеттер жана алардын ишке ашыруу жараянындагы өз убагында оңдолушу (коррекция) психико-эмоционалдык жөндөмүн турукташтырууга, жалпы жана атайын дене тарбия даярдыгы жүргүзүлөт. Жогоруда айтылган талаптар менен бирге калыстын аракеттерин эске алуу менен мелдештик процесстин өзүнчөлүгү чоң мааниге ээ.

Жогоруда алынган материалдардын жекече фактылык интерпретациясы ушул изилдөөнүн тапшырмасына жана максатына жараша катуу тартипте ишке ашырылат. Мында өзгөчө калыстын кесипкөйлүк-педагогикалык даярдыктын деңгээлине коюлган талаптарды аныктоого, анын жетишээрлик деңгээлине, атайын мазмундагы иштелип чыккан жана кесипкөйлүк ишмердүүлүгү усулдук негиздерине көңүл бурулат. Аныкталган ишмердүүлүктүн өзүнчөлүк мүнөзү, балбандардын квалификациялык деңгээлине жараша аныктоонун формасы, спорттук мелдештин масштабы жана рангы көңүлдөн сырткары калбаш керек. Мунун бардыгы изилдөө учурундагы иштелип чыккан жумуштун гипотезасынын өзгөчөлүгүнө баш ийет жана анын атайын уюштурулган эксперименталдык иштерде натыйжалуулугун реализациялоого мүмкүндүк берет.

Коюлган педагогикалык маселелерди ийгиликтүү чечүүдө төмөнкүдөй өздүк жана фактылык материалдарды алуунун усулдарына маани берилди:

- атайын адабий булактардын жана инструкциялык-ченемдик талаптардын( материалдардын) теоретикалык-педагогикалык анализи;

- тестирлөө( анкеталык, аңгемелешүү, интервью алуу);

- эксперттик баалоонун усулдары;

- педагогикалык байкоо;

-педагогикалык эксперимент;

-алынган эксперименталдык көрсөткүчтөрдү математикалык иштеп чыгуунун усулдары:

**“Атайын булактардын жана инструкциялык-ченемдик талаптардын (материалдардын) теоретикалык-педагогикалык талдоонун”** усулдары төмөнкү максатта колдонулду: диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугун аныктоо, ири илимий программалар менен диссертациянын темасынын байланышы, жүз берген карама-каршылыктарды, обьекти, предметти аныктоо жана изилдөөнүн методологиялык негизи, илимий жанылыгын, абалын эл алдында жактоого алып чыгуу ж.б. Бул үчүн төмөнкүлөр изилденди, жалпыланды жана интерпретацияланды: диссертациялык иштер, диссертациялык иштердин авторефераттары, журналдардагы макалалар, илимий-практикалык конференциялардын материалдары, китептер жана окуу куралдары, окуу пландары жана калыстарды даярдоонун расмий материалдары.

Кыргыз улуттук спорту тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүнүн калыптанышы жана өнүгүшү боюнча илимий-усулдук жана атайын адабияттар анализге алынды. Ошондой эле тогуз коргоол боюнча оюндардын атайын педагогика, социология, психология, дене тарбия жана спорт боюнча теория жана практика, эл аралык таанымдагы жана улуттук (мындайча айтканда олимпиадалык жана олимпиадалык эмес) спорттун түрлөрү боюнча маселелери жана башка спорттук -педагогикалык багыттар каралды. Учурдагы изилдөөнүн тапшырмасын эске алганда, негизги көңүл кыргыз улуттук спорту тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу боюнча болочок дене тарбия мугалимдерди даярдоодо жана кесипкөйлүк ишмердүүлүктүн көйгөйлөрүнө бурулду.

Изилдөөнүн негизинде жалпылоо, сынчыл анализдөө, интерпретациялоодо төмөнкү маселелер чечилди:

- изилдөөнүн методологиялык негиздерин иштеп чыгууда диалектиканын төмөнкү мыйзамдары окуп-үйрөнүлдү: танууну-тануу, карама-каршылыктар; принциптер: илимий, системалуу, жекеликтен жалпыга, обьективдүүлүк; калыстын инсандык изилдөөсүнүн аналитикалык-синтетикалык принциптери, көрүнүштөрдүн жана процесстердин өз ара

байланышы, ар тараптуу талдоо кыргыз улуттук спорту тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу боюнча калыстын кесипкөйлүк ишмердүүлүгүнө конкреттүү далилдерге таянуу менен; айлана-чөйрөдөгү процесстердин жана көрүнүштөрдүн бирдиктүү, өз ара айкалышы жана өз ара байланышы; ишмердүүлүгүнүн маңызы жана керектөө-түрткү берүүчү мүнөздөгү кесипкөйлүк-педагогикалык өнүгүү; өнүгүүнүн ички (экзогендик) кыймылдаткыч күчтөрү (механизмдер), өзүн-өзү калыптандыруу, калыстын инсандык өзүн-өзү өркүндөтүү жана алардын муктаждыктарга (калыстын кесипкөйлүк-педагогикалык өсүүсүнүн муктаждыктары) таасирин активдештирүү;

- адистердин кесипкөйлүк-педагогикалык даярдыгынын маселелерин негиздүү калыптандыруу максатында, Кыргыз улуттук дене тарбия маданияты жана анын маанилүү багыттарындагы кесипкөйлүк-педагогикалык өнүгүүсүнүн көйгөйлөрү боюнча материалдары дыкаттык менен изилденип, мындан ары кесиптик билим берүүнүн өсүп-өнүгүшүндөгү илимий-практикалык конференциялардын материалдары каралды.

- жалпы педагогикалык жана атайын спорттук адабий булактардын анализин үйрөнүүдө артыкчылык биздин кызыкчылыктардын(мындайча айтканда, сезимдердин күчөшү) көйгөйлөрүн изилдөөгө берилди;

- инсандын кесипкөйлүк-педагогикалык мүмкүнчүлүктөрүнүн калыптанышы жана өнүгүшүнүн теориясы боюнча маселелерге мамиле жасоонун педагогикалык ыкмалары жана эволюциясынын тарыхы боюнча обзор, жалпылоо жана сынчыл анализ жүргүзүлдү, адамга билим берүү жана окутуу теориясынын өнүгүшү каралды.

Мына ушинтип, адабий булактарды интерпретациялоо жана байытуу, үйрөнгөн материалдарга аналитикалык мамиле жасалып, тандалган теманын актуалдуулугун, изилдөө ишинин маанилүү багыттары аныкталды жана азыркы учурдагы дене тарбия маданияты кыргыз улуттук тармагынын өсүп-өнүгүшүнө кошкон салымы белгиленди.

Изилдөө иштерин ишке ашыруу жараянында 200 жакын адабий булактар окуп-үйрөнүлдү жана талдоо жасалды, алардын ичинен ишибиздин темасына түздөн-түз тиешеси бар 139 булакка шилтеме берилди.

**“Кыргыз улуттук спорту тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүнүн калыптанышы педагогикалык билим берүүнүн тажрыйбасын окуп-үйрөнүү жана жалпылоо( интерпретация**)”- бул илимий ишибиздеги илимий усул болуп, педагогикалык усулдарды уюштурууда, билим берүү жараяны жүргүзүүдө кеңири колдонулду. Мына ушул максатты ишке ашырууда биз төмөнкүлөргө: лекциялык, семинардык, усулдук, практикалык жана өз алдынча кесипкөйлүк даярдык өнүгүшүнө байкоо жүргүздүк.

**Тестирлөө( анкеталык, аңгемелешүү, интервью алуу).** Бул усул кыргыз улуттук спорту тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүнүн калыптанышына даярдык, окутуучу-машыктыруучунун ишмердүүлүгүнүн ар кандай жактарын жана балбандардын ар кандай спорттук квалификациясын Кыргыз улуттук спорту тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүнүн калыптанышы боюнча далилдик материалдарын окуп-үйрөнүү жана талдоо жолу менен алынды.

Изилдөөнү ишке ашыруу убагында аткарылган иштин өз алдынчалыгын эске алуу менен тестирлөөнүн төмөнкү түрлөрү колдонулду: анкеталык, аңгемелешүү, интервью алуу. Изилдөөнү жүргүзүүдө аңгемелешүү менен интервью алуунун ролу кошумча кызмат аткарып, негизинен изилденүүчү жактардын көйгөйүн жана анкеталык барактарды иштеп чыгууда изилдөөнүн баштапкы мезгилинде колдонулду.

Бул учурда анкеталык сурамжылоо материалдарды чогултууда негизги усулу болду, кыргыз улуттук спорту тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүнүн калыптанышы кесиптик тапшырмасын натыйжалуу аткаруудагы обьективдүү жана субьективдүү факторлорун үйрөнгөнгө жана кыргыз улуттук спорт тогуз коргоол боюнча дене тарбия мугалимдерин даярдоонун түрлөрүн аныктоого түздөн-түз таасирин тийгизди.

Анкеталык сурамжылоо формасы боюнча сырттан жана индиви дуалдуу болуп, бир багыттуу максаттуулугу менен мүнөздөлөт. Анкеталык баракчалар катышуучунун ар бирине жекече таркатылып, алар өз алдынча эч кимдин кийлигишүүсүз толтурулду. Суроолор ачык жана жабык мүнөздө болуп, ар кандай версияларын өз алдынча жазууга мүмкүнчүлүк берилди. Алардын кээ бирлери көзөмөлдүү багыттуулукту камтыды.

Ушундай жол менен фактылык материалдарды топтоо, кыргыз улуттук спорту тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүнүн калыптанышы жакшы жактарын жана кемчиликтерин аныктоо максатында математикалык жактан иштелип чыгылды.

Респонденттердин курамы:окутуучу-машыктыруучулар, Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин “Дене тарбия маданияты” адистиги боюнча студенттери болду. Бардыгы болуп 100 анкеталык баракчалар талдоого алынды.

Дене тарбия боюнча окутуучу-машыктыруучулар, тогуз коргоол менен аңгемелешүүлөр спорттук ишмердүүлүктөгү көйгөйлөрдү аныктоо максатында жүргүзүлүп,калысты даярдоо системасын, калыстын оптималдуу “моделин” табууда алардын ойлорун жана көз караштарын билүү максатында болду. Кыргыз улуттук спортту тогуз коргоол боюнча болочок дене тарбия мугалимине коюлган учурдагы талаптар, кесипкөйлүк-педагогикалык тандоодогу көз карашы жана башкалар эске алынды.

**Эксперттик баалоо усулу** кыргыз улуттук спортту тогуз коргоол боюнча болочок дене тарбия мугалими билим билгичтик, көндүмүнүн деңгээлин түздөн-түз аныктоо максатында жүргүзүлдү. Эксперттик баалоонун баракчалары жалпы кабылданган баалоо шкалысынын негизинде түзүлүп, эл аралык таанымдагы спорттогу калыстардын практикасында кеңири колдонулат. Эксперт болуп, улуттук категориялары бар калыстар, тажрыйбалуу окутуучу-машыктыруучулар, спорттун ардагерлери катышты.

**Педагогикалык байкоо**(ПБ) кыргыз улуттук спорту тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүнүн калыптанышы табыйгый шарттагы

кыймыл-аракеттери, атаандашкан жактардын жекеме-жеке беттешүүсү, окутуучу-машыктыруучулар, команданын өкүлдөрү жана көрүүчүлөр, катышуучулардын көзөмөлүндө болушат.

Педагогикалык байкоо жараянын жүргүзүүдө фиксация жана талданган кыймылдар: кыргыз улуттук спорту тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүнүн калыптанышында ар кандай кыймыл-аракетине карата мелдештин катышуучуларынын реакциясы; жыйынтыктарды кабыл алууда жана чыгарууда жүрүм-турумунун багыты; окутуучу-машыктыруучулар, көрүүчүлөрдүн жүрүм-турумунун багыты; окутуучу-машыктыруучулардын өз ара мамилесинин деңгээли; мелдеш өткөрүлгөн жердеги (залда) психо-эмоционалдык кырдаал (атмосфера); окутуучу-машыктыруучулар, көрүүчүлөрдүн реакциясы; эксперменталдык талаптарга болгон күчөтүлгөн сезимдер.

Педагогикалык байкоонун максатын жана маселесин эске алуу менен изилдөөнүн жыйынтыктары дыкаттык менен талдоого алынып , төмөнкү багыттар боюнча жалпыланды: тандалган кыргыз улуттук спорту тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүнүн калыптанышы педагогикалык-социалдык мааниси, калыстын инсанга коюлган талаптардын мүнөздөмөсү, калыстын квалификациясынын фактылык деңгээли, балбандардын спорттогу бийик жыйынтыктарга жетүүдөгү, кыргыз улуттук спорту тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүнүн калыптанышынын даярдыгынын мазмуну кирет.

**Педагогикалык эксперимент (ПЭ)** изилдөөнүн маселелерин чечүүнүн экпериментaлдык усулдарынын натыйжалуулугун текшерүү максатында жүргүзүлдү.

Пландоо, уюштуруу жана эксперименталдык иштерди жүргүзүү процессинде изилдөөнүн усулдарынын бир катар группасын колдонууга аракеттендик ( таблица 2.9).

**Таблица 2.9.-Эксперименталдык ишти изилдөөдө колдонулган усулдардын тайпасы**

| **Изилдөө усулдарынын тайпасы** | **ЭИ учурунда колдонулган усулдардын аты жана мазмуну** |
|---|---|
| Изилдөө усулдарынын биринчи тайпасы | ПЭ катышкандардын кесипкөйлүк даярдыгы (квалификация) менен кыргыз улуттук спорту тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүнүн калыптанышын салыштыруу усулдары |
| Экинчи тайпа | Илимий-педагогикалык ПБ маалыматтарын чогултуу жана респонденттердин анкеталык сурамжылоосун изилдеген эмпирикалык усулдар |
| Үчүнчү тайпа | Изилдөөдөгү алынган фактылык материалдардын өзүндөгү сандык (математикалык) жана сапаттык (корреляциялык) анализди кайра иштеп чыгуу усулдары |
| Төртүнчү тайпа | Изилдөөнүн системалык-структуралык (интерпретациялык) усулу кыргыз улуттук спорту тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүнүн калыптанышында - кесипкөйлүк квалификациясы (деңгээли) менен практикалык ишмердүүлүктүн өз ара байланышын аныктайт |

Логикалык ой жүгүртүүнү изилдөө үчүн мелдешке чейин жана мелдештен кийин “логикалык” тест колдонулду. Изилденүүчүгө эки бири-бирине байланышкан көз караштар жана акыл жыйынтыгынын (силлогизм) корутундусу жөнүндө тапшырмасы бар бланк берилет.Силлогизмдин жарымы

логикалык, жарымы атайын туура эмес берилет. Коюлган талап алардын туура же туура эместигин аныктоо болуп саналат.

Изилденген иштин режиминин (ыргак) натыйжалуулугун аныктоодо ПБ, тестирлөөгө ылайыктуу көрсөткүчтөр, психо-физиологиялык усулдар да колдонулду.

Изилдөөдөгү саналып өткөн усулдар төмөнкү катарда иреттелет: адабий булактарды окуп-үйрөнүү, ПБ, эксперттерди сурамжылоо, интервью алуу, корреляциялык талдоо (CV). Ушуларды колдонуу менен тесттердин маалыматтык мазмуну, алардын аткарылыш шарттары жарактуулугу жана ишенимдүүлүгү аныкталды.

Жалпылап айтканда, жогоруда каралган педагогикалык шарттар, эксперименталдык программанын мазмуну жана дене тарбия багытында окуган студенттердин болочок дене тарбия мугалим катары кесипттик компетенттүүлүгүн калыптандыруу максатында колдонулган принциптер педагогика багытында окуган студенттерге окутуунун мазмунун жакшыртып өнүктүрүүнү, психологиялык-педагогикалык ыкмаларды эффективдүү пайдаланууну, билим берүүдө мезгилдин талабын өркүндөтүүнүн бирден-бир каражаты катары саналып, өсүп келе жаткан инсандын профессионалдык даярдыгын камсыз кылууга шарт түзөт.

Биздин изилдөөбүз күбө болгондой, аталган шарттардын негизинде заманбап окутуунун технологиясын колдонуу студенттердин көп жактуу чыгармачылык аракеттерин калыптандырууга, алардын кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууга, ошону менен бирге, өз алдынчалуулук жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө ыңгайлуу шарттар түзөт.

## 2.2. Болочок мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууда инновациялык жана интерактивдүү технологияларды колдонуу.

“Технология” терминин алгач педагогика илимине колдонууда ал “окутуу” терминине байланып, окутуунун технологиясы деп гана

түшүндүрүлгөн. Кийин тереңирээк изилдөө жүргүзүүнүн натыйжасында бул түшүнүк бир топ өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Азыркы учурда педагогикада “педагогикалык технология”, ”билим берүүнүн технологиясы” жана “окутуунун технологиясы” деген түшүнүктөр бири-биринен айырмаланып айтылат.

Көп учурда“технология”деген терминди“методика” деген термин менен бир мааниде карашат, бирок булардын айырмасын кеңири карашкан авторлор: И.Б.Бекбоев, А.Алимбеков[28,5-б.]. Алардын айтымы боюнча“технологияда” окуу процессинин субъектиси”колдонгонду билет”, айтып бере алат” деген түшүнүккө ээ болгондугу азыркы мезгилдеги талаптанган компетенцияларынын мазмунуна шайкеш келет деген ойдобуз, башкача айтсак, компетенттүүлүктүн парадигмасына жакындыгы менен айырмаланат.

Окутуунун технологияларын изилдеген окумуштуулар Ю.К. Бабанский [25], И. Б. Бекбоев, А. Алимбеков[28], В. В. Гузеев[50], Е. В. Доманский[57], М. В. Кларин[80], Ю. В. Койнова-Цельнер[81], А. М. Мамытов[104], Н. Н. Манько[105], В. М. Монахов[108], В. Оконь[116], А. И. Пискунов[120], Е. С. Полат[124], Г. К. Селевко[136 ] ж.б.

“Окутуу технология” түшүнүгүндө бир нече көз караш орун алганын байкоого болот. Биринчи көз карашка басым койгон окумуштуулар педагогикалык технологияны каражат катары карашат, б.а. педагогикалык технология– бул окутуу процесси үчүн методикалык инструментарийлерди, аппаратураларды, окуу жабдыктарын даярдоо жана колдонуу. Мындай көз карашты Б.Т. Лихачев, Ю. К. Бабанский [25], өңдүү окумуштуулар бекемдешкен.

Экинчи көз карашты бекемдеген окумуштуулар В. П. Беспалько[32], И.Б. Бекбоев, А.Алимбеков[28], ж.б. Алардын ойлору боюнча педагогикалык технология– бул педагогикалык процесстин катышуучуларынын системалык өз ара аракеттенүүсүнө, аныкталган алгоритмге, программага негизделген коммуникациянын процесси(ыкма, модель, окуу милдеттерин аткаруунун техникасы).

Үчүнчү көз карашты бекемдеген окумуштуулар педагогикалык технологияны социалдык, башкаруучу жана табигый илимдерге таянган кеңири билимдердин областы деп түшүнүшөт. Мындай ой пикирде В.В.Гузеев[50], П.И.Пидкасистый[122] болушууда.

Төртүнчү көз карашты бекемдеген окумуштуулар М.В.Кларин[80], Г.К.Селевко[136], А.П. Чернявская[160] ж.б. педагогикалык технологияны көп кырдуу процесс деп эсептешет.

Активдүү окутуу технологиялары компетенттүүлүк парадигмасына ылайык болуп азыркы мезгилде кеңири колдонууда. А.А. Вербицкий ЖОЖлардагы активдүү окутуу технологияларга өтө жогору маани берип, "аларды туура колдонсо, окуу маалыматтар жеке инсандык билимдерге айланат" - деп белгилеген[41].

Активдүү окутуу технологиялары төмөнкүдөй белгилери менен айырмаланышат:

-  студенттердин бири-бири менен же мугалим менен сөзсүз түрдө өз ара иш аракетте болушу;
-  студенттердин жетишүүсүн жана материалды толук өздөштүрүүсүн этап боюнча баалоого өбөлгөлөрдүн болушу;
-  сабактардын мотивациялык, эмоциялык жана чыгармачылык мүнөздөгү деңгээлинин жогорулугу;
-  материалды максималдуу түрдө кыска мөөнөттө өздөштүрүүгө багыттуулугу.

Заманбап талаптарга жооп берген технологиясын атасак, ал немец тилинде(die thematische interaktionelle Methode), ал эми кыргызча болсо: (темага байланышкан интерактивдүү иш аракеттер). Бул технологиянын өкүлү- Рут Кон[79]. Рут Кондун модели дүйнөлүк педагогикалык илимде алгылыктуу орун алган, анын сунуштаган технологиясында предметтик компетенциялар предметин өзүндө камтылган, методикалык компетенциялар: "мен" деген түшүнүктө, ал эми социалдык компетенциялар: "биз" түшүнүктө орун алган.

Модулдук окутуунун технологиясы. Акыркы жылдары жогорку кесиптик окуу мекемелеринде студенттердин окуу ишмердүүлүгүн активдештирүү, окуу материалын жеңил өздөштүрүүгө жетишүү, алардын ишмердүүлүгүн шыктандыруучу таасирлерди берүү, студенттердин чыгармачылыгынын өсүшүнө шарттарды түзүү деген маанилүү маселелерге өтө зор көңүл бурула баштады.

Мындай иш аракеттердин арасында педагогика багытында окуган студенттердин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруусун уюштурууга арналган технологиянын катарына модулдук технологияны кошууга болот. Модулдук окутуунун технологиясынын максаты – өзүнчө жана көз карандысыз модулдар аркылуу студенттердин жекече кызыгууларын жана таанып билүү мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен ар кандай удаалаштыкта, көлөмдө жана темпте билим берүүнүн окуу программасын өздөштүрүүгө шарттарды түзсө болот.

Модулдарга бөлүнгөн программага ылайык студенттердин окуу ишмердүүлүгүн уюштуруу модулдук окутуунун технологиясынын маңызы болуп эсептелет. Модулдук окутуунун алкагында окуу курстарынын мазмуну өз алдынча, бүткөрүлгөн модуль түрүнө келтирилип, булар ошол эле учурда маалыматтын банкы, өздөштүрүүнүн методикалык колдонмосу болуп дагы эсептелет. Модулдук окутуу мугалим менен студенттин ортосундагы субъект-субъект катышынын паритеттүүлүгүн шарттайт. Ошол себептен мугалим менен студенттин ортосундагы консультациянын тез-тез болуп турушу максаттуу деп эсептелет.

Модулдук окутуу текшерүүнүн рейтингдик системасы менен байланышкан, ошондуктан кай бир учурда муну окутуунун модулдук-рейтингдик системасы деп дагы аташат.

Модулдук окутуунун алгачкы изилдөөчүлөрүнүн бири П.Я.Юцявичененин[169], төмөнкүдөй негиздеген принциптерине көңүл бурсак:

-  окуу материалын анча чоң эмес, өзгөчөлөнгөн элементтерге бөлүү;

 окутуу процессинин катышуучуларынын ишмердүүлүгүнүн методдоруна таянуу;

 модулдун мазмунун эркин өзгөртүү мүмкүнчүлүгү;

 мазмундун жана аны өздөштүрүү жолдорунун студенттердин жеке керектөөлөрүнө шайкеш келтирүү;

 окутуунун максатын так түшүнүү;

 мугалим менен студенттин биргелешкен аракеттеринин паритеттүүлүгү;

 методикалык консультациялардын көп кырдуулугу.

Модулдук окутуу төмөнкүдөй талаптарга жооп бериши зарыл[169]:

1) Модулдун аталышы кыска жана так болушу керек.

2) Модулду өздөштүрүүнүн жыйынтыгында калыптандырылуучу компетенциялары жазылып чыгышы зарыл.

3) Компетенциялардын деңгээлдери белгиленип, алар негизделиши керек.

4) Компетенциялардын калыптанган деңгээлин алдын ала билүү үчүн “кирүү тесттери” даярдалышы керек.

5) Өздүк тажрыйбалардын актуалдашуусунун ыкмалары жазылып чыгышы керек.

6) Актуалдашкан тажрыйбаларды талдоонун жолдору алдын ала аныкталышы зарыл.

7) Компетенцияларды өнүктүрүүчү кайсы теориялык билимдер зарыл экендиги белгилениши керек.

8) Жаңы тажрыйбалардын бекемделишин камсыз кылуучу практикалык тапшырмалар даярдалышы зарыл.

9) Компетенциялардын калыптангандыгын текшерүүчү тесттер даярдалышы зарыл.

Кыргызстанда бул проблеманын үстүндө эмгектенген окумуштуулар: Ж.У.Байсалов, А.М.Кененбаев, Н.Ахметова ж.б. эсептелет.

Окутуунун компьютердик технологиясы. Бул технология көпинформациялык, интеллектуалдык, коомдук-саясий, коммуникациялык ж.у.с. компетенцияларды калыптандырууну көздөйт. Коомдун талабынын компетенттүүлүк парадигмасына жараша өзөктүү компетенциялардын топтомун калыптандырууга көмөктөшүүчү каражат десек жаңылышпайбыз.

Айрым окумуштуулар айткандай, В.В.Краевский, А.В. Хуторской Г.К.Селевко ж.б. [87;157;135] окутуунун компьютердик технологиясы– бул окутуу процессинин максаттуу багытталышын камсыз кылуу үчүн, педагогикалык шарттарды камсыздоочу каражаттардын, компьютердик техниканын негизинде өз алдынча окууну жана өзүн-өзү контролдоону, телекоммуникациялык байланыш каражаттарын, интерактивдүү программалык-методикалык камсыздоону, көрсөтмө боюнча педагогдун функциясынын кандайдыр бир бөлүгүн моделдөөнү, маалыматтарды берүүнү, студенттердин таанып-билүүсүн жана жеке инсанга багытталган ишмердүүлүгүн башкаруу боюнча методдордун, ыкмалардын, жолдордун топтому болуп саналат.

Окутуунун тогул торгоол оюндун технологиясы жана окутуунун компьютердик каражаттары аркылуу окуу процессинин субъктисин калыптандырууда төмөндөгүдөй педагогикалык максаттарды көздөйт:

-  студенттин инсандык сапатын өнүктүрүү;
-  ой-жүгүртүүнү өстүрүү(мисалы, көрсөтмөлүү-аракеттүү, көрсөтмөлүү-образдуу, интуитивдүү, чыгармачыл ж.б.у.с.);
-  эстетикалык татымды калыптандыруу;
-  коммуникативдик жөндөмдүүлүгүн өстүрүү;
-  туура чечим кабыл алуу же татаал ситуацияларда чечимдердин вариантын сунуш кылуу;
-  маалыматтык маданиятты калыптандыруу;
-  окутуу процессинин сапаттуулугун жана эффективдүүлүгүн жогорулатуу;
-  окуучулардын таанып-билүү ишмердүүлүгүн активдештирүү;

- маалыматтарды иштетүүнүн заманбап каражаттарын колдонуунун негизинде предметтер аралык байланышты тереңдетүү;
- окуу процессинин субъектилеринин педагогикалык кызматташтык карым-катнашын кеңейтүү;
- коммуникациялык каражаттардын негизинде кызматташуу жана мамиле түзүү мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү.

Демек, окутуунун тогул торгоол оюндун технологиясы билим берүүнүн инновациалык технологиясынын негизи болуп, студенттин өз алдынча суроо-талаптарын ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн түзүп, жеке инсандын өнүгүшүн, жеткиликтүү деңгээлдеги билим алуусун жана квалификациясын үзгүлтүксүз жогорулатууну камсыз кылат. Ошону менен бирге, дене тарбия багытында окуган студенттердин болочок дене тарбия мугалими катары кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууда окутуунун компьютердик технологиясын иштеп чыгуу жана аны жайылтуу бүтүндөй билим берүү процессине бир кыйла маанилүү таасирин тийгизиши мүмкүн.

Дене тарбия багытында окуган студенттердин болочок дене тарбия мугалими катары кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууда окутуунун тогуз коргоол оюндун мааниси, жазуу, жасап жемей, ат жетээр, байлоо жана байлоодон чыгуу ыкмалары, стратегияссы, амалдары, “Атсыроо” абалдарынын түзүлүшү, мелдештин жобосу, жеңүүчүлөрдү аныктоо, оюндун эрежелери: жүрүш, туз, оюндун аягы, оюндагы кетирген каталары, тогуз коргоол сааты, партияларды жазуу, оюндун жыйынтыгын аныктоо жана ойнолгон партияларга талдоо жүргүзүлөт.

Кыргызстандын жогорку окуу жайларынында компьютердик технологиянын жардамы менен окуу курстарын өздөштүрүү маселеси азыркы учурдун актуалдуу маселелеринен болуп эсептелет. Бул боюнча республикалык масштабдагы илимий изилдөөлөр сейрек экендигин белгилей кетүү керек.

Окутуунун кредиттик технологиясы(ОКТ)

- ❖ дүйнөлүк маалыматтык дене маданиятты калыптандыруу менен бирге инсандар аралык мамилени өнүктүрүү;
- ❖ студенттердин өз алдынча ой-жүгүртүүсүн өстүрүү менен бирге дүйнөлүк масштабдагы билим берүү системасын таанып билүүсүнө көмөктөшүү;
- ❖ туура чечим кабыл алуу же татаал ситуацияларда чечимдерди туура кабыл алууга көмөктөшүү;
- ❖ окутуу процессинин сапаттуулугун жана эффективдүүлүгүн жогорулатуу;
- ❖ студенттердин таанып-билүү ишмердүүлүгүн активдештирүү;
- ❖ маалыматтарды иштетүүнүн заманбап каражаттарын колдонуунун негизинде маданияттар аралык байланышты тереңдетүү;
- ❖ окуу процессинин субъектилеринин педагогикалык кызматташтык карым-катнашын кеңейтүү ж.б.

Демек, окутуунун кредиттик технологиясы эаманбап билим берүүнүн негизги жана алдынкы технологиясынын бири болуп, студенттердин өз алдынча ой жүгүртүүсүн өстүрүү менен бирге дүйнөлүк масштабдагы билим берүү системасын таанып билүүсүн өнүктүрүп, жеткиликтүү деңгээлдеги билим алуусуна өбөлгө болот. Андан тышкары, студенттердин таанып-билүү ишмердүүлүгүн активдештирүү негизинде алардын инсандар аралык жана маданияттар аралык байланышты тереңдетүүгө шарт түзөт.

Жалпылап айсак, заманбап окутуу технологиясы– окутуунун максатына жетүү үчүн тандалып алынган методдорду, каражаттарды ар кандай формада колдонуу деп эсептелинет.

Окумуштуулардын (И.Бекбоев, Э.Мамбетакунов, В.В.Краевский, А.В. Хуторской Г.К.Селевко ж.б.) айтымында, заманбап окутуунун технологиясына мүнөздүү өзгөчөлүктөр болуп төмөнкүлөр эсептелет:

1. Окутуунун мезгилге шайкеш келиши, б.а. окутуунун учурдун талабына туура келтирүүгө багытталышы.

2. Оптималдуулук– окутуучу менен студенттин минималдуу өз ара аракеттеринин негизинде максималдуу натыйжага жетишүү. Мында эң негизги фактор– убакытты үнөмдөө жана билим берүүнүн жогорку сапаты болууга тийиш.

3. Интегративдүүлүк– таалим-тарбия ишин өркүндөтүүгө оң таасир берүү максатында көпчүлүк илимдердин жетишкендиктерин бириктирүү.

4. Илимдүүлүк– окутууда жаңы мазмунду, методду, каражатты жана уюштуруу формасын колдонуунун натыйжасын изилдөө.

5. Процесстердин жана оң натыйжалардын кайталанып турушу, таалим-тарбия берүүнүн улам кийинки этабында жаңы жетишкендиктерге жетүүгө умтулуу.

6. Окутуучу менен студенттин иш аракетин программалоо– окуу процессин так уюштуруу, пландоо.
7. Окуу каражаттарын жана материалдарын активдүү колдонуу.
8. Билим берүүнүн рационалдуу чөйрөсүн уюштуруу.
9. Окутуунун натыйжасын сапаттуу баалоо.

Окутуунун технологиясын иштеп чыгууда мазмуну бири-бири менен тыгыз байланышта болгон эки элементти белгилесек болот, аларга окутуунун билим берүүчүлүк максатын аныктоо жана максатка жетүүнү камсыз кылуучу процесстерди түзүү.

А.А.Вербицкийдин[41] айтымына караганда, кесиптик билим берүүнүн негизги максаттарынын бири – болочок кесипкөйгө окутуу мезгилинде келечектеги кыргыз улуттук спорту тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүн жалпы түзүлүшүн калыптандыруу.

Бул кесиптик окуу мекемелериндеги кесиптик компетенттүүлүгүнүн сапатуу калыптандыруу максатына жетүү үчүн ишмердүүлүгүнүн бир түрүнөн (таанып- билүүчүлүк) экинчи түрүнө(кесиптик) өтүүнү, трансформацияны, ага ылайык керектөө жана мотивдердин, максаттардын, аракеттердин каражаттардын, предмет жана жыйынтыктардын алмашуусун камсыз кылуучу окутууну уюштуруу зарыл дегенди билдирет.

Бүгүнкү күндө болочок дене тарбия мугалимди кесиптик жактан, ошону менен бирге кесиптик жактан даярдоо процессинде окуу ишмердүүлүгү менен кесиптик ишмердүүлүгүнүн ортосунда ачык карама-каршылык байкалууда.

Биздин оюбузча, аталаган карама- каршылыкты жеңүү үчүн биз салттуу эмес окутуу технологияларды колдонууну көздөгөнбүз. Биз өткөн сабактын формалары: Вена диаграммасы, Синквейн, Кызыктуу микрофон, комментариялоо күндөлүгү, дебат сабактары ж.б. Эксперименталдык программанын максаты боюнча аталаган сабактардын формалары калыптандыруучу группалардын студенттерине өтүлгөн. Төмөндө бир-эки салттуу эмес окутуу технологияларды колдонулган сабактардын үлгүлөрү берилген:

Сабактын темасы: “Азыркы мезгилдин атактуу педагогдору”

Сабактын формасы: Диаграмма Вена

Практикалык сабактын стратегиялык максаттары:

-  окула турган темадан жалпычылыгын жана ар түрдүүлүгүн айырмалай билүү компетенцияларын өстүрүү;
-  прогноз жасай билүү, салыштыруу, резюме берүү компетенцияларды калыптандыруу;
-  жаңы маалыматты болочок кесип менен жана кесиптик компетенттүүлүктү калыптандыруучу окуу материалдар менен байланыштырып өтүү;
-  жеке өсүп- өнүгүү, өзүн- өзү чыгармачыл деңгээлде реалдаштыруу, инсандык баалоочуулук компентенцияларга ээ болуу;
-  ар түрдүү окутуу каражаттарды, технологияларды тандоо критерияларынын билгичтигине ээ болуу;
-  жалпы маданияттын мыйзам ченемдүүлүктөрүн пайдалана билип,демократиялык карым-катнаш стилге ээ болуу;
-  чыгармачыл деңгээлде элестетүү жана импровизациялоо компетенцияларына ээ болуу.

Сабактын темасы: “Кыргыз элинин этнопедагогикалык мурастары”

Сабактын формасы: Комментарий берүү күндөлүгү

Практикалык сабактын стратегиялык максаттары:

-  окулган материалдын маңызын көрө билүү;
-  өтүлгөн материал боюнча комментарийлерди берүү;
-  өтүлгөн темалар боюнча педагогикалык идеяларды издөө;
-  өтүлгөн темалар боюнча өзүнүн идеяларын болочок кесип жөнүндө ой пикирлерин айта билүү.

Биздин изилдөөбүздө ишмердүүлүк оюндар да колдонулду. Ишмердүүлүк оюндардын педагогикалык мазмуну– ой жүгүртүүнү өстүрүү, кесиптик маанидеги билимдерге ээ кылуу, келечектеги адистин өз алдынчалуулугун жогорулатуу, окутуу процессине чыгармачылык рухту киргизүү, анткени менен, негизгиси, студенттерди практикалык кесиптик ишмердүүлүккө даярдоо. Ишмердүүлүк оюндардагы окутуунун негизги маселеси болуп «Эгер жагдай төмөнкүчө болсо, ”эмне болмок”, ишмердүүлүк оюндарга даярдоочу жана жыйынтыктоочу иретинде имитациялык....?

Предметтик жана социалдык аспектилери менен келечектеги эмгектин контекстин кайра жаратуучу болуу менен ишмердүүлүк оюн студентке абстрактуу билимдерди системалаштырууга, интеграциялоого жана чечимдерди даярдоо жана кабыл алуу, конкреттүү проблемалуу кырдаалдарды иштеп чыгууну кошуу ж.б. менен кесиптик ишмердүүлүккө трансформациялоого мүмкүндүк берет.

Жаңы интерактивдүү технология катары биз эксперименталдык программабызда “Дебаттарды” кеңири колдондук. “Дебаттар” - бул студенттердин болочок мугалим катары азыркы демократияланган, ачык коомго керектүү көп компетенцияларды, алардын ичинен кесиптик маанидеги билгичтерди калыптандыруучу эффективдүү каражат деп эсептейбиз.

Эксперименталдык программанын максатына жараша лекцияларды, ролдук оюндарды өтүүдө калыптандыруучу группанын студенттери кесиптик компетенттүүлүктүн компоненттери менен бирге бир нече педагогикалык кесибине керекүү компетенцияларга ээ боло алышты:

а) маалымат алуучу компетенциялары: интернет менен иштөө, статистикалык маалыматтар, таблицалар менен иштөө, өзүнүн билимин толуктоо, оюн туура жана так айтуу ж.б.у.с.

б) уюштургуч компетенциялары: бир темпте иштөө, иштөө планды, контраргументтерди туура түзүү, өз алдынча көзөмөл жүргүзүү,өз ишмердүүлүгүн анализ аркылуу ондоо, түздөө ж.б.у.с.

в) интелектуалдык компетенциялары: салыштыруу, жалпылоо, анализдөө, тиги же бул маалыматтын маанилүүгүн баалоо, кейске керектүү материалды чогултуу ж.б.у.с.

Негизинен калыптандыруучу группалардын студенттери кесиптик компетенттүүлүгүнүн маңызын түзгөн компетенцияларга ээ боло алышты: инсандар аралык жана маданияттар аралык мамилелерди түзө билүү, окутуу процессте кесиптик чөйрөнү түзө билүү,эл аралык маанидеги карым катнашты калыптандыруучу факторлорду негиздөө ж.б.у.с.

Биздин эксперименталдык программабызда педагогика багытындагы окуган студенттердин болочок мугалим катары кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууга багыт алган сабактар да өтүлдү, мисалы:

Дене тарбия багытында окуган студенттердин болочок дене тарбия мугалим катары кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу максатында биз силлабус түзгөнбүз (Тиркеме №4).

Жогоруда бегилеген окутуу технологиялардын өзөгүн түзгөн жана педагогдордун ишмердүүлүктөрүн багыттоочу өз ара байланыштагы принциптердин системасы болуп саналат:

- окутууну турмуш менен байланыштыруу принциби;
- окутуунун системалуулук жана ырааттуулук принциби;
- илимийлүүлүк принциби;
- жеткиликтүүлүк принциби;
- сезимталдуулук жана чыгармачыл жигердүүлүк принциби;
- көрсөтмөлүүлүк принциби;
- кайра байланыш принциби;

- когнитивдүү өсүп-өнүктүрүү принциби;

Жалпылап айтканда, дене тарбия багытында окуган студенттердин болочок дене тарбия мугалим катары кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууда биз тараптан салтуу эмес, интерактивдүү окутуу технологияларды кеңири колдонуп, анын негизинде төмөнкү жыйынтарды белгилесек болот:

-  салттуу эмес интерактивдүү окутуу технологияларды педагогикалык процессте кеңири колдонуу, педагогикалык кызматташтыкка ээ болууну жана педагогикалык карым-катыш чечимдерди кабыл алууну, болочок кесипке карата кесиптик компетенттүүлүктун калыптануусуна таасир тийгизет;
-  окуу ишмердүүлүгү менен болочок дене тарбия мугалим катары боло турган кесиптин ишмердүүлүгү менен байланыштырууга шарттар түзүлөт;
-  педагогикалык ой жүгүртүүнү өстүрөт, келечектеги кесиптикке карата өз алдынчалуулугун жогорулатат;
-  студенттердин окуу мотивацияларын, өстүрүп, алардын окууга, дене тарбия илимине кызыкчылыгын калыптандыруу менен бирге кесиптик маанидеги билгичтерин өстүрөт.
-  ар бир студенттин таанып-билүү процессинде өзүн-өзү реалдаштырууга мүмкүнчүлүктөр пайда болот.
-  студенттердин инсандар аралык жана маданияттар аралык мамилелерин кенейтүүгө шарттар түзүлөт.

Жыйынтыктап айтканда, салтуу эмес, интерактивдүү окутуу технологиялар аркылуу студенттердин кесиптик маанидеги ишмердүүлүгү калыптанбастан, окутуу процессинде предметтик контекстине жараша келечектеги кесиптик ишмердүүлүктүн басымдуу мамиле жасоого шарттар түзүлөт.

## 2.3. Болочок дене тарбия мугалимдин кыргыз улуттук спортту тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүн даярдоонун педагогикалык методдору

Дене тарбия багытында окуган студенттердин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары катары окутуу процессиндеги болочок дене тарбия мугалим катары үзгүлтүксүз кесиптик практикасын уюштурууга каралган үзгүлтүксүз практикалык даярдоо саналат.

Педагогикалык практиканын ордун окутуу процессте жана анын маанилүү маселелерин чечүүдө өз салымын кошкон окумуштуулар: О.А. Абдуллина, Н.Н. Загвязкина[3], С.И. Архангельский[18], А.Г. Асмолов[24], В.И. Байденко[26], Ю.К. Бабанский[25], К.Д. Добаев[56], К.М. Дурай-Новикова[60], С.А. Абдыманапов, Г.С. Ахметкаримова, Л.В. Нефедова, М.Г.Соколова[4] ж.б.

Жаңы мамлекеттик билим берүү стандарттары, окуу пландары, окуу программалары компетенттүү мамиленин негизинде түзүлүп: биринчи, экинчи, үчүнчү курстарда окуу жылы бою үзгүлтүксүз педагогикалык практика өткөрүү максатталууда. Экинчи курстан кийин тарбиялык жайкы практика «Окуучулардын жайкы эс алуусун уюштуруу» өткөрүлөт. Үчүнчү жана төртүнчү курстарда педагогикалык практиканы өткөрүүсү сунушталган.

Практиканын ар бир түрүнүн өзүнүн спецификалык максаттары жана милдеттери, мазмуну, өткөрүү базасы жана уюштуруу өзгөчөлүктөрү бар болушу абзел.

Үзгүлтүксүз педагогикалык практиканын өзгөчөлүгү:

Үзгүлтүксүз педагогикалык практиканын өзгөчөлүгү болуп анын психологиялык- педагогикалык циклдеги негизги дисциплиналарды үйрөнүү менен коштоо мүнөзүндө өткөрүлүшү саналат.

Эң орчунду ролду психологиялык-педагогикалык практикумдар ойнойт, анткени алар реалдуу мектеп ишмердиги менен окутуу-тарбиялоо процесстери тууралуу теориялык билимди ылайыкташтырууга жардам берет. Практиканын ушул түрү аудиториялык сабактардын торчосунан сырткары пландаштырылып, «мектеп күнү» формасында жумасына 2 сааттан курс

бою өткөрүлөт, практиканы өткөрүү базасы болуп жалпы билим берүүчү мектептер эсептелет.

Болочок мугалимдин практикалык ишмердүүлүгүнүн объектиси болуп окуучулардын жүрүм-турумунан жана окутуу-тарбиялоо процесстин ар кандай тармактарынан көрүнүүчү психологиялык-педагогикалык кубулуштар, процесстер, абалдар эсептелет.

Үзгүлтүксүз практиканын максаты:

- студенттердин теориялык дисциплиналарды үйрөтүү процессиндеги профилдик дисциплиналар боюнча билим, билгичтик жана көндүмдөрдү бекемдөө жана тереңдетүү, аларды конкреттүү педагогикалык милдеттерди чечүүдө колдонуу;
- болочок мугалимдин кесиптик өзүн-өзү аныктоосу жана келечектеги педагогикалык ишмердүүлүгүнө кызыгуу аркылуу тандоонун тууралыгын бекемдөө;
- педагогикалык ишмердүүлүгүндөгү кыйынчылыктарды жеңип өтүүгө жардамдашуучу туруктуу жана өз ара байланыштагы мотивдердин системасынын, ишенимдердин, кызыкчылыктардын жана керектөөлөрдүн, максаттардын, баалуулуктардын комплекси катары болочок мугалимдин кесиптик педагогикалык инсандык багыт алуусунун, индивидуалдуу стилдин, кесиптик позициянын калыптануусу;
- болочок мугалимдеги балдарды сүйүү жана гуманизм, толеранттуулук, адилеттүүлүк, педагогикалык такт жана этика, эмпатия, талапчылдык, принципиалдуулук. Объективдүүлүк, адамдарга жана ишке абийирдүүлүк менен мамиле жасоо, чыдамкайлык, өзүн кармана билүү ж.б. кесиптик маанилүү жана инсандык сапаттардын калыптануусу, педагогикалык жөндөмдөрдү өнүктүрүү;

- окуучулар менен тарбиялык иштерди уюштуруу жана өткөрүү тармагындагы көндүмдөр жана билгичтиктердин калыптануусу жана окуучу инсанды үйрөнүү боюнча илимий-изилдөө иштери, психологиялык-педагогикалык ишмердүүлүк, дипломдук ишти даярдоодо жана практика тууралуу отчетто колдонууга мүмкүн болуп алынган материалдарды системалаштыруу жана жалпылоо.

Үзгүлтүксүз педагогикалык практикада төмөнкү милдеттер чечилиши менен бирге, педагогика багытында окуган студенттердин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууга ыңгайлуу шарттар түзүлөт:

- студенттердин болочок кесипке туруктуу кызыгуусун калыптандыруу;
- студенттердин кесиптик жактан – маанилүү сапаттарын, педагогикалык жөндөмдүүлүктөрүн, билим жана ишмердүүлүктүн ыкмаларын, рефлексивдик билгичтиктерди калыптандыруу жана өнүктүрүү;
- студенттердин болочок кесипке карата жана педагогикалык ишмердүүлүккө карата чыгармачылык, изилдөөчүлүк мамилелерин өнүктүрүү;
- студенттерди алдыңкы педагогикалык тажырыйбалары бар мектептердин педагогикалык процессти уюштуруунун технологиясы менен жана пландаштыруунун азыркы абалы менен тааныштыруу;
- студенттерди мектепте иштеп жаткан алдыңкы мугалимдердин жеке тажрыйбаларын үйрөнүүгө багыттоо жана алардын байкоо, талдоо жана жалпылоочу билим жана билгичтиктерин калыптандыруу;
- студенттерди мектептеги жана класстагы окутуу-тарбиялоо ишти уюштуруу жана өткөрүүдө окуу-методикалык жана илимий

окуу каражаттар менен иштей билүү көндүмдөрүнө жана билгичтиктерине ээ болуу;

- болочок мугалимди күнүмдүк психологиялык-педагогикалык кубулуштарды байкоого, талдай билүүгө үйрөтүү жана инсандарaралык,маданияттар аралык мамилерин өнүктүрүү ж.б.

Үзгүлтүксүз практика педагогика багытында окуган студенттердин болочок мугалим катары төмөнкү кесиптик жана кесиптик компетенттүүлүктүн негиздерин калыптандырууга шарт түзүүсү зарыл:

Кыргыз Республикасынын жаш муунду тарбиялоо концепциясынына таянып, конкреттүү окутуу-тарбиялоо милдеттерди аныктоо менен бирге окуучулардын курактык жана индивидуалдуу өзгөчөлүктөрүн жана группа жамааттын социалдык-психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу;

- окуучулардын өнүгүүсүн диагностикалоо жана алардын тарбияланышын долбоорлоо максатында алардын инсандык сапаттарын жана окуучулардын жамаатынын өзгөчөлүгүн үйрөнүү;
- педагогикалык ишмердүүлүктү күнүмдүк жана перспективалык пландаштыруу аркылуу ишке ашыруу(предмет боюнча окуу жана класстан тышкаркы иштер, балдардын ар тараптуу ишмердүүлүгүн туура башкаруу ж.б.);
- окуучулардын окуп, таанып- билүүчүлүк ишмердүүлүгүнө маани берип, педагогикалык жетекчиликтин ар тараптуу форма жана методдорун колдонуу, билим берүүчүлүк, тарбиялоочулук милдеттерди коюу жана чечүү;
- окуу материалдарын жыйноо, окутуунун уюштуруу формаларын жана методдорун негиздүү тандоо жана колдонуу, окутуунун ар тараптуу каражаттарын колдонуу ж.б.;
- коюлган милдеттерди аткаруу үчүн окуучулар жамаатын уюштуруу; окуучулар өздөрүнүн кыймыл-аракеттеринин ырааттуулугун аныктоо, милдеттерди аткаруу методдору менен

актив жана жамаатты уюштуруу, үйрөтүү, актив жана жамааттын өз ара мамилелерин координациялоо, көзөмөлдөө, жыйынтыктарды чыгаруу жана иштин анализин уюштуруу;

- окуучуларды тарбиялоого катышкан мугалимдер, класс жетекчилер, тарбиячылар, ата-энелер жана башка тараптар менен кызматташуу;
- окутуу-тарбиялоо ишти байкоо жана анализдөө, аны түзөтүү, психологиялык-педагогикалык дисциплиналар боюнча изилдөө иштерин өткөрүү;
- окуучулар, ата-энелер,комдун мүчөлөрүнүн арасында инсандар аралык жана маданияттар аралык мамилелерин кенейтүү иштерин жүргүзүү.

ЖОЖдо тандоодо маанилүү болгон төмөнкү критерийлерди жетекчиликке алуу керек: мектептеги окутуу-тарбиялоо иштин жогорку деңгээли жана педагогикалык жамааты студенттер менен иштөөгө даярдыгы.

Студенттердин үзгүлтүксүз практикасынын негизги мазмуну болуп ар кандай курактык топтордогу адамдар менен тарбиялык иштер саналат (балдар, өспүрүмдөр, жаштар жана ата-энелер); өзүнүн адистигинин предмети боюнча окуучулар менен иштөө; класстан тышкаркы тарбиялык иштер; кесипке багыт берүү иштери; коомдук-уюштуруучулук иштер.

Ар бир студенттин педагогикалык практика учурунда ишмердүүлүгүнүн түрлөрүн атасак алар: класс жетекчинин жардамчысы, узартылган күндөгү топтун тарбиячысынын жардамчысы, мугалим-предметинин, предметтик ийримдин жетекчисинин жардамчысы, спорт секциясынын, кызыгуулар боюнча клубдардын жардамчысы катары аткарат.

Түздөн-түз практикалык ишмердүүлүк алдыдагы ишти үйрөнүү шарттарын өздөштүрүүдөн башталат. Болочок мугалим үйрөнүү процессинде эмнеге маани бериши керек: окутуу-тарбиялоо мекеме кандай материалдык-техникалык базага ээ, анда канча окуучу билим алат жана тарбияланат, педагогикалык жамаат кандай, ал кандай спецификалык милдеттерди чечет

деген түшүнүктөрдү билүүгө аракеттениш керек. Студентке чоң жардамды документация бере алат: пландар, отчеттор, журналдар, окуучулардын жеке иштери. Үзгүлтүксүз практика процессинде болочок мугалим-педагогдордун ишине байкоо жүргүзөт жана алардан жардам алат, мындан сырткары, окуу жайдын методисттеринин жардамы менен окуучуларды үйрөнөт, өзүнүн ишмердүүлүгүн пландаштырат.

Практика учурунда окутуу процесси системалуу түрдө уюштурулса, студенттерде жаңы ойлор жаралат, калыптанат, андан ары психикалык жактан өнүгөт жана ар түрдүү иш аракеттердин жардамынын негизинде кесиптик билимге ээ болуп, аларды керектүү кырдаалда пайдалана билүү тажырыйбасын өздөштүрүшөт.

Объективдүү талаптарды эске алуу менен бирге системалуу түрдө болочок мугалимдин бардык тараптан даяр болушун камсыздашыбыз керек.

Кайсыл гана предметтин мугалими болбосун ар тараптуу, көп кырдуу даярдыктарды талап кылат.

Студенттердин болочок мугалим катары кесиптик компетенттүүлүгүнүн өнүктүрүлгөн деңгээли өзүн-өзү баалоосу, албетте, анкета жүргүзүү аркылуу, ошондой эле окуткан окутуучулар тарабынан да бааланып, байкоо, тест жүргүзүү ж.б.у.с иш аракеттер менен ишке ашыш керек. Бул иш аркылуу азыркы замандын негизги максаты ишке ашат: болочок мугалимдин кесипкөйлүүлүгүн өркүндөтүү, сандык эмес сапаттык даярдоо проблеманы чечүү,анын кесиптик компетенттүүлүгүн өнүктүрүү жана калыптандыруу.

XXI кылымдын мугалими бүтүндөй турган турпаты менен да айырмаланып турушу керек. Бүтүндөй уюштургуч мүнөзгө ээ болгон педагогикалык жөндөмдүктөрү бар, коммуникативдүү компетенцияларга ээ болгон, эске тутуму өтө жакшы, толеранттуу, өтө жогорку деңгээлде окутуп жана компетенттүү мамиленин негизинде үйрөтө алган инсан болушу талапталынат. Студенттердин кесиптик, анын ичинен, кесиптик компетенттүүлүктү ар түрдүү этаптарда өздөштүрүп жатып, илимий жактан да

багытталган жана даярданган мүнөздөргө ээ болушу мезгилдин талаптарынын бири экендигин эстен чыгарбашыбыз керек. Айта кетишибиз абзел, Кыргызстанда көп жогорку окуу жайларында сөзсүз түрдө бир нече кесиптик боюнча мугалимдик кесипке даярдашат. Себеби, кесиптердин кесиби, же болбосо жөнөкөй эле кызыгуу«мугалим- ыйык адам» деп сыймык менен тапшырышат экен айрым абитуриенттер.(сурамжылоо анкетанын жыйынтыгына карата).

Болочок мугалимдерди даярдоо, сапаттуу даярдоо оңойго турбайт.

Кесиптик, анын түзүлүшүнүн ичиндеги кесиптик компетенттүүлүк бир күндө, бир окуу семестрде эмес, өмүр бою түбөлүк калыптанышын көп окумуштуулар белгилешкен(Г.И.Богин,Т.В.Боева, В.П. Байденко, В.А. Болотов, А.И.Дахин, И.А. Зимняя, Э.М. Мамбетакунов ж.б.) Болочок мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгү көп кыйынчылыктарды жеңүү менен калыптанат. ЖОЖдо илимий- методикалык булактарга таянып, педагогика багытында окуган студенттердин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу процессинин деңгээлине анализ жасоо, окутуу процессинин белгилүү учурлары менен тыгыз байланышта болушу абэел. Мисалы:

- 3 - курста тандап алган кесибине анализ жасоо;

- 4-курста биринчи педагогикалык практикадан кийин;

-5- курста аяктоочу этапта кесиптик жана кесиптик компетенттүүлүгүн көрсөтүчтөрү толук пайда болуу мезгилинде: айрыкча педагогикалык практикада.

Сандан сапатка адамзат дайыма умтулуп келген. Ал эми бүгүнкү күндө өзгөчө бааланып келген педагогикалык сапат: ал бардыгы үчүн жооп бере турган - мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгү. Аталган критерийди педагогикалык практиканы өтүү учурунда калыптандырууну көздөшүбүз керек.

Мурдатан бери белгилүү: педагогикалык практиканы уюштуруу маселелери план аркылуу ишке ашат. Бир мезгилде педагогикалык

практиканы комплекстүү пландаштыруу адатка айланган. Бүгүнкү күндө практиканын жетекчиси педагогикалык практикада өтүлгөн сабактын талдоосун студент – практиканттар менен кошо жүргүзүшү керек. Кандай гана болбосун педагогикалык практиканын жетекчиси, аны уюштуруну өз мойнуна алышы керек жана өзү да мыкты усулчу болушу керек. Мына ушундай комплекстүү критерий болочок дене тарбия мугалимди даярдоодо өтө керектүү нерсе.

Дене тарбия багытында окуган студенттердин болочок мугалим катары кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууда педагогикалык практиканын жетекчиси, мыкты усулчу катары студенттердин көңүлүн эмнеге бурушу керек: педагогикалык практиканы жана анда өтүлө турган сабактарды туура пландаштыруу жана компетенттүү түрдө алып баруу, сабакты өтүүдө окутуунун технологияларын туура тандоо. Андан тышкары практиканын жетекчиси тынымсыз педагогикалык кеңештерди берип, ар бир сабактын, тарбялык иштин фрагменттерин студент менен чогуу ойлонуш турушу абзел. Андан тышкары сабактын максатына, тапшырмаларга студенттердин көңүлүн буруп, болочок дене тарбия мугалим катары кызыгуусун өстүрүүнү көздөшү зарыл. Мына ушулардын бары ишке ашканда гана ар бир студенттин болочок мугалим катары кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу максаты жакшы жыйынтыктарды бере алат. Чындыгында жогорудагы айтылган ишмердүүлүктөрдүн бардыгы педагогикалык практиканын жетекчилигинин көрсөтмөсү менен ишке ашып келе жатат. Жогорку окуу жайларынын методисттеринин жана мектептин жетекчилеринин таасирлеринин негизинде студент-практиканттар практикага бөлүнгөн мезгилдин ичинде көп компетенцияларды үйрөнүүгө жетишет.

Билим берүү концепциясы жаңыланып жаткан учурда педагогикалык практиканы жаңы технологиялар, жаңы окутуу методдор менен алып барышыбыз керек. Болочок дене тарбия мугалимдин кесиптик, ошону менен бирге кесиптик компетенттүүлүгүн өстүрүп калыптандырууда эң чоң ролду тогуз коргоол оюну боюнча методикалык жана психологиялык-

педагогикалык биримдиктер ойнойт. Ал эми негизги көңүлдү студенттердин болочок мугалим катары өз алдынча калыптануусуна бурушубуз керек. Бүгүнкү студент - эртеңки мугалим билим алууда, өзүнүн билимин өзү өркүндөтүп, педагогикалык чеберчилик деген түшүнүккө да көңүлүн бурушу керек. Бул багытта иш алып баруу- болочок дене тарбия мугалимдин педагогикалык милдеттерин бири десек жаңылышпайбыз.

Билим берүү убактысы төмөнкүлөрдү ийгиликтүү өздөштүрүү үчүн бөлүштүрүлдү: теоретикалык билимдерди, мелдештеги тогуз коргоолдун практикалык ыкмаларын, дене тарбиялык маанилүү кондициялардын өнүгүшү, билим берүү убактысын бөлүштүрүүдө илимий-усулдук адабияттардын, спорттук тогуз коргоолдун боюнча эл-аралык таанымдагы адистердин ушул көйгөй боюнча ой-пикирлери, сунуштары эске алынды.

Билим берүү материалдарынын мазмуну жана окутуунун ар кандай мезгилдеринде колдонулган сабактардын формасы бири-биринен айырмаланган жана ушул мезгилде коюлган конкреттүү маселелер чечилген.

Билим берүү программасынын (2018-окуу жылдын сентябрь-ноябрь) биринчи этабы спортту тогуз коргоолдун боюнча базалык даярдыгына багытталган, маанилүү теоретикалык-усулдук жана практикалык негиздери бар квалификациялуу спорттук мелдештерге катышууга мүмкүнчүлүк берет.

Педагогикалык практика учурунда методист ар бир студенттин сабагына анализ жүргүзүүдө, тагыраак айтканда, анализ берүүдө негизги ойлорун өзүнүн коммуникативдик чеберчилиги менен айтышы керек. Студенттер тарабынан өтүлгөн сабактарга баа берүүдө бардык багыттарды эске алуу менен анализ жүргүзүлүшү керек. Уюштуруучулук, жыйынтыктоочу жагдайлар да эске алынат. Кесиптик анын ичиндеги кесиптик компетенттүүлүктүн бардык жактарын тегиз камтууга умтулган студент өз кесибинин жүгүн аркалай алат. Бул иштин гипотезалык негизги бөлүгү болуп студенттерди болочок мугалим катары өз кесибине кызыктыруусун туура чечүү саналат. Эмнелердин жардамы менен кызыктыруу процессин жүргүзсө болот? Мисалы: эл аралык маанидеги инсандардын жана эл

мугалимдердин педагогикалык этикасынын эрежелерин таанып - билүүгө багыттоо, колдоо, анын натыйжалуу жактарын практикада колдонууга үгүттөө ж.б.у.с.

Түрдүү психологиялык жагдайларды билүү, өзү-өзүнүн кесиптик жана кесиптик компетенттүүлүгүнүн калыптандыруу максатында көрүнүктүү мугалимдердин эмгегине көңүл буруп, тажрыйбасын үйрөнүү жана ага чыгармачыл мамиле жасап, өз сабактарында колдонуу- азыркы мезгилдин талабы. Ал билимдер сабак мезгилинде болгон педагогикалык кырдаалдарды чечүүдө өз таасирин тийгизет. Сабактар боюнча түзүлгөн план айрым учурларда кошумча оңдоолорду, белгилүү бир шарттарды ыңгайлаштырууну талаптайт. Мына ушул шарттарга алдын ала прогноз жасоо, аудиториядагы болгон, түзүлгөн шарттарды да эске алуу зарылчылыгы келип чыгат. Бул шарттар план-конспектерде көрсөтүлбөйт, чагылдырылбайт, ошондуктан болочок дене тарбия мугалим жогоруда айтылган шарттарды алдын ала билип, эске албаса, алар кээде сабактын максатына жеткирбей коет. Кээде методикалык жактан туура тандалып алынган көнүгүүлөр, айрыкча, көнүктүрүүгө ылайыкташтырылган көнүгүүлөр диалог түзүүдө иштей турган катышуучулардын же окуучулардын туура эмес тандалгандыгынын натыйжасында өз максаттарына жетбей калган учурларды да кездештиребиз.

Бул жерде айта кетишибиз керек, болочок дене тарбия мугалим сабагынын тогуз коргоолдун технологиясын жакшы билсе, ал сабактын максатын туура көздөйт. Болочок дене тарбия мугалим студенттердин билимдерин баалоодо кабыл алынган критерийлерден да сыртка чыкпашы керек. Практика учурунда болочок дене тарбия мугалимге коюлуучу негизги педагогикалык талаптар: сабактын жүрүшүнө анализ жүргүзө билүү, бүтүндөй окуу процессинин жүрүшүнө баа бере алуу, компетенттүү мамилени колдонуп туура окутуу каражаттарды тандоо. Практикада студент сабакка жөн гана талдоо жүргүзбөстөн, сабактын ар бир

фрагменттине маани берип, көңүл буруп, план боюнча ар бир педагогикалык шартты туура тандоо компетенцияларына ээ болушу керек.

Дене тарбия багытында окуган студенттердин болочок дене тарбия мугалим катары кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууда биздин оюбуз боюнча биринчи кезекте төмөнкү багыттарды эске алышыбыз керек:

- өз алдынча өз кесибине кызыгуусун өстүрүү;
- ар бир предметтерге позитивдүү мамилени калыптандыруу;
- кесиптик маанидеги иш-аракеттерди көп үйрөнүп билүү;
- өзүнүн ишмердүүлүгүнө жыйынтык чыгара билүү.

Жогорудагы айтылган багыттар педагогикалык практиканын мезгилинде эске алынып, ишке ашып, туура жүргүзүлүп, калыптанылышы керек. Айрыкча, төртүнчү курстагы окуган студенттер педагогикалык практиканын учурунда тарбиялык сабактын кесиптик маанисине өзгөчө кызыктыруу керек.

Кесиптик маанидеги тарбиялык иштерди алып барууда жана талдоо берүүдө бир нече маанилүү жактар эске алынышы керек.

Бүгүнкү күндүн эң негизги критерийлеринин бири: ал сабактагы, тарбия иштеги психолого-педагогикалык жагдайдын жагымдуу болушу: сабак же тарбия ишин өткөндө мугалим менен окуучунун ортосундагы психологиялык маанайдын туура түзүлүшү. Айрыкча, окуучулардын билим деңгээлин баалоодо мугалимдин калыстыгы, ошондой эле класстагы педагогикалык аба-ырайынын ачык болушу да сабактын максатынын толук жетишине эң жакшы өбөлгө болот. Тандалып алынган дидактикалык материалдардын тарбиялык мааниси да камтылышы керек. Педагогикалык практика учурунда ар бир студент өзүнүн ар бир өткөн сабактарынан жыйынтык чыгарып, кызыктуу сабактарды өтүүгө умтулуп, студенттерди өзүнө тартып турушу керек.

Студенттер болочок дене тарбия мугалим катары сабакта, тарбия иште студенттер арасында адамзаттын кадыр-баркы жөнүндө темаларды өтүп, адамзаттын этика-эстетикалык жүрүш-турушу жөнүндө сөз кылып, студенттер менен болгон өзүнүн кызматташтык мамилесин бышыкташы

керек. Кээ бир студенттер мугалимге болгон сый-урматын, симпатиясын көрсөтүп, мугалим өткөн сабакка кызыгып, айрым учурларда мугалим кызыктыраалган предмет алардын болочок кесибин тандоого түрткү берген да учурлар бар экенин айта кетишибиз керек.

Болочок дене тарбия мугалим бардык жактан төгөрөгү төп келишкен адам болбосо да, билими терең, өз кесибин сүйгөн, кесибин жакшы билген, терең кесиптик билимдерин студенттердин кесиптик компетенттүү мамиленин негизинде жеткире алган компетенттүү адис болууга умтулушу керек.

Жыйынтыктап айтканда, дене тарбия багытында окуган студенттердин болочок дене тарбия мугалим катары кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууда педагогикалык практиканын орду зор десек жаңылышпайбыз, анткени алардын тилдик-предметтик, методикалык жана психологиялык-педагогикалык компетенциялары калыптанат жана окутуу процессин сапаттуу уюштурууга жана башкарууга үйрөтүүгө шарттар бар.

**ЭКИНЧИ ГЛАВА БОЮНЧА КОРУТУНДУ**

XXI кылымда Кыргыз Республикасында Болондук окутуу система киргизилип, болочок дене тарбия мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүнө жаңы көз караштар пайда болуп, билим берүү аймагында мамлекеттик стандарттар компетенттүү мамиленин негизинде иштелип чыгып, педагогика багытында студенттерге ар бир окула турган курстун мазмунуна болочок кесибине жараша көңүл буруу менен окутуу талап кылынууда. Иликтөөдө айкын болгондой, дене тарбия багытында окуган студенттердин болочок дене тарбия мугалим катары кесиптик компетенттүүлүгүнүн калыптанышынын педагогикалык шарттары изилденди.

Жыйынтыктап айтканда, бардык эксперименталдык түрдө сунушталган окуу курстар, окуу куралдар, интерактивдүү доска, компьютер аркылуу окутууга багытталган тесттик тапшырмалар, салттуу эмес окутуу

технологиялары, үзгүлтүксүз педагогикалык практика заманбап педагогикалык шарттар катары каралып, дене тарбия багытында окуган студенттердин болочок дене тарбия мугалим катары кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууну шарттайт, анткени ар бири өзүнө оң, позитивдүү тенденцияларды камтыйт:

1.Окутуу мотивациясын бекемдөө: жаңылануулар, жаңы технологиялар, компетенттүү мамиле ж.у.с. билим берүү аймагында өзгөрүүлөр дене тарбия багытында окуган студенттерди жаңы билимдерге мотивдештирип, жеке инсандык жана болочок дене тарбия мугалим катары чыгармачыл потенциалын өстүрүүгө шарттайт.

2. Педагогикалык шарттардын негизинде берилген маалыматтар жөнөкөйдөн татаалга, билгенден билбегенге, жеңилден оорго карай ырааттуу түзүлгөндүгү ар бир студенттин интелектисинин өсүшүнө өбөлгө болуп, студенттердин болочок мугалим катары кесиптик компетенттүүлүгүнүн потенциалы өсүп өнүгөт.

3. Дене тарбия багытында окуган студенттердин кесиптик көрсөткүчтөрү бекемделет жана кесиптик компетенттүүлүгүнүн деңгээли жогорулайт жана компетенттүү мамиленин негизинде билим берүүнүн мазмунун өздөштүрүүдө ой жүгүртүүсү кеңейет.

4. Студенттердин болочок мугалим катары жеке жана кесиптик жоопкерчиликтери көпдеңгээлдүү жогорку билим берүү системасын интернационалдаштыруу проблемаларына жана өнүктүрүү тенденцияларына карата бекемделет.

5. Дене тарбия багытында окуган ар бир студент өзүнүн кесиптик калыптануусунда бир катар этаптарды басып өтөт, адаптация стадиялары, болочок ишке даярдыгы ж.б.у.с., ошону менен бирге анын болочок педагогикалык ишмердүүлүккө көнүүсү көптөгөн кырдаалдарда өтөт, ошондуктан күтүлбөгөн кесиптик маанидеги кырдаалдар жактарына туура кирүүсү шартталат.

Жалпылап айтканда, дене тарбия багытындагы окуган студенттерди болочок дене тарбия мугалим катары кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун натыйжалуулугу – бул сапатты аныктаган критерийлер, окутуу-тарбиялоо процессинин мазмуну жана педагогикалык шарттарынын дал келүүсү демекчибиз. Ар бир биз тараптан аныкталган педагогикалык шарттар тууралуу жыйынтыктоо ирэтинде эмне айтмакчыбыз:

– ар бир педагогика багытта билим алган студенттин, болочок дене тарбия мугалим катары окуу мотивациясынын өсүп- өнүгүшүнө таасир берип, алардын нак мотивациясы ишке ашат;

– ар бир педагогика багытта билим алган студенттин, болочок дене тарбия мугалим катары жеке индивидуалдуулугу сакталып жана өзүн-өзү таанып- билүү процессте реалдаштырууга шарттар түзүлөт;

– окутуу процесстин жүрүшү жана жыйынтыгы ар бир педагогика багытта билим алган студенттерге жеткиликтүү, ошону менен бирге демократиялык принциптин жана ачык талаптардын принцибинин негизинде ишке ашат;

– ар бир педагогика багытта билим алган студенттин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун сапатынын калыптанышына өбөлгө түзүлөт жана таанып- билүү мүмкүнчүлүгүнүн өсүшүнө шарттар негизделет.

Иликтөөдө айкын болгондой, жаңы жана салттык эмес окутуу формалар жана технологиялар, келечектеги кесиптик ишмердүүлүктүн социалдык мазмуну эске алынып түзүлүшү, контексттик типтеги окутуунун негизги мүнөздөмөсү болуп келечектеги кесиптин предметтик жана социалдык мазмунун моделдештирүү болуп саналат.

# III - БАП. Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнө тарбиялоодогу педагогикалык экспериментте текшерүү

## 3.1 Педагогикалык экспериментти уюштуруу методикасы

Дене тарбия багытында окуган студенттердин болочок дене тарбия мугалим катары кесиптик компетенттүүлүгүн англис тилди окутуу процессинде калыптандырууда биз сунуштаган инновациялык жолдор эксперименталдык изилдөөлөрдү уюштуруунун зарылдыгын пайда кылды. Дене тарбия багытында окуган студенттердин болочок дене тарбия мугалим катары кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу проблемалары жана өзгөчөлүктөрү тууралуу биринчи главада кеңири сөз кылынган. Студенттердин болочок дене тарбия мугалим катары кесиптик компетенттүүлүгү тогуз коргоол курсун окутуунун негизинде толук калыптанбаганы, анын негизинде тогуз коргоол үйрөнүүдө алардын оң мотивациялары калыптанбагандыгы турмуштук практика көрсөтүп олтурат. Мындан тышкары, дагы баса белгилей кетүүчү нерсе, ЖОЖдун окутуучусу, адатта, орточо деңгээлдеги билими бар студентке багыт жасайт. Окуу материалын окуп үйрөнүүнүн мындай орточо темпи жакшы окуган студенттерди зериктирип жиберет. Ал эми начар окуган студент бул орточо темпти дагы ийгиликтүү колдоно албайт, бир сөз менен айтканда, мындай студент окуу материалын сабак учурунда өздөштүрүп жетише албайт.

“Болочок мугалимдин ЖОЖдо педагогикалык кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу процессинде жалпы маданий, психологиялык-педагогикалык, предметтик даярдыгы эң биринчи орунда коюлушун жана ар бир предметтин өзгөчөлүктөрүнө көңүл буруп, окутуу процессин уюштурууну, ошондой эле замандын талабына жооп берген жаңы окутуу технологиялары боюнча билгич компетенцияларынын топтомун калыптандыруу проблемасын чечүү.

2016-жылы педагогикалык багыттагы тогуз коргоол адистигинде окуган студенттердин арасында биз сурамжылоо анкетасын жүргүзгөнбүз. (жалпы саны 88 студент катышты, алар педагогика багытындагы окуган студенттер). Анкетага катышкан респонденттердин көпчүлүгү (48,1%) жаңы интерактивдүү окутуу технологиялары менен толук таанышпагандыгын,

Болондук система, кредит технология аркылуу окутуу жана баалоо саясатын жакшы толук түшүнбөгөндүгүн, өз улутунун улуттук маданий мурастарын билүүгө умтулбаган көрсөткүчтөргө ээ болуу менен билим деңгээлдери начар экендигин белгилешти. ЖОЖду бүтүп, мугалим болуп иштегенине 3-4 жыл болуп калган мектептеги жаш адисттердин да айрым өкүлдөрү аталган компетенцияларга ээ болуп, өз алдынча өзүнүн кесиптик компетенттүүлүгүн өстүрүүгө даяр экенин белгилешти.

Биз тараптан жүргүзүлгөн анкеталарды, эсселерди талдоо жана байкоо жүргүзүүнүн негизинде дене тарбия багытында тогуз коргоол боюнча окуган студенттердин болочок мугалим катары кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу проблемалары заманбап талаптар менен айкалыштырылып чечилиши керектелди. Андан тышкары, алардын жалпы кесиптик компетенттүүлүктү өстүрүүгө жана калыптандырууга шарттар түзүлөрүн белгиледик.

Сурамжылоодон өткөн респонденттердин 34% эмнеге кызыгарын белгилеп кетишти: педагогикалык инноватикага, педсистемаларды компетенттүү башкарууга даяр болууга, педагогикалык чыгармачылык жана чеберчилик менен окутуу процессин уюштурууга ж.б.у.с. компетенттүү мамиленин негиздерин түзгөн суроолорго кызыгышарын. Алардын айтымы боюнча, аталган компетенциялар өздөрүндө толук калыптана элек, бирок баары заманбап жалпы кесиптик компетенттүүлүктөрдү калыптандырууга, өстүрүүгө даяр экенин белгилешти.

Анкета аркылуу сурамжылоого катышкан жаш мугалимдердин 39% өзүнүн педагогикалык ишмердүүлүгүндө репродуктивдүү технологияларды колдонушат экен, өз элинин, кошо жашаган элдердин тилинин маанисин жана улуттук маданий өзгөчөлүктөрүн толук билишпейт экен жана педагогикалык баарлашууда колдонушпайт, активдүү жана интерактивдүү технологияларды колдонууга толук даяр эместигин белгилешти.

Бул фактылар педагогикалык кадрларды даярдоодо компетенттүү мамиленин негиздери толук иштелбегендиги жөнүндө баяндайт. Бүгүнкү

күндө ЖОЖдо “компетенттүүлүк+ишмердүүлүк+компетенттүүлүк” – деген формула иштелиши керек [127,88-б.].

Бирок биздин илимий иш аракетерибиздин толук стратегиясын аныктоо үчүн, атайын илимий-изилдөө программасынын иш планы түзүлгөн:

2011-2012-жж. Дене тарбия багытындагы окуган студенттердин тогуз коргоол дисциплинасынокутууда болочок мугалим катары кесиптик компетентттүүлүгүнүн калыптанышын аныктоо үчүн диагностика жүргүзүү.

Студенттердин кесиптик компетентттүүлүгүн калыптандыруу максатындачет тогуз коргоол дисциплинасынын окуу-тематикалык планынын моделин иштеп чыгуу. Дене тарбия багытында окуган студенттерге тогуз коргоол дисциплинасын окутуу процессинде кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу максатында заманбап билим берүүнүн өнүгүү тенденцияларын үйрөнүү, болочок дене тарбия мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүнүн түзүлүшүн аныктоо, салтуу эмес интерактивдүү окутуу технологияларын киргизүү. Окутуу процессинде семинардык сабактарды, консультацияларды, мастер-класстарды ж.б. өткөрүү менен бирге студенттердин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууда мүмкүн болгон жолдорун аныктоо жана аларга карата иш чаралардын программасын иштеп чыгуу.

2012-2013 жж. Иштин натыйжалары боюнча педагогика багытында окуган студенттер, мектеп мугалимдери жана окутуучулар менен талкууларды жүргүзүү, тегерек столдорду, анкета, маек ж.б.у.с. иш чараларды өткөрүү.

Эксперименттик иштин натыйжалуулугун аныктоо критерийлерин иштеп чыгуу. Иштелип чыккан критерийлердин негизинде диагностикалык иштерди жүргүзүү жана тийиштүү оңдоолорду киргизүү. Изилдөө иштеринин жыйынтыктары боюнча маалыматты даярдоо. Эксперименттин жыйынтыктарын эксперименталдык группаларга киргизүү боюнча методикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

2013-2015-жж. Дене тарбия багытындагы окуган студенттердин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу максатында моделде иштелип чыккан компоненттердин (когнитивдүү компонентти, баалоочулук компонентти, ишмердүүлүк компонентти, маданияттуулук компонентти) критерийлерин сынактан өткөрүү. Студенттердин болочок дене тарбия мугалим катары кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу максатында(тогуз коргоол дисциплинасынын мисалында) сунуштарды иштеп чыгуу, диссертациялык ишти даярдап бүтүрүү.

Бул иш чаралардын аткарылышында окутуу процессинин эффективдүүлүгү артабы, башкача айтканда, белгиленген проблемалар канчалык деңгээлде чечиле алат, эгерде чечиле ала турган болсо, аны кантип илимий түрдө аныктоого болот, мына ушул суроолор педагогикалык экспериментти уюштурууну шарттайт.

Тогуз коргоолчулар дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнө тарбиялоо маанилүү максаттардан болуп төмөнкүлөрдөн турат:

Кыргыз улуттук оюну тогуз коргоолдун тарыхы боюнча, республикадагы ардактуу, белгилүү инсандардын өмүр турмуштары жөнүндө, окуу–машыгуу, мелдештерге катышуу убакыттарында, ардактуу, белгилүү инсандары менен сыймыктанууну, тогуз коргоолчулар аң– сезимин түзүү; Кыргызстанды коргоого даярдыгын түзүү; улуттук сыймыктануу сезимдерин түзүү, окуу–машыгуу спорттук топко, мугалим–машыктыруучуга жана башкаларга урматтоо менен мамиле түзүүгө, билим берүүдө, спорттук, коомдук–пайдалуу ишмердиктерде жоопкерчиликти тарбиялоо ж.б.

Оюн учурунда тактадагы жагдай (позиция) № 3.1 – диаграмма түрүндө берилди.

Кара жагы

Коргоолдор Уйлөрдүн катар саны

| 9 | 8 | 7 | 6 | 5 | 4 | 3 | 2 | 1 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 9 | 9 | 9 | 9 | 9 | 9 | 9 | 9 | 9 |

| Кара жагынын казаны | | | | | Ак жагынын казаны | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 9 | 9 | 9 | 9 | 9 | 9 | 9 | 9 | 9 |

1 2 3 4 5 6 7 8 9

Уйлөрдүн катар саны Коргоолдор

Ак жагы

3.1 – диаграмма

Тогуз коргоол тактасында ар бир үйдүн номери бар, ошол номерлер тогуз коргоол оюнун жазып алууга мүмкүнчүлүк берет. Илгерки такталарда андай номерлер жок болгондуктан биздин ата–бабаларыбыз кандай ойногондугун,кандай ыкмаларды, амалдарды колдонгонун билбейбиз.Ал эми азыркы учурдагы оюнчулардын калтырган жазууларын талдап,бул оюнчу мындай ыкмаларды колдонду, тигил оюнчу мындай амалдарды колдонуп утуп кеткен десек болот.

Демек, оюнга киришип жатып мурунку партиялардын жазууларын түшүнүшүбүз үчүн оюндун жазууларын үйрөнүшүбүз керек. Ар бир жаны ойнолгон партияларда тогуз коргоолдун жаны сырын ачат.

Тогуз коргоолдо үч түрдүү жазуу бар. Бул толук жазуу,кыскартылган жазуу жана кыска (ылдам) жазуу. Партияларды жазууда төмөнкүдөй шарттуу белгилер колдонулат.(3.1- таблица)

3.1 -таблица

| Белги | Тушундүрмө | Белги | Түшүндүрмө | Белги | Түшүндүрмө |
|---|---|---|---|---|---|
| - | Жөнөкөй жүрүш | ! | Күчүү жүрүш | ?? | Өтө начар жүрүш |
| : | Натыйжалуу жүрүш | !! | Өтө күчүү жүрүш | !? | Изилденбеген жүрүш |
| x | Туз белгиси | ? | Начар жүрүш | = | Тен чыгууну сунуш кылуу |

3.2-таблица. "Тогуз коргоол оюнунун теориясы жана методикасы" дисциплинасынын мерчемдөө торчосу”.

| к\к № | Темалардын аталышы | Окуу жүктөмүнүн жылдарга карата бөлүнүшү | | | | Баардык саattар |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 1 | 2 | 3 | 4 | |
| 1. | Теория жана методика боюнча лекциялар | 10 | 10 | 10 | 16 | 46 |
| 2. | Семинардык сабактар | 10 | 10 | 10 | 16 | 46 |
| 3. | Практикалык-усулдук сабактар (ПУС) | 40 | 40 | 36 | 38 | 154 |
| 4. | Педагогикалык окуу практикасы | 32 | 36 | 38 | 26 | 132 |
| 5 | Студенттердин илимий иштери | 8 | 8 | 10 | 14 | 40 |
| 6 | Студенттердин өз алдынча иштөөсү (СӨИ). | 52 | 34 | 106 | 110 | 302 |
| | Жыйымы: | 152 | 138 | 210 | 220 | 720 |

Окутуу программасы 720 сааттык окуу жүктөмү чегинде мерчемделип, 1-курста окугандар үчүн 152, 2- курста – 138, 3- курста – 210 жана 4- курста – 220 саат окутуу жана машыктыруу формаларын камтыды. Белгиленген окуу жүктөмүнүн алкагында 46 саат көлөмүнө лекциялар, 46 саат көлөмүндө семинардык сабактар, 154 саат көлөмүндө практикалык-усулдук машыгуулар, 134 саат көлөмүндө педагогикалык окуу практикалары, 40 саат көлөмүндө студенттик илимий иштерди жана 302 саат көлөмүндө студенттердин өз алдынча иштөөсү уюштурулду. Кессиптик-профессионалдык программанын өзөгүн түзгөн “Тогуз коргоол оюнунун теориясы жана методикасы" дисциплинасы боюнча өтүлүүчү сабактардын мерчемдөө торчосу 3.2 – таблицада берилди.

Программанын тарбиялык иш–аракеттердин мазмундарын жана аларды аткарууда бир катар педагогикалык талаптарга таянганбыз: тарбиялык иш – чаралардын тематикасы жана багыттары өзүнө КРдагы ФжСнун саясий, экономикалык жана идеологиялык негиздсрин өзүнө камтышы керек, ошондой эле тогуз коргоолчулар тарбиялоонун максатына жана милдеттерине, улуттун менталитетине, дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнө тарбияланган деңгээлине дал келиши керек; өткөрүүлүчү тарбиялык иш–аракеттердин мазмуну коюлган максатка умтулуу, максаттуу багытты көздөгөн жана билим алуу, спорттук жана коомдук ишмердүүлүктөрү, ошондой эле калоолорго байланыштуу болуу керек; аңгемелешүүлөрдү, кеңешүүлөрдү, талдоолорду өткөрүү үчүн тандап алынган материалдар, жаш тогуз коргоолчуларн

кругозорунун кеңейтүүгө мүмкүндүк түзүү, оригиналдуу, кызыктууларды берүү, патриоттуулук сезимдерин байытуулар каралган (жоопкерчиликти, абийирди, кадыр–баркты, сыймыктануу ж.б.); өткөрүлүүчү тарбиялык иш–чаралар көлөмү жана тыгыздыгы боюнча жаш тогуз коргоолчуларн жаш курактык–психологиялык өзгөчөлүктөрүнө туура келиши керек; тарбиялык иш–чараларды уюштурууда жана аларды өткөрүүдө жаш балбандар өздөрүнүн активдүүлүктөрүн көрсөтүү зарыл.

Тогуз коргоолчулар, алардын жеке өзгөчөлүктөрүн көңүлгө алуу менен, ушундай ж.б. иш чаралар оптималдуу тартипте өткөрүлдү – 60 минут окутуу–машыгуудан сырткары убакыттарда жана 120 минут окутуу– машыгуу убакыттарында.

Жаш тогуз коргоолчулар менен дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнө тарбиялоо иш–аракеттери педагог жана психологдор тарабынан сунушталынган бир канча методдору колдонуу менен иш жүзүнө ашырылды. Бул иш–аракеттерде башкаларга караганда, көбүрөөк төмөнкү методдор колдонулунду:

Тогуз коргоолдун көнүгүүлөрү аркылуу тогуз коргоолчулар ар кандай ишмердүүлүктөрүнүн түрлөрүн уюштуруу жолу менен колдонулунду (коомдук, эмгектенүү, билим берүү – тарбиялоочу, физкультура – спорттук ишмердүүлүктөрдө). Бул методу колдонууда дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнө тарбиялоо процессине кошулуу жана алардын үзгүлтүксүз спорттук – машыгуу ишмердиктерине жардам берүү болот.

Биздин изилдөөбүздүн максатына жана коюлган милдеттерге ылайык, педагогикалык эксперименттин милдеттери төмөнкүдөй:

 билим берүүнүн өнүгүү тенденцияларынын үйрөнүүнүн негизинде студенттердин болочок дене тарбия мугалим катары кесиптик компетенттүүлүгүнүн түзүлүшүнө талдоо жүргүзүү жана изилдөөнүн максаттарын жана милдеттерин аныктоо;

 студенттердин болочок дене тарбия мугалим катары кесиптик компетенттүүлүгүн тогуз коргоол сабактарында эффективдүү калыптандыруу максатында теория жана практикадагы проблемаларды чектөө жана эмпирикалык материалдарды үйрөнүү жана чогултуу;

 изилдөөнүн предметине жараша компетенттүү жана методикалык мамилени проектирлеп, студенттердин болочок дене тарбия мугалим катары

кесиптик компетенттүүлүгүн эффективдүү калыптандыруунун теоретикалык моделин түзүү;

 студенттердин болочок дене тарбия мугалим катары кесиптик компетенттүүлүгүн эффективдүү калыптандыруунун педагогикалык шарттарын аныктоо жана илимий методикалык технологияларды иштеп чыгуу;

 сунушталган педагогикалык шарттардын эффективдүүлүгүн текшерүү максатында калыптандыруу экспериментин жүргүзүү жана корутундуларды, методикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

Эксперименталдык программанын негизги максаты жогоруда белгиленген иш чараларды аткаруу. Эксперименталдык программадагы камтылган окуу материалдары педагогика багытында окуган студенттердин кабыл алуусуна ылайыкташкан, модулдук принципте структуралашкан болууга тийиш. Тиешелүү учурда студенттерге кесиптик педагогикалык түшүнүктөрдүн генезиси берилиши зарыл. Студенттерге түшүнүктү берүүдө реалдуу турмуштан мисалдар менен коштолуусу зарыл. Студенттердин билиминин системалуу түрдө болушуна көбүрөөк көңүл буруу зарыл, андыктан ар бир студенттин билимин текшерүүдө түшүнүктөрдүн иерархиялуу байланышы аныкталууга тийиш. Тогуз коргоол түшүнүктөрүнүн калыптандырылуусу атайын иштелип чыккан көнүгүүлөр менен коштолуп туруусу зарыл.

Биздин бул проблема боюнча көп жылдык иликтөөбүзгө жана окумуштуулардын иликтөөлөрүнө ылайык, студенттердин болочок дене тарбия мугалим катары кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууда жаңы окутуу технологияларды пайдалануу жогорудагы аталган кемчиликтерди жоюуга багытталат жана билим берүүдөгү буга чейинки калыптанып калган традициялык көз караштын кескин өзгөртөт.

Эксперименталдык программаны колдонууда биз тогуз коргоол дисциплинасын окутууда көп жылдык тажрыйбалардын жыйындысын ишке ашырдык.

Эксперименталдык программанын жыйынтыгы тогуз коргоол дисциплинасынын окуу материалынын негизинде студенттердин болочок мугалим катары кесиптик компетенттүүлүгү ийгиликтүү калыптангандыгы жана практикалык маселелерди чечүүдө алардын машыгуусу тез арада бышыктала аларын көрсөттү. Педагогикалык багытта иштелип чыккан окуу куралды, силлабусты, компьютер аркылуу тест программаларды, контролдук иштердин жыйнагын жана башка салттуу эмес окутуу технологияларды колдонуу- окутуунун бир кыйла эффективдүүлүгүн камсыздайт, ага ылайык окутуу процессинин кызыктуулугу жана көрсөтмөлүүлүгү артат.

Биз сунуштаган окутуу технологиялардын башкы өзгөчөлүгүнөн деп аларды колдонууда дидактикалык максаттардын ар түрдүүлүгүн эсептөөгө болот. Мында электрондук окуу куралдар, интерактивдүү такта, компьютер таза демонстрациялык, көрсөтмөлүү окуу куралынын ролун аткарып, студенттерге окуп үйрөнүүгө, кайталоого, бышыктоого, окулуп жаткан же окулуп бүткөн кесиптик компетенттүүлүккө байланыштуу педагогикалык билгичтерди жалпылоого мүмкүндүк түзөт. Айрым иш аракеттердин мазмуну педагогикалык мааниде болуп, тогуз коргоол өздөштүрүүнү талап кылат, ошону менен бирге ар бир студент, практикалык иш аракеттеринин текшерүү иштеринин тууралыгын өз алдынча текшере алат. Бир жагынан биз сунуштаган педагогикалык шарттар студенттин аң-сезимине тез таасир этип, практикада тогуз коргоол дисциплинасынын негизинде өздөштүрө турган кесиптик кесиптик компетенцияларын компьютердик технологиялар менен байланыштырат. Аталган окутуу технологияларды ар бир курстун студенттерине колдонууга сунуштаса өз натыйжасын берет жана өз алдынча да өздөштүрүүсүнө жардам тиери шексиз.

Ошол себептүү, биздин оюбузча, педагогикалык адистигиндеги студенттер үчүн айрым окутуу ыкмаларын электрондук окуу куралдар, интерактивдүү такта жана компьютердик технологиянын жардамы менен колдонуу жогоруда аталган көйгөйлөрдү кандайдыр бир деңгээлде чечүүгө мүмкүндүк түзөт.

Тажрыйба көрсөткөндөй, тогуз коргоол окуу материалынын негизинде болочок кесиптин кесиптик компетенттүүлүгүнүн маңызын окуп үйрөнүү ар бир студенттин мүмкүнчүлүгүнө жараша жүргүзүлөт жана бөлүүгө болбой турган кылып байланыштырылган болушу керек. Ушундан улам, биз тогуз коргоол дисциплинасынын мисалында ар бир студенттин кесиптик компетенцияларынын топтомунун негизинде кесиптик жактан өздөштүрүүсүн эффективдүү окуу процессинде уюштуруу үчүн төмөнкүлөрдү эске алуу зарыл деп эсептейбиз:

-  коюлган максатка ылайык, салтуу эмес окутуу технологиялардын жардамы менен жаңы билимдерди алуу, кайталоо, бышыктоо, өзүн-өзү текшерүү ишмердүүлүктөрү уюштурулушу зарыл;
-  тогуз коргоол дисциплинасынын мазмуну дене тарбия багыттагы кесиптердин мазмуну менен дал келиши керек;
-  тогуз коргоол сабактарда үйрөнүүчү сабак эмес, тогуз коргоолду окутуу боюнча сабак гана болбостон, болочок кесиптин компетенттүүлүгүн калыптандыруучу программа да колдонушу керек;
-  сабактын башталышынан тартып, жыйынтыкка жетмейинче ар бир студенттин болочок мугалим катары кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу максатында өз алдынча иштөөсүнүн, практикалык көнүгүүлөрдүн мазмуну педагогикалык багытында болушуна көнүл бурулушу керек.

Ар бир студенттин болочок дене тарбия мугалим катары кесиптик компетенттүүлүгүн тогуз коргоолчу сабагынын окуу материалдарынын негизинде калыптандыруу максатында атайын окутуучу программа иштелген жана биз экинчи главада сунушталган этаптар аркылуу колдондук.

Окутуучу программанын мазмунун түзүү этабында биз окула турган дисциплинанын мазмунуна талдоо жүргүздүк. Маселен, кээ бир кесиптик жана методикалык маселелер студенттер үчүн оорчулукту алып келет.

Студенттердин болочок мугалим катары кесиптик компетенттүүлүгүн англис тил сабагынын окуу материалдарынынталкуулоонун негизинде

«Атактуу педагогдор», «Окутуунун дидактикалык элементтери», «Заманбап мейкиндиктеги окутуу технологиялар», «Кыргызстандын тарыхый –маданий берметтери» аттуу бөлүмдөрдү камтыган окутуучу программаны иштеп чыгуу чечими кабыл алынды.

Эксперименталдык окутуучу программага жараша биз тараптан студенттер арасында анкеталар, маектер, билим класстерлерди түзүү ж.б.у.с. керектүү иш чаралар жүргүзүлдү. Студенттердин арасынын сурамжылоо анкеталар, маектер, контролдук иштер, диагностикалык семинардар ж.б. иш аракеттер жүргүзүлдү.

Мурунку главаларда белгиленгендей, биздин эксперименталдык окутуучу программабыздын негизги максаты - дене тарбия багытындагы окуган студенттердин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун негизинде болочок дене тарбия мугалим катары кесиптик жактан өсүп өнүктүрүү. Биз колдоно турган эксперименталдык окутуучу программаны педагогикалык багытта окуган студенттерге тогуз коргоол дисциплинасын окутууда колдонуу ыңгайлуу жана талапка жооп бере тургандыгына көңүл буруп, талдоо жүргүздүк. Сунушталган эксперименталдык окутуучу программада студенттер үчүн жаңы салттуу эмес окутуу технологияларын колдонуу маселеси кеңири коюлган, окуу материалдарды студенттерге түшүнүктүү болгудай кылып майда кадам принцибин колдонуп бөлүктөргө бөлгөнбүз, салттуу эмес окутууну максаттап, электрондук окуу куралдар, интерактивдүү такта, компьютердик технологиялардын жардамы менен иштөөгө да окуу материалдарын даярдаганбыз. Компьютердеги ар бир кадр педагогикалык багыттагы тогуз коргоол текстти окуу менен гана чектелбестен, окуу материалын бышыктоо үчүн тест- суроолордун туура жообу да атайын даярдалып, номерленген (1,2,3,4,5,6,7,…).

Студент биринчи кадрдагы тогуз коргоол (К-1) көңүл коюп окуп чыгып, андагы калтырылган бош орунга өзүнүн жообун жазат, андан кийин ушул суроонун туура жообун салыштырат. Эгерде студенттин жообу кадрдагы жооп менен дал келсе, анда экинчи кадрдагы маалыматка өтүп, окуу

материалын өздөштүрүүнү студент улантат. Эгерде студенттин берген жообу кадрдагы туура жооп менен дал келбесе, анда кайрадан биринчи кадрдагы маалыматтарды окуп үйрөнүп өз алдынча иш аракеттерди жумшайт.

Ал эми эксперименталдык окутуучу программанын дагы бир салттуу эмес окутуу процессин чагылдырып кетели: Мисалы, студент биринчи кадрдагы маалыматты(мисалы: Текст:”И. Бекбоев атактуу педагог” (текст тогуз коргоолчуинде жазылган) кунт коюп окуп чыгып, аягында берилген суроонун жоопторунун ичинен туура деп эсептеген бир жоопту тандайт. Эгерде тандалган жооп туура болсо, анда ошол кадрда алдыга кетүүчү жаңы маалыматты окуп, кийинки кадрга жылат. Эгерде жооп туура эмес тандалган болсо, анда ошол эле түшүндүргөн маалыматты окуп, кайрадан, таныпбилүү компетенцияларын бышыктайт. Андан тышкары туура жооптор баракчасы да даярдалган, ал аркылуу ар бир студент туура жоопту текшере алат. Эгерде студент туура жообун билсе, ал туура жообун тандап алгандан кийин шыр эле эч токтолбостон кийинки кадрдагы окуу материалын окуп үйрөнүүгө жолдонот. Ал эми туура жообун таба албаса, оңдоп түзөөчү туура жолго салуучу түшүндүрмөсү, көрсөтмөсү бар кадрга жөнөтүлөт.

Эксперименталдык окутуучу программаны түзүүдө изизилдеп, аныктап, сунуштаган педагогикалык шарттарга логикалык талдоо жүргүзүлдү. Мында биз силлабус, тест, традициялык эмес сабактардын типтерин жана мазмунун, электрондук окуу куралдар, интерактивдүү такта жана компьютер аркылуу окутуу программанын логикалык байланыштарын, иерархиялуулугун аныктадык. Мындан тышкары, дене тарбия багытында түзүлгөн тесттик тапшырмалар компьютер аркылуу окутуучу программага киргизилди.

Эксперименталдык окутуучу программа аркылуу студенттердин болочок дене тарбия мугалим катары кесиптик компетентүүлүгүнүн өркүндөшүнө гана натыйжа бербестен, алардын таанып-билүү компетенцияларынын калыптанышына шарттар түзүлдү.

Эксперименталдык окутуучу программаны колдонуу менен окуу материалын өздөштүрүү өзүнүн бир катар өзгөчөлүктөрү менен айырмаланып турат:

1. Бул өз алдынча окуп үйрөнүү процесси, мында студент окутуунун жүрүшү боюнча чоң жоопкерчиликти өз мойнуна алып, өзүнө ылайык темп менен алдыга жылып олтурат. Ал студенттен окуу учурунда активдүүлүктү талап кылат, ага жараша көпчүлүк учурда тез-тез ийгиликтерди жарыялайтжана ошону менен бирге ага күчтүү түрткү берет.

2. Эксперименталдык окутуучу программанын жардамы менен окутуу дене тарбия багытында окуган студенттердин логикалык жана ыкчам ой-жүгүртүүсүн өстүрүүгө, ишкердик мотивациясынын калыптанышына, интеллектуалдык потенциалынын жогорулашына оң таасирин тийгизери да аныкталды.

3. Эксперименталдык окутуу программанын жардамы менен окутуу ар бир студенттин өзүн-өзү баалоосун жогорулатат, татаал маселелерди чыгарууда өзүнүн жөндөмүнө болгон ишеничин пайда кылат жана тактык, ишенимдүүлүк, тыкандык сапаттарынын калыптанышына алып келет.

4. Кээ бир студенттер үчүн эксперименталдык окутуучу программа аркылуу окуу жөнөкөй жана кадимки эле көрүнүш болсо, башкалары үчүн кыйынчылыкты туудурат. Ал кыйынчылыктарды жеңүү менен студенттердин болочок дене тарбия мугалим катары жаңы технологияларга көңүл буруусу чыңдалат жана керектүү компетенцияларынын топтому жогорку деңгээлде калыптанат.

### 3.2. Педагогикалык эксперименттин жыйынтыктарын талдоо

Биздин педагогикалык эксперимент дене тарбия багытында билим алган студенттерге, болочок дене тарбия мугалимдерге арналган, эксперименталдык программаны окутуу процессинде колдонуунун эффективдүүлүгүн аныктоого багытталды.

Педагогикалык экспериментти уюштурууда төмөнкүдөй милдеттер коюлду:

1. Дене тарбия багытында окуган студенттердин, болочок дене тарбия мугалим катары тогуз коргоол дисциплинасынын окуу материалынын мисалында традициялык түрдө окутуунун абалын анализдөө.

2. Бул студенттердин болочок мугалим катары кесиптик компетенттүүлүгүн тогуз коргоол дисциплинасын окуу материалынын мисалында калыптандыруу максатында эксперименталдык программаларды түзүү жана аларды максаттуу группаларда текшерип көрүү.

3. Иштелип чыккан экпериментaлдык программанын эффективдүүлүгүн тажрыйба жүзүндө текшерүү.

Жаш тогуз коргоолчулар билим алууга, спорттук машыгууларга болгон оң мамилелерин түзүүдө, мугалим – машыктыруучулар тарабынан ишмердүүлүктүн ушул түрүнө, күндөлүк дептерчесине үзгүлтүксүз көзөмөл жүргүзгөнбүз. Окууга машыгып үйрөнүүгө кош көңүл бурган учурда алар менен атайын аңгемелешүүлөр өткөрүлдү, Ошондой эле мугалим–машыктыруучулардын көзөмөлдөрүндө алардын жүрүм–турумдун нормалары жана эрежелерин коомдук жерлерде сактоону, ошолордун негизинде ылайыктуу жыйынтык чыгарганбыз. Зарылчылыктар пайда болгондо ишенимдүү жана сынга алуу методдоруна кайрылганбыз, Жаш тогуз коргоолчу мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнө тарбиялоодо эксперименталдык программанын натыйжалуулугун аныктоо максатында 2019–2021 – окуу жылдары ПЭ уюштурулган. ПЭ башталгыч спорттукка даярдоо тобундагы 66 тогуз коргоолчулар катышышты .

ЭТ 11 машыгуучулар түздү, ошондой эле КТ–да 12 кишиден болду, ПЭ Бишкек шаарынын Т. Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясында контролдук жана эксперименталдык топтордогу жаш тогуз коргоолчуларн дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнө тарбиялангандарынын баалары 3.1 - таблицада чагылдырылган.

КТ ишенимдүү–маанилүү өз ара байланыштардын олуттуу сандагы өсүштөрү аныкталынган: 15 (баштапкы деңгээли) 17–ге чейин (акыркы деңгээли). Ошондой эле кээ бир көрсөткүчтөрүндө анчалык эмес (олуттуу эмес) деңгээлдеги өз ара байланыштар байкалган.

Ошентип, ПЭ өткөрүнүн натыйжасында, тогуз коргоолчулар дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнө максаттуу тарбиялоодо, алардын өз ара мамилелеринде бир кыйла оң

өзгөрүүлөр болду. ЭТ тогуз коргоолчулардын адистик компетенттүүлүгүнүн көрсөтүүсүн изилдөөдө, окутуу–машыгуу тобунда позитивдүү добуш алгандардын саны жана алардын биримдүүлүктөрүнүн өсүшүнө  жаш тогуз коргоолчулардын дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнө тарбияланган деңгээлдери бир кыйла таасирин тийгизди (3.3 - таблица).

3.3 -таблица. “Дене тарбия теориясы жана методикасы” дисциплинасы боюнча 2  курста алынган жыйынтыктоочу экзамендин көрсөткүчтөрү

| к\к № | Окуу группасы/баалар | 5 | 4 | 3 | 2 |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Эксперименталдык топ | 12 | 17 | 11 | 0 |
| 2 | Контролдук топ | 13 | 15 | 12 | 0 |

Эксперименталдык топто "эң жакшы" деген баа алгандар 12 (27,5%), "жакшы" - 17 (42,5%), "канааттандыраарлык" - 11 (27,5%) студентти түзсө, контролдук топто бир аз айырмачылыктар орун алды. Билим алуунун сапаттык көрсөткүчү ("эң жакшы" жана "жакшы" деген баалардын көлөмү) эксперименталдык топто 70%, ал эми контролдук топто - 67,5 % барабар болду.

3.4-Таблица. Тогуз коргоол оюнунда колдонулуучу техникалык ыкмалардын кемитип баалоо системасы

| к\к № | Каталардын мүнөзү | Балл |
|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 |
| 1. | Техниканы элестетет жана аны кынтыксыз аткарат. | 10 |
| 2. | Техниканы элестетет, аткарууга далалат кылат, бирок орчундуу катага жол берет. | 8 |
| 3. | Техниканы элестетет, аткарууга далалат кылат, бирок негизги катага жол берет. | 7 |
| 4. | Техниканы элестетет, аткарууга далалат кылат, бирок башкы катага жол берет. | 6 |
| 5. | Техниканы элестетет, аткарууга далалат кылат, бирок типтүү катага жол берет | 5 |
| 6. | Техниканы элестетет, аткарууга далалат кылат, бирок автоматташкан катага жол берет. | 4 |

Аталган дисциплиналар болочок дене тарбия адистеринин мамлекеттик стандартта каралган жалпы жана адистештирилген компетенцияларын баалап, расмий чечим менен бүтүрүүчүгө тийиштүү жогорку билим жана академиялык даража ыйгарышты.

Натыйжада жаңы моделдин негизинде ишке ашырган педагогикалык эксперимент ордо оюнуна адистешип билим алып жатышкан студенттердин адистик профессионалдык ишмердүүлүккө карата даярдыгын жакшыртты. Мындай өзгөрүүлөр экспериментке катышкан студенттердин ордо оюнун билүү, түшүнүү, ойной алуу, практикалык сабак өтүүгө карата методикалык даярдыгын жакшыртты.

Коюлган милдеттерге ылайык, педагогикалык эксперимент 2011-2015-жылдары жүргүзүлүп, үч этапты камтыды.

Эксперименттин биринчи этабы(2020-2021 жж.) абалды аныктоочу эксперимент болуп эсептелди. Изилдөөнүн бул этабында эң алгачкылардан болуп, дене тарбия багытында окуган студенттерге тогуз коргоол дисциплинасын окутуунун абалы иликтенди. Абалды иликтөөдө тогуз коргоол дисциплинасы боюнча жумушчу программалар, окуу куралдары, окуу методикалык пособиялар терең талдоого алынды. Тогуз коргоол дисциплинасын өздөштүрүүнүн деңгээли талданып, бул процессте аңгемелешүү, байкоо жүргүзүү, анкета жана контролдук иш алуу, тестирлөө методдору колдонулду.

Эксперименттин бул этабында тогуз коргоол дисциплинасы боюнча окуу материалдарынын мазмуну педагогикалык багытта берилбегени, бул курсту окутууда дене тарбия багытында билим алган студенттердин өзгөчөлүктөрү, алардын келечектеги адистиги, мугалимдик кесиби эске алынбай жаткандыгы аныкталды. Көпчүлүк учурда тогуз коргоол дисциплинасында студенттердин болочок кесибинин мазмуну жана өзгөчөлүктөрү эсепке алынбай окутулуп, алардын кесиптик компетенттүүлүгү калыптанбай калып жана практикалык мүнөздөгү иштерине көңүл бурулбай калганы байкалды, студентердин өз алдынча

иштери системасыз аткарылып, аткаруу эрежесинин педагогикалык талаптары эске алынбай калгандыгы аныкталды.

Айрым студенттердин тогуз коргоол билимге ээ болуп жаткандыгынын себеби болуп, алардын мектепте тогуз коргоол курсун жакшы өздөштүрбөгөндүгү эсептелет. Бул боюнча айрым авторлору дагы өз эксперименталдык изилдөөлөрүндө белгилеп кетишкен.

Студенттердин, болочокто мугалимдик кесиптин ээлери катары ой-жүгүртүүлөрү, кесиптик компетенциялары жетишерлик калыптанбай, аргументтүү сүйлөө речи начар, логикалары жетишсиз экендиги тастыкталды. Студенттерди тогуз коргоолун окутууда болочок кесиптин теориялык жана практикалык иш аракеттерине көңүл бурулбай калганы, окуу материалынын мазмуну педагогика багытында иштелбегени белгиленди. Педагогикалык ой-жүгүртүү жагын тогуз коргоол предметтердин негизинде өркүндөтүүгө көңүл буруу зарыл экендиги дагы белгиленди.

Студенттердин болочок дене тарбия мугалим катары дидактикалык компетенттүүлүгүн тогуз коргоол дисциплинасын окуу материалынын мисалында калыптандыруу максатында интерактивдүү жана компьютердик технологияны колдонуу жаатындагы педагогикалык-психологиялык, методикалык, дидактикалык адабияттарга теориялык талдоо жүргүзүлдү жана окуу процессин уюштурууда биздин республикабыздын, шериктеш жана чет өлкөлөрдүн жогорку окуу жайларындагы тажрыйбалары иликтөөгө алынды.

Эксперименталдык изилдөөлөрүбүздүн биринчи этабы боюнча төмөнкүдөй жыйынтык алынды:

1. Педагогика багытында окуган студент, болочок мугалим катары дидактикалык компетенттүүлүгүн тогуз коргоол дисциплинасынын окуу материалынын мисалында калыптандыруу проблемаларынын деңгээлдери начар. Анын негизги себептеринен болуп, окулган курстун дедуктивдүүлүгү, айрым учурларда кесиптик түшүнүктөр концептуалдуулук негизде чечмеленген эмес, болочок кесиптин дидактикалык багытталышынын

практикалык маанисиачылбай окутулушу, дене тарбия багытындагы студенттердин өзгөчөлүктөрү эске алынбагандыгы эсептелет.

2. Дене тарбия багытында билим алган студенттердин дидактикалык компетенттүүлүгүнүн тогуз коргоол дисциплинасынын окуу материалынын мисалында калыптандыруунун эффективдүүлүгүн арттыруу үчүн жаңы ыкмаларды иштеп чыгуу зарыл жана заманбап интерактивдүү маалыматтык технологияларды болочок дене тарбия мугалимдерди окутууда максаттуу түрдө колдонуу керек.

Бул жагдай бизге педагогика багытында окуган студенттерге, болочок дене тарбия мугалим катары дидактикалык компетенттүүлүгүн окутулуучу тогуз коргоол дисциплинасынын окуу материалынын мисалында калыптандыруу максатын көздөгөн эксперименталдык программаны иштеп чыгуубузга түрткү берди.

Экинчи этапта– изденүүчү эксперимент 2021-2022 - окуу жылында жүргүзүлдү. Изденүүчү эксперимент тогуз коргоол дисциплинасынын окуу материалында педагогика багытында окуган студенттердин дидактикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруу максатында педагогикалык шарттардын мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо аракетин көздөлгөн.

Ага ылайык, эксперименталдык изилдөөнүн бул этабында чет тил боюнча практикалык курсунун окуу материалы талкууланган жана аталган курс боюнча “Силлабус” түзүлгөн. (Тиркеме №4)

Практикалык курстун мазмунун талкуулоонун негизинде «Атактуу педагогдор жана дидактикалык маселелер»(тест), «Окутуунун дидактикалык принциптери», «Заманбап мейкиндиктеги тогуз коргоолду окутуу технологиялар», “Кыргызстандын тарыхый-маданий берметтери”(тест) аттуу бөлүмдөр боюнча окутуучу эксперименталдуу программаларды иштеп чыгуу чечими кабыл алынды. Андан тышкары кандай педагогикалык шарттарды түзүп окутууга боло тургандыгы дагы иликтөөгө алынды. Жыйынтыгында, жаңы окутуу технологияларды колдонуп көрүү максаты коюлду. Аталган эксперименталдык программаны колдонуу менен изденүүчү

эксперимент Б. Т. Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын дене тарбия жана спорттун теориясы жана методикасы кафедрасында жүргүзүлдү.

Мисалы: Б.Т. Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын педагогика, психология, дене тарбия жана спорттун тарыхы кафедрасынын, улуттук спорт оюндары кафедрасы педагогикалык экспериментке курстун студенттери катышты. Студенттердин окуу материалын өздөштүрүү коэффиценти менен чыгарылды. 3.5-таблицада

| Г рупп-палар | Студент тердин саны | Баалар | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | «2» | % | «3» | % | «4» | % | «5» | % |
| Контр. | 79 | 11 | 13,92 | 40 | 50,63 | 21 | 26,58 | 7 | 8,86 |
| Эксп. | 73 | 13 | 17,80 | 37 | 50,68 | 18 | 24,65 | 5 | 6,84 |

Таблицада көрүнүп тургандай, эксперименталдык окутуучу

программанын жардамы менен педагогика багытындагы студенттердин, болочок мугалим катары дидактикалык компетенттүүлүгүн тогуз коргоол дисциплинасынын мисалында калыптандыруу максаты эксперименталдык окутуунун иликтөөсүндө жакшы жыйынтыкты берди. Студенттер окууматериалына кызыгуу менен көңүл буруп, сунушталган тапшырмаларды, студентердин өздүк иштерин, тесттерди ж.б.у.с. иштерди чыгармачылык мененаткаруунун аракетинде болушту.

1. Изденүүчү эксперименттин жыйынтыгы менен студенттердинжана мугалимдердин ойлорун талдоо. Эксперимент аяктагандан кийин студенттерге анкета таратылып, алардын окутуучу программа тууралуу ойлору талдоого алынды. Экспериментке катышкан студентердин87,5% ти эксперименталдык окутуу программасын алгылыктуу экендигин белгилешти. Анын себеби катары окуу материалын түшүндүрүүнүн жөнөкөйлөтүлгөндүгүн, өздөштүрүүгө ыңгайлуулугун,

берилген суроолор аркылуу окуу материалынын бышыкталышын жана тесттер аркылуу окуу материалын өздөштүрүүнүн деңгээлин аныктоо мүмкүнчүлүгүн аташты. Педагогика багытында окуган студенттер кесиптик компетенттүүлүк, болочок кесип менен байланышкан материалды интерактивдүү доска, компьютер аркылуу, окуу материалдардын өз алдынча тапщырмалары аркылуу таап өздөштүргөндүгүн белгилешти. Студенттер менен аңгемелешүү учурунда, алар, жаңы технологиялар аркылуу окутуунун зарыл экендигин дагы баса көрсөтүштү.

Ар бир техникалык ыкманы окутуп-үйрөтүүдө дидактикалык теорияга ылайыктуу тааныштыруу, үйрөтүү жана өнүктүрүү этаптарынын милдеттери, талаптары, ишке ашыруу шарттары эске алынды жана сакталды. Ал эми контродук топто окуган студенттер жогоруда аталган окуу жүктөмүнүн чегинде тогуз коргоолчу спортуна мүнөздүү теориялык жана методикалык билимдерге, билгичтиктерге жана көндүмдөргө ээ болушту жана ошол эле учурда “Тогуз коргоол” дисциплинасын жалпы курс иретинде 80 сааттык көлөмдө окуп үйрөнүштү.

Эксперименталдык изилдөөнүн үчүнчү этабында (2022 – 2023-жж.) үч окуу жылын камтыган калыптандыруучу педагогикалык эксперимент жүргүзүлдү. Окутуучу экспериментте төмөнкүдөй иш аракеттерге көңүл бурулду:

1. Педагогика багытында окуган студенттердин кесиптик компетенттүүлүгүн тогуз коргоол курсунун мисалында калыптандыруу максатында түзүлгөн эксперименталдык окутуу программасын кеңири апробациялоо.

2. Студенттердин болочок мугалим катары кесиптик компетенттүүлүгүн тогуз коргоол дисциплинасынын мисалында калыптандыруу максатында эксперименталдык окутуучу программасынын эффективдүүлүгүн аныктоо.

Эксперименталдык группаларда эксперименттик окутуу программаларын колдонуу үчүн, окутуучулар эксперименттик окутууга

ылайыкталып түзүлгөн жумушчу программа, интерактивдүү окутуунун тиешелүү материалдары, окутуучу программалар(силлабус) жана аларды ишке чегерүүнүн кыскача көрсөтмөлөр, тесттер, өтүлгөн темага ылайыкталып түзүлгөн өз алдынча иштөөгө сунушталган тапшырмалар, аларды аткаруунун методикалык көрсөтмөлөрү менен камсыз болушту. Эксперименттин алгачкы уюштурулган жылдарында, алынган жыйынтыктарга жараша окуу материалына, программалык каражаттарга оңдоолор, толуктоолор киргизилип турду.

Иштелип чыккан эксперименталдык окутуучу программа заманбап мамлекеттик билим берүү аймагындагы концепцияларынын негизинде, өзгөчө үчүнчү муундагы компетенттүү мамиленин негизинде түзүлгөн стандарттын талаптарын эске алуу менен даярдалды. Мындан тышкары, ЖОЖдун заманбап окутуу принциптерине таянуу менен ишке ашырылды. Ага ылайык:

-  студенттерге берилүүчү окуу материалы билгичтик жана болочок кесиптин өзгөчөлүгүн эске алуу менен тандалып алынды;
-  окуу материалдар рационалдуу мамиле принциби менен бөлүштүрүлдү;
-  студенттин билимин үзгүлтүксүз текшерип туруунун атайын механизми иштелип чыкты;
-  студенттин ар бир аракетинин тууралыгын ырастап туруу иш аракет программа аркылуу ишке ашырылды;
-  окуу материалын түшүндүрүү, тесттик тапшырмаларды сунуштоо аркылуу түз жана тескери байланыш түзүлдү;
-  студенттин окуу жөндөмүнө жараша тиешелүү тапшырмалар, келечектеги адистигин эсепке алуу менен окуу материалы сунушталышы пландаштырылды;
-  окуу материалын талкуулоонун негизинде анын логикалык схемасын түзүү мүмкүнчүлүгү түзүлдү;
-  окуу материалын өздөштүрүүнүн оптималдуу темпи түзүлдү.

Бул окуу материалы менен окутулган экспериментальдык группаларда төмөндөгүдөй маселелерди чечүү керектиги белгиленди:

1. Окутуучу программанын негизинде студенттердин окуу ишмердүүлүгүн активдештирүү.

2. Студенттердин билгичтикеринин, көндүмдөрүнүн жана жөндөмдөрүнүн деңгээлин оперативдүү аныктоонун негизинде алардын окуу ишмердүүлүгүн жакшыртуунун пландарын түзүү.

3. Иштелип чыккан окутуучу программаны колдонуу аркылуу студенттердин калыптанган компетенттүүлүгүн объективдүү баалоо.

Эксперимент жүргүзүлгөн факультеттердин студенттеринин саны жана билим сапаты боюнча негизинен бирдей группалар тандалып алынып, алар экспериментальдык жана контролдук группаларга бөлүндү. Экспериментке Жалпысынан 50 студент катышты.

Тогуз коргоол оюнунун техникасын аткара билүү деңгээли атайын иштелип чыккан баалоо системасынын жардамы менен аныкталды. Ар бир техниканы кынтыксыз аткаруу эң жогорку 10 балл менен бааланып, бирок аткаруу учурунда кемчилик кетирилсе анын мүнөзүнө жараша тийиштүү суммадагы балл 3.4- таблицадагыдай азайтылып турду.

Ушундай эле жол менен студенттердин методикалык даярдыгы педагогикалык практиканын оң жыйынтыктары менен мүнөздөлдү, аны 3.2- диаграммада берилди.




1-этап 2-этап 3-этап 3.2– диаграмма

Болочок тогуз коргоолчу адистеринин методикалык даярдык деңгээли ( педагогикалык практикалардын жыйынтыгы) 3-диаграммада берилди

3.1 -сүрөт.– Студенттердин экспериментальдык жана контролдук группалардын кесиптик компетенциялардын деңгээлинин гистаграммасы.




□ **Контролдук группалар**

□ **Эксперименталдык группалар**

Окутуучу экспериментте, жогоруда айтылгандай, эксперименталдык группаларда эксперименталдык окутуучу программаны колдонуу менен окутуу процесси уюштурулду. Эксперименттик иликтөөнү өткөрүүдө биздин алдыда турган максаттарды белгилей кетишибиз зарыл:

-  студенттердин кесиптик компетенттүүлүгүн тогуз коргоол курсунун мисалында калыптандыруу максатында керектүү кесиптик билгичтиктерди өздөштүрүүгө шарт түзүү;
-  студенттердин кесиптик компетенттүүлүгүн тогуз коргоол курсунун мисалында калыптандыруу максатында аутенттик текстер аркылуу атактуу педагогдор, биздин регион жөнүндө, маданият, тарых, кошо жашаган элдер жөнүндө маалымат берүү;
-  студенттердин кесиптик компетенттүүлүгүн тогуз коргоол курсунун мисалында калыптандыруу максатында кошо жашаган элдердин биримдигин чындоого багытталган иш аракеттерди билүүгө студентердин өз алдынча иштөөсүнө шарт түзүү;
-  студенттердин кесиптик компетенттүүлүгүн тогуз коргоол курсунун мисалында калыптандыруу максатында социомаданий баалуулуктарды өздөштүрүүгө шарт түзүү. Эксперименттин башталышында өткөрүлгөн “Бүтпөгөн сүйлөмдөр тестинин” жана жабык типтеги “Дене

тарбилык жана спорттук ишмердүүлүктүн мотивдерин өз алдынча баалоо” анкеталык сурамжылоонун көрсөткүчтөрүн салыштырып талдоо сыналгандардын контролдук жана эксперименталдык тобунун ортосунда кескин айырма жоктугун күбөлөйт (3.12–таблица).

**Таблица 3.6 – Сыналгандардын дене тарбиялык багытын тибин эске алуу менен (жетектөөчү мотив критерийинде) бөлүштүрүү, % Контролдук топ**

| Окуу курсу | Багыттуулук тиби | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | Терс мамиле | Калыптанбаган карама-каршы | Дене тарбиялык ден соолукту чыңдоо | Жарым спорттук | Спорттук |
| 1-курс | 5,55 | 22,20 | 44,45 | 27,80 | 0 |
| 2-курс | 5,55 | 16,65 | 50,0 | 27,80 | 0 |

**Эксперименталдык топ**

| Окуу курсу | Багыттуулук тиби | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | Терс мамиле | Калыптанбаган карама-каршы | Дене тарбиялык ден соолукту чыңдоо | Жарым спорттук | Спорттук |
| 1-курс | 8,33 | 25,0 | 41,67 | 25,0 | 0 |
| 2-курс | 0 | 12,50 | 12,50 | 75,0 | 0 |

Эки топто тең дене тарбиялык ден соолукту чыңдоо багытындагы адамдар (басымдуу (41,67 ден 44, 45 ке чейин), бул адабияттардагы ошондой эле биз мурда өткөргөн эксперименталдык изилдөөлөрдүн жыйынтыктары менен дал келет. Сыналгандардын ичинен спорттук багыттагылардын жоктугу көңүлдү бурдурат.

Сыналгандардын эки тобун дене тарбиялык багытынын жалпы баасы (5 баллдык шкала боюнча) эксперименттин башталышында кескин айырмаланбайт, ЭТ студентеринде 2,88 ±0,57 баллды, КТ студенттеринде 2,79 ±0,48 баллды түзөт (p>0,05).

Эксперимент мезгилинде контолдук топтун студенттеринин керектөө–мотивациялык мамилесинде кескин өзгөрүү болгон жок: эки студентте гана (5,55%) калыптанбаган, карма–каршылыктуу багыттан дене тарбиялык ден соолукту чыңдоочу багытка өтүү байкалат.

ДТИтүн мотивинин бир топ күчөшү ЭТ студенттеринде байкалды: жарым–жартылай спорттук багыттагы адамдын саны 6 дан 18 ге өстү (12,5% дан 75% га чейин). Бул топто сыналгандар дене тарбиялык спорттук багыттын өнүгүшүнүн деңгээлин жалпы баалоонун жогорку көрсөткүчтөрү менен айырмаланат: 3,63±0,62 балл ЭТ, 2,8±0,55 балл контролдук топтун студенттеринде ($p<0,01$).

ЭТ студенттери сабакка катышуу боюнча жогорку көрсөткүчтөрү менен айырмаланат (0,6±7,22%). Контролдук топто 87,8±10,14 % ($p<0,01$). Аларды дене тарбиясы сабагына канааттануунун жогорку деңгээли да мүнөздөйт: 4,57 ± 0,66 балл, контролдук топтун студенттеринде 2,80 ± 0, 75 балл ($p<0,01$).

Педагогикалык эксперимент мезгилинде студенттердин рефлексия көрсөткүчтөрү олуттуу жогорулады. Башка топтун студенттеринде бул көрсөткүчтөрдүн өсүшү тенденция деңгээлинде гана көрүндү.

Эксперименттин башында эки топтун студенттеринде рефлексиянын төмөнкү деңгээли басымдуу: 66,7% контролдук топто жана 58,3 % ЭТ студенттери интеллекттик рефлексиялык репродуктивдүү деңгээлинен, 75% эксперименталдык жана контролдук топтун студенттери инсандык рефлексиянын репродуктивдүү деңгээлинде.

Буга ылайык жалпы эле рефлексивдүү компоненттин өнүгүү деңгээли төмөн.

Интеллекттик жана инсандык рефлексиянын өнүгүү деңгээли педагогикалык эксперимент мезгилинде ЭТ ар бир үчүнчү студенттеринде жогорулады, башкаларда кескин өзгөргөн жок.

ЭТ мүчөлөрүнө таандык рефлексияга жөндөмдүн өнүгүүсүнүн жогорку темпи педагогикалык эксперименттин аягында 37,5% мурунку репродуктивдүү деңгээлде калышына, чоң бөлүгү (50,0%) оптималдаштыруу

деңгээлге жетишине, 12,5 % чыгармачыл деңгээлге жетишине алып келди. КТ студенттеринен 4 адам гана (11,1%) репродуктивдүү деңгээлден кийинки деңгээлге–оптималдаштыруу деңгээлине жетти. Студенттердин көпчүлүк бөлүгү (66,7%) эксперментик башындагыдай эле төмөнкү репродуктивдүү деңгээлде калды.

**Физикалык компонент.** Изилдөөнүн жыйынтыктары эксперименттин башында эки топтун сыналуучуларынын физикалык сапаттардын бирдей деңгээлине ээ болгон.

Эксперимент мезгилинде КТ студенттеринин физикалык сапаттарынын деңгээли өзгөргөн жок, ошол эле мезгилде ЭТ студенттери спорттук бөлүмдө “тогуз коргоол оюндар” адистигинде машыгышып, тогуз коргоолдун жекеме-жеке беттешүү, швейцариялык, схевинингем жана аралаш тартиптердин көрсөткүчтөрүн жакшыртты.

Бул сапаттардын өнүгүшүнүн темпи спорттук оюндарда мелдеш ишмердүүлүгү менен түшүндүрүлөт, ал ылдамдык жана ылдамдык–күчтүк мүмкүнчүлүктөрүнө жогорулатылган талап коюшат.

**Маалыматтык компонент.** Эксперименттин башталышына карата студенттер дене тарбиясы боюнча жалпы билим берүүчү мектептердин “дене тарбиясы” предметинин деңгээлиндеги билимге ээ болушкан. Ошондуктан эксперменттин башталышында билимдерди өлчөө жана баалоо 50 тесттик тапшырмалардын жыйынтыгы менен жүргүзүлдү, ал негизги мектептин "дене тарбия" предмети боюнча билимдин минимумуна коюлуучу талаптарга жооп берет.

Эксперимент бүткөндө сыналгандардын билимин өлчөө жана баалоо өздөштүрүүнүн үч деңгээлине жооп берген тесттик тапшырмаларды аткаруу жыйынтыктары боюнча жүргүзүлдү.

Стьюденттин t – критерийинин жардамы менен алынган маалыматарды салыштырмалуу баалоо дене тарбиясы предмети боюнча окуу материалын өздөштүрүүгө карата эксперименталдык жана контролдук топтордун информациялык даярдыгынын салыштырмалуу тең деңгээлин күбөлөйт.

Билимдерди өздөштүрүүнүн педагогикалык эксперименттен кийин сапатын салыштырма талдоодо ЭТ студенттеринин бир топ артыкчылыгы аныкталды: 15,6±2,54 балл, КТ 10,85±2,32 балл же алынган маалыматтарды баалоонун 5 баллдык системасына өткөргөндө 4,26 ± 0,54 балл 3,02 ± 0,32 баллга каршы.

**Таблица 3.7. Педагогикалык эксперименттен кийин студенттердин билим өздөштүрүүшүнүн сапатынын көрсөткүчтөрү**

| Сыналгандар тобу | Билимди өздөштүрүү сапатынын көрсөткүчү | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Билим-таанышуу | Билим–көчүрмө | Билим-билгичтик | Интегралдуу баа |
| Контролдук | 5,12±1,18 | 3,05±1,43 | 2,78±0,91 | 10,85_+2,32 |
| Экспериманталдык | 5,68+_1,23 | 5,14±1,56 | 2,85±0,87 | 15,67_+2,54 |
| p | p>0,05 | >0,05 | <0,01 | <0,01 |

Мында билим-таанытууну өздөштүрүү анык мааниге жетпейт, билим–көчүрмөлөрдү өздөштүрүү айырмалыктын 5% деңгээлинде көрүнөт. Өзгөчө олуттуу айырмачылыктар айырмачылыктар билим–билгичтик деңгээлинде аныкталды, бул ДТИтү башкаруу милдеттерин чечүү үчүн алынган билимдерди колдонуу жөндөмүн туюнтат.

Операциялык компонент ДТИ түн жекече озү программалоо боюнча тесттик тапшырларды студенттер тарабынан аткарылышын жыйынтыгын эксперименттен кийин талдоо ЭТ сыналгандары физикалык өнүгүүнү физикалык даярдыкты жана жумушка жөндөмдүүлуктү өзү контролдоо боюнча иш–чараларды толугураак жана методикалык негиздүүрөөк аткарарын көрсөттү (ЭТ 4,38±0,36 балл, КТ 3,43 ± 0,25 балл), социалдык алгылыктуу нормаларды эске алуу менен аныкталган көрсөткүчтөрдүн өзү балоонун (4,17 ± 0,28 ЭТ, 3,25 ±0,22 КТ), өз ДТИнүн ырааккы, учурдагы жана оперативдүү максаттар системасын аныктоо (4,23 ±0,31 ЭТ, 2,51±0,27 балл КТ), ДСИ түн каражаттарын жана методдорун тандоо ( ЭТ 4,17 ± 0,42 балл, КТ 3,13±0,34 балл), функционалдык ал–абалды баалоонун жана анын

өлчөмдөрүн методикаларын тандоого чен–өлчөмдөрүн аныктоо боюнча (4,17±0,42 балл ЭТ жана 3,25 ±0,26 балл КТ).

Студенттердин методикалык билгичтикеринин орточо баасы 4,20±0,398 ЭТ, 3,11±0,28 КТ түздү.

Критерий катары төрт компоненти белгилеген:

- Когнитивдүү компонент. Бул компонентин негизинде студенттердин кесиптик багытындагы билимдерин кредит технология аркылуу окутуу жана баалоо саясаты жатат. Бул критерий студенттердин кесиптик компетентүүлүгүнүн деңгээлинин өсүшүнө багытталган.
- Баалоочулук компонент. Бул критерий аркылуу студенттердин болочок мугалим катары кесиптик ишмердүүлүгүнө карата мамилеси калыптандырылат.

Негизги шарт студенттердин болочок кесибине туруктуу кызыкчылыгы эсептелинет ошону менен бирге кесиптик компетентүүлүктүн басымдуу көрсөткүчтөрүнүн калыптанышы эсептелинет.

- Ишмердүлүүк компоненти. Бул критерийдин негизинде кесиптик ишмердүүлүккө студенттердин даярдыгы белгиленет.
- Дене маданият компоненти. Бул критерий аркылуу тогуз коргоолду билүү компетенциялары жана дене маданият процессинин өнүгүүсү, принциптери, кесиптик компетентүүлүгүнүн көрсөткүчтөрүнүн деңгээли бааланат.

Аталган компоненттердин негизинде биз студенттердин болочок дене тарбия мугалим катары кесиптик компетенттүүлүгүн аныктоо критерийлерин иштеп чыктык. Аталган компоненттерди критерий катары колдонуу болочок мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүнүн калыптанышына шарт түзөт, ошону менен бирге практикалык ишмердүүлүктү чыгармачыл деңгээлде колдонууну шарттайт.

Тогуз коргоол билүү инсандын жалпы маданиятынын компоненти катары белгиленет, андан тышкары “Дене маданият процесси” катары дене маданиятда кесиптик компетенттүүлүгү калыптанат. Биз сунуштаган

эксперименттик окутуучу программа көп функциялык мүнөзгө ээ жана болочок дене тарбия мугалимдин жалпы кесиптик даярдыгына таасирин берет. Аталган критерийлерди өздөштүрүү үчүн“Кесиптик компетенттүүлүк” аттуу окутуучу программасунушталып, 16 саат бөлүнгөн.

Программа 4 параграфтан турат. Ар бир параграфтын мазмунуна талкуу жүргүзүлүп, кесиптик компетенттүүлүктү калыптандыруу жолдору окутуучу программага киргизилди. Ар бир параграфты өздөштүрүлүш абалын аныктоого карата туура жообун тандап алууга ылайыкталган тесттик суроолор, контролдук иштердин жыйнагы, педагогикалык жагдайларды чечүүлөр, салттуу эмес окутуу технологиялар сунушталат. Мындан тышкары, бөлүмдүн өздөштүрүлүшүн текшерүү үчүн жалпы тесттик тапшырмалардын жыйындысы түзүлүп, компьютерге киргизилген.

Калыптандыруучу экспериментте биз изилдеген кесиптик компетенттүүлүктүнтөрт деңгээлди белгиледик. “Жакшы” деңгээлдин көрсөткүчтөрү:

-  өз алдынча болочок мугалимдик кесиби жана кесиптик компетенттүүлүк тууралуу таанып- билүү кызыкчылыгы жакшы, жалпы жана методологиялык таанып-билүү системасы боюнча билимдери жакшы, гумандуу окутуу программанын билгичтерине ээ болуу деңгээли жакшы; кесиптик компетенттүүлүктү калыптандыруу максатында жеке инсандык баалуулугунун багытын туура аныктай алат.

Болочок кесиптик ишмердүүлүүгүнө карата, өзгөчө кесиптик маанидеги маселелерге карата баалуулук мамилесинин жандырылышы жакшы, болочок кесиптик компетенцияларынын топтомун калыптандыруу максатында кесиптик компетенттүүлүктүн маңызына талдоо жүргүзө алат; өзүнүн болочоктогу педагогикалык иш аракетине жараша диагностикалык компетенцияларга ээ болуу деңгээли жакшы, бүтүмдүү педагогикалык процесстин маңызын, мыйзамдарын жана мыйзам ченемдүүлүктөрүнүн калыптандырууда кесиптик компетенттүүлүктүн өзөгүн түзгөн компетенцияларга жакшы дэңгээлге ээ; окуучулардын жалпы

компетенттүүлүгүн калыптандыруу максатында азыркы активдүү окутуу технологияларын колдоно алат, кесиптик маанидеги практикалык компетецияларын толугу менен демонстрациялайт; калыптанган кесиптик компетенттүүлүгүгүн ар кандай педагогикалык жагдайларда көрсөтө алышы – жакшы. Тогуз коргоол жакшы деңгээлде билет жана кошумча дагы бир-эки тогуз коргоол (билет) билүүгө умтуулат, инсандар жана маданияттар аралык байланыштарды түзө алуу деңгээли –жакшы.

"Орто" деңгээлдин көрсөткүчтөрү:

1. өз алдынча болочок кесиби тууралуу таанып- билүү кызыкчылыгы орто, жалпы жана методологиялык таанып- билүү системасы боюнча билимдери орто, гумандуу окутуу программанын билгичтерине ээ болуу деңгээли орто;
2. кесиптик компетенттүүлүктү калыптандыруу максатында жеке инсандык баалуулугунун багытын орточо аныктай алат.
3. Болочок кесиптик ишмердүүлүгүнө карата,өзгөчө кесиптик маселелерге карата баалуулук мамилесинин жандырылышы –орто, болочок кесиптик компетенцияларынын топтомун калыптандыруу максатында кесиптик компетенттүүлүгүнүн маңызынынкөрсөткүчтөрүнө талдоону орточо жүргүзө алат; өзүнүн болочок педагогикалык иш аракетине байланышкан диагностикалык

компетенцияларга ээ болуу деңгээли– орто, бүтүмдүү педагогикалык процесстин маңызын, мыйзамдарын жана мыйзам ченемдүүлүктөрүнүн калыптандырууда кесиптик компетенттүүлүктүн өзөгүн түзгөн компетенцияларга дэңгээлге ээ– орто; окуучулардын жалпы компетенттүүлүгүн калыптандыруу максатында азыркы активдүү окутуу технологияларын колдоно алгандыгы орто, кесиптик маанидеги практикалык компетецияларын толугу менен демонстрациялай алышы– орто; калыптанган кесиптик компетенттүүлүгүгүн ар кандай педагогикалык жагдайларда көрсөтө алышы– орто тогуз коргоол орто деңгээлде билет жана

кошумча дагы бир-эки тогуз коргоол билүүгө умтуулушу көп байкалбайт, инсандар жана маданияттар аралык байланыштарды түзө алуу деңгээли– орто.

“Төмөн” деңгээлдин көрсөткүчтөрү:

- өз алдынча болочок кесиби тууралуу таанып- билүү кызыкчылыгы-

төмөн, жалпы жана методологиялык таанып-билүү системасы боюнча билимдери төмөн, гумандуу окутуу программанын билгичтерине ээ болуу деңгээли– төмөн; кесиптик компетенттүүлүктү калыптандыруу максатында жеке инсандык баалуулугунун багытын көпчүлүк учурда туура эмес аныктайт. Болочок кесиптик ишмердүүлүгүнө карата,өзгөчө кесиптик маселелерге карата баалуулук мамилесинин жандырылышы– төмөн, болочок кесиптик компетенцияларынын топтомун калыптандыруу максатында кесиптик компетенттүүлүгүн маңызына талдоо жүргүзө алышы– төмөн; өзүнүн болочок педагогикалык иш аракетине жараша диагностикалык компетенцияларга ээ болуу деңгээли– төмөн, бүтүмдүү педагогикалык процесстин маңызын, мыйзамдарын жана мыйзам ченемдүүлүктөрүнүн калыптандырууда кесиптик компетенттүүлүктүн өзөгүн түзгөн компетенцияларга ээ болуу дэңгээли– төмөн; окуучулардын жалпы компетенттүүлүгүн калыптандыруу максатында азыркы активдүү окутуу технологияларын– төмөн дэңгээлге колдоно алат, кесиптик маанидеги практикалык компетецияларынны калыптанышы төмөн; калыптанган кесиптик компетенттүүлүгүгүн ар кандай педагогикалык жагдайларда көрсөтө алышы төмөн. Англис тилин төмөн деңгээлде билет жана кошумча дагы бир-эки тогуз коргоол дерди билүүгө умтуулушубайкалбайт, инсандар жана маданияттар аралык байланыштарды түзө алуу деңгээли төмөн.

Студенттердин окутуучу экспериментке чейинки кесиптик компетенттүүлүгүнүн калыптанышынын деңгээлин диагностикалоо үчүн биз төмөнкү методдорду колдондук: студенттердин окуу ишмердүүлүгүн окуу процессинде, педагогикалык практикада байкоо, көзөмөлгө алуу, сурамжылоо, анкета жүргүзүү. Ал эми эксперттик баалоо методу, тест жана контролдук иштерди өткөрүү, студенттерге өз алдынча иштөө

программаларды түзүү жана аткарылышын көзөмөлгө алуу, диагностикалык семинарларга катыштыруу, маек жүргүзүү жана кредиттик окутуу технологиялардын методдорун колдонуу ж.б. методдор аркылуу студенттердин болочок мугалим катарыкесиптик компетенттүүлүгүнүн калыптануу деңгээлин изилдеп үйрөнүүнү көздөгөнбүз.

Эксперименттик окутуучу программанын ар бир бөлүмүндө бардык материалдар камтылып: педагогикалык багытта жазылган окуу куралы, тесттик тапшырмалар, өз алдынча иштөөгө багытталган иштер, компьютер аркылуу окутуу программа, жаңы заманбап окутуу технологиялардын негизинде түзүлгөн сабактарды өтүү ж.б. педагогикалык шарттар бардык эксперименталдык группаларда бирдей жагдайда колдонулду. Студенттердин билимин баалоодо “баллдарды баага которуунун универсалдуу шкаласы” колдонулду[71]. 3.3- диаграмма.




Аталган жогорку окуу жайларында педагогикалык эксперимент уюштурулду. Экспериментке катышкан окутуучулар аркылуу жана изденүүчүнүн катышуусу менен окутуу процесси уюштурулду. Түзүлгөн окутуучу программа менен иштөө учурунда студенттин активдүү кабыл алуусуна көңүл бурулуп, мугалим студенттин берген суроолоруна тиешелүү түшүндүрмөлөрдү берип турду. Экспериментке катышкан контролдук группаларда окутуу традициялык формада(лекциялар, практикалык сабактар)

уюштурулду. Эксперименттин жыйынтыгын чыгаруу үчүн студенттерге тесттик тапшырмалар сунушталды.

Окуу жайларынан алынган маалыматтарды жалпылоодо төмөндөгүдөй таблица түзүлдү.

Окутуучу эксперименттеги алынган жыйынтыкты талдасак, көпчүлүк студенттердин болочок мугалим катары кесиптик компетенттүүлүгүнүн деңгээли бир кыйла жогорулаганын көрөбүз. Алсак, абалкы текшерүүчү экспериментте эксперименталдык группаларда жакшыбаага ээ болушкан студенттер24,9% ти түзгөн болсо, эксперименттен кийин 53,8% ке чейин өскөндүгүн байкайбыз. Ал эми студенттердин жетишкендиги 80% ти түзүп, билим берүүнүн сапаты56,9% ти түзгөн. Начар окуган студенттерлин пайызы34,2 % тен12,5 % ке чейин төмөндөгөн. Ушундай эле өсүштөрдү контролдук группанын студенттеринен дагы байкоого болот. Бирок, контролдук группанын студенттерине караганда эксперименталдык группанын студенттеринин кесиптик компетенттүүлүгүнүн деңгээли бир кыйла жогору болду.

Группаларда модулдук текшерүүлөрдү, зачетторду, экзамендерди, контродук иштерди жаңы автивдүү жана компьютердик окутуу технологиялардын жардамы менен жүргүзүү бир кыйла эффективдүү экендиги далилдеди. Эксперименттик окутууда студенттердин таанып-билүү активдүүлүгү, предметке, болочок кесибине карата алардын оң мотивдери калыптангандыгы байкалып турду. Анын натыйжасында студенттердин өзалдынча иштерди чыгармачылык менен аткарып жаткандыгы аныкталды.

Студенттер өз алдынча иштерди аткарууда окутуучуга тез-тез кайрылып:

Мугалим+студент=кызматтык мамиле деген диалог пайда болду.

Педагогикалык эксперименттин жүрүшүндө эксперименталдык окутуунун максималдуу мүмкүн болгон натыйжалуулугуна жетүү маселеси ачык бойдон калса да, окуу процессинин жыйынтыгынын студенттердин

иш жүзүндө жетүүгө мүмкүн болгон деңгээлине жакындагандыгын белгилөөгө болот.

Жогоруда айтылгандарды көңүлгө алуу менен тогуз коргоолчулар менен иш-аракеттерди алып барууда ушул эки механизмди колдондук, жаш тогуз коргоолчулар жүрум-турумун контролдоо жана коррекциялоо жүргүзгөнбүз. Мугалим-тренердин сырткы талаптарды кабыл алуусу, эркинин күчтүүлүгү, ыкчам ойлонууну, тапкычтыгы, логикалык ой жүгүртүүсү негизги болуп калат, бирок окутуу-машыгуу тобуна, мугалим-тренерге, мекенге ар дайым, качан, кайсыл жерде керек болуп калган убакытда эмес, качан балбанга керек болгондо (чемпион болуп калышына ж.б.). КТ тогуз коргоолчулардын окутуу-машыгууларга, спорттук мелдештерге жасаган мамилелеринде байкалды, алар спорттукка жетишкендерин бир кыйла жогорулатууга мүмкүндүк берди. Ушуларга окшош багыт алуу спорттогу жогорку жетишкендерде да байкалат, алар жөнүндө көп жолу официалдык периодикалык басмаларда айтылган.

## ҮЧҮНЧҮ ГЛАВА БОЮНЧА КОРУТУНДУ

Педагогика багытындагы студенттерин болочок мугалим катары кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу максатында тогуз коргоол дисциплинасынын окуу материалдарынын мисалында окутуучу программада иштеп чыгуу жана аларды эксперименталдык түрдө окутуунун натыйжасында төмөнкүдөй жыйынтыктарды алууга мүмкүн болду.

1. Тогуз коргоол дисциплинасынын мисалында педагогика багытында окуган студентеринин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу максатында традициялык методдор аркылуу окутуу бир кыйла кыйынчылыктарды алып келери белгилүү болду. Анткени, педагогикалык кесиптиктердин студенттери кесиптик өзгөчөлүктөрү менен айырмаланып, тогуз коргоол дисциплинасынын мисалында кесиптик компетенттүүлүктү өздөштүрүүгө оң мотивациялары калыптанган эмес. Тогуз коргоол дисциплинасынын дедуктивдүү түрдө берилиши аны өздөштүрүүдө

педагогика багытындагы кесиптиктердин студенттери үчүн бир кыйла оорчулуктарды жарата тургандыгы окумуштуулардын иликтөөлөрүнөн маалым болгон. Демек, бул курсту келечектеги кесиби менен ийгиликтүү айкалыштырып өздөштүрүүнүн башкача жолдору да иликтөөчү талап кылат.

2. Дене тарбия багытындагы кесиптиктердин студенттеринин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу максатында тогуз коргоол дисциплинасынын окуу материалдарын болочок дене тарбия мугалимдик кесипке багыттап окутуунун негизги жоболору толук мүмкүн экендиги аныкталды. Тогуз коргоол дисциплинасын заманбап окутуу технологиялар аркылуу, компьютердик технологиянын негизинде педагогикалык анын ичинен кесиптик багытын эсепке алып окутуу аталган проблемаларды кандайдыр бир деңгээлде чечүүгө мүмкүндүк түзөт. Бул проблема боюнча көптөгөн изилдөөлөр жүргүзүлүп, азыркы учурда жогорку окуу жайларынын окутуу процессинде колдонулуп келүүдө.

3. Биздин эксперименталдык иликтөөбүздө тогуз коргоол дисциплинасынын мазмунда студенттердин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууда болочок мугалимдик кесиптин талаптарынын максатына ылайыктоо маселеси коюлду. Биз сунуштуган окутуучу программада «Атактуу педагогдор», «Кесиптик маселелер», «Окутуунун дидактикалык принциптери», «Заманбап мейкиндиктеги тогуз коргоолду окутуу технологиялар», «Кыргызстандын тарыхый-маданий берметтери” аттуу бөлүмдөрү иштелип, андан тышкары педагогика багытындагы кесиптиктердин студенттеринин кесиптик өзгөчөлүктөрү жана мүмкүнчүлүктөрү эске алынып, (Силлабус, тогуз коргоол педагогикалык багытта окутуу үчүн окуу куралы, тесттер, компьютер аркылуу иштөө, өз алдынча аткаруучу иштер, контролдук иштер, салтуу эмес окутуу технологияларды колдонуу) түзүлдү.

4. Дене тарбия багытындагы кесиптиктердин студенттерин тогуз коргоол дисциплинасын окутууда, алардын кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууда болочок мугалимдик кесибинин заманбап талаптарына

жараша түзүлгөн окутуучу программа бир кыйла эффективдүү натыйжа бере тургандыгы эксперименталдык изилдөөнүн негизинде аныкталды.

ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ КОРТУНДУ

Кыргыз улуттук спорттук тогуз коргоол боюнча машыгышкан жаш тогуз коргоолчулар дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнө тарбиялоодогу эксперименталдык программаны натыйжалуулугун аныктоо үчүн өткөрүлгөн изилдөөлөр, илимий изилдөөлөрдөн алынган көрсөткүчтөр толугу менен коюлган милдеттерди реализациялоого жана төмөнкү жыйынтыктарды түзүүгө мүмкүнчүлүк берди:

1. Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнө тарбиялоонун теориясы жана практикасында, кыргыз элдик педагогикасында, дене тарбия жана спорттун педагогикасында конкреттүү контингенттер менен машыгууларда (илимий педагогикалык иш алып барууда), туруктуулашып калган ой–пикирлерди жана алардын,социалдык, психологиялык, деңгээлдерин (жогорку, орточо, төмөн) көңүлгө алуу зарылчылыгы келип чыкты. Мындай абал спортсмендер менен тарбиялык иштерди алып барууда закон ченемдүү болуп эсептелинилет, аларга ылайыктуу болгон мазмундарын, формаларын жана методдорун жаш тогуз коргоолчулар натыйжалуу түзүүгө багытталган.

2. Тогуз коргоолчулар дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнө тарбиялоодо, илимий–методикалык жана практикалык иштердин ар кандай варианттары келип чыгат. Ошондуктан мугалим–тренерлер жана башка адистер мындай зарыл болгон ишке жетишердүү билимдеринин, ошондой эле кыргыз улуттук спорттук тогуз коргоол менен машыгышкан жаш тогуз коргоолчулар дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнө тарбиялоодо конкретүү каражаттарды, формаларды жана методдорду, коомдо түзүлгөн абалдарды жана талаптарды эсепке алууда, учурга ылайыктуу билим, билүүлөр жана көнүгүүлөр жөнүндөгү маалыматтар жана алардын даярдыктары жетишпейт, ушул себептен алар ылайыктуу педагогикалык милдеттерди, өздөрүнүн жеке тажрыйбалык иштеринин негизинде интиутивдүү чечишет.

Тарбиялык иштердин пландарында, аларды аткарууда тогуз коргоолчулар жаштары, жеке өзгөчөлүктөрү байкалбайт. Ошондуктан жаш тогуз коргоолчулар дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол

боюнча адистик компетенттүүлүгүнө тарбиялоодо, спорттукка даярдоодогу этаптарынын биринчисинен, экинчи этабына өтүүдөгү иш пландарында, алардын логикалык түзүлүштөрү эсепке алынбаган. Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнө тарбиялоонун когнитивдүү (таанып–билүүлүк) бөлүкчөсү бааланбаган, б.а. көндүрүүнү түзүү. Негизинен жаш тогуз коргоолчулар дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнө тарбиялоодо чектелген каражаттар, формалар жана методдорду колдонуу менен өткөрүлөт. Тогуз коргоолчуларн мелдештерге бош убакыттарында дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнө тарбиялоо иш–аракеттер өтө аз системасыз өткөрүлөт. Тажрыйбалуу мугалим–тренерлер, тажрыйбалары аздарга салыштырмалуу мындай иш–аракеттерге бир кыйла көбүрөөк убакыттарын бөлүшүшөт.

3. Башка авторлордун өткөрүшүшкөн изилдөөлөрү дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнө тарбиялоонун объективдүү маанилүүлүгүн белгилешишет. Спортсмендердин дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнө тарбияланган деңгээлдерин аныктоо максатында, алар өздөрүнө өздөрү баалоо жана мугалим–тренердин эксперттик баалоо методикасын сунушташышат. Окуу–машыгуулар, мелдештер, окуу–машыгуу топко, билимге, билим алууга (окууга), коомдук жерлердеги жүрүм–турумдарга болгон мамилелери бааланат. Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнө тарбиялоону баалоо критериясы катары: ылайыктуу сапаттардын жана касиеттердин кайталанышы жана алардын тереңдиги; үйрөнүүсү, алган билиминин ар тараптуулугу жана терендүүлүгү кабыл алынат. Ушундай абалдарды жана дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнө тарбиялоонун мазмунун мындан ары конкреттешүүсүн көңүлгө алуу менен, бул диссертациялык иштин чегинде, атайын уюштурулган изилдөөлөр жүргүздүк. Ошолордун негизинде дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнө тарбиялоонун жалпыланган көрсөткүчтөрү (жаш тогуз коргоолчулар өздөрүнө өздөрү баа берүүсү) 82,90 баллды түздү, бул деген орто деңгээлге туура келет. Эксперттердин баалоосу боюнча бул көрсөткүч 76,01 баллды түздү, бул – төмөн деңгээлге туура келет. Балбандарга берилген баалардын айырмачылыгы 14,39 баллды түздү. Ошентип эки типтеги тогуз коргоолчулар аныктадык. Алардын биринчилери, өздөрүнүн  дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнө

тарбиялоонусун адекваттуулугу (окшоштугу) менен мүнөздөлүнүлөт (65%), экинчилери болсо – өздөрүн жогору баалоосу менен мүнөздөлүнөт (35%).

4. Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнө тарбиялоо программасын колдонуу, тарбиялык иш–аракеттердин натыйжалуулугун, булар жөнүндө жалпы тарбиялагандыктарын, спорттук даярдыктарынын деңгээлдерин жакшыртууга мүмкүндүк берди.

Изилдөөлөрдүн негизинде алынган далилдик материалдар дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнө тарбиялоодо колдонуучу каражаттар, формалар жана методдор тогуз коргоолчуларн жаш курактык, жеке психологиялык өзгөчөлүктөрүн, спорттук даярдыктарынын натыйжалуулугун аныктоого шарт түздү. Биздин оюубузча, алынган конкреттүү көрсөткүчтөр, ушул илимий ишке коюлган милдеттердин жалпы багына туура (шайкеш) келет, ошону менен бирге белгилүү илимий жана методикалык мааниге ээ, мугалим–тренерлер, спорттук мектептин жетекчилерине жана башка адистер үчүн бир топ логикалык сунуштарды түзүүгө мүмкүнчүлүк берилди.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Өткөрүлгөн изилдөөлөрдүн ар тараптуулугу, алардын жүрүмүнөн алынган илимий–педагогикалык көрсөткүчтөрдүн маанилүүлүгү, законченемдүүлүгү бир катар илимий–практикалык сунуштарды иштеп чыгууга шарттарды түздү. Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнө тарбиялоодо түзүлгөн ой–пикирлердин жана абалдардын, өтө татаал, тынымсыз өзгөрүлүп турган педагогикалык процессти көңүлгө алуу менен, иштин логикалык мазмунун жана аларды илимий–методикалык жактан камсыздоонун негизинде илимий–практикалык сунуштарды бердик.

1. Жаш тогуз коргоолчулардын компетентүүлүгүн жогорулатуу максатында үзгүлтүксүз дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнө тарбияланышын мүнөздөөчү маалыматтарды, көрсөткүчтөрдү объективдүү баалоо, ошолордун негизинде окутуу–машыгууга, спорттук мелдештерге жана тарбиялоого ылайыктуу каражаттарды, формаларды жана методдорду үзгүлтүксүз окуп билүү, талдоо жана жалпылоо жүргүзүү керек.

Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнө тарбиялангандыгынын реалдуу деңгээлин жана

сунушталынган каражаттардын, формалардын жана методдордун окутуу–машыгуу, спорттук мелдештерге катышууда, окуу–машыгуудан бош убакыттарда терең түшүнүүнүн негизинде үйрөнүү–машыгуу иштеринин милдеттерин эсепке (көңүлгө) алуу зарылчылыгы келип чыгат, алар окутуу–машыгуунун спорттук мелдештердин, окуу–машыгуудан убакыттарына коюлган талаптарына ылайыктуу болушу шарт.

Ушундай иш–аракеттер пландуу көрсөткүчтөргө жетүүгө жана алардын жогорку деңгээлдеги натыйжалуулугу менен айырмаланышы менен, дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнө тарбиялоо, ар бир окутуу–машыгуу топ–жаштар үчүн, спорттук квалификациялык дегээлдерине жараша өзүнчө бөлүк болушу керек. Мындай иш–чаралар бериле турган тапшармаларга, эрежелерге кюлган талаптага, пайдалануучу каражаттар, формалар, методдор алардын билимдеринин көлөмдөрү дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнө тарбияланганынын алгачкы деңгээли жана алардын тарбиялоо иштеринин баардыгынын системасынын жалпы биримдүүлүгү жана өзгөчөлүгүн камсыздоого өбөлгө түзөт.

2. Тарбиялык иштерди жогорулатуудагы пайдалануучу каражаттарды, формаларды жана методдорду аныктоодо, личностун эмоционалдык багытын (оң эмоцияга), билим алууга болгон аракетин б.а. компетенттүүлүктүн таанып–билүүлөрүнө педагогикалык таасир берүүчү эң натыйжалуу каражаттарга, формаларга жана методдорго өзгөчө көңүл буруу керек.

Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнө тарбиялоого милдеттердин ылайыктуусун коюуда, балдардын компетенттүүлүгүнө гармониялык бирдикте келип чыгаарын эстен чыгарбоо керек. Булар алардын жаш курагын, окуу–машыгуу топтогу өз ара түзүлгөн мамилелеринин жана алардын биримдүүлүгү жана дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнө тарбияланган деңгээлдерин көңүлгө алууга милдеттендирет.

3. Педагогикалык таасир берүүнүн көлөмүн жана мүнөзүн аныктоодо, алардын патриоттук сезимдеринин түзүлгөн деңгээлдери эсепке алуу керек. Мындай патриоттук сезимдердин түзүлүшү, жан тогуз коргоолчулар дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнө тарбиялоосуна, кеңейтилген жана тереңдетилген ар түрдүү тарбиялык таасирдин айкалышында өткөрүлүшү керек.

Тогуз коргоолчулардын жогорулатууда колдонулуучу каражаттар, формалар жана методдорду аныктоодо педагогикалык таасир берүүчү методдордун ылайыктуусун көңүлдөн чыгарбоо керек: спорттук мелдеш, оюн ж.б. методдор. Албетте, мындай таасир берүүчү методдор, алардын компетенттүүлүгүнө педагогикалык таасирин берүүнү эсепке алып калбастан, алардын түзүлүшүн (структурасын), маанисин, спорттук машыгуулардын этаптарын ж.б. эсепке алуу керек.

4. Жаш тогуз коргоолчулардын педагогикалык таасир берүү үчүн сунушталынган каражаттардын, формалардын жана методдоордун өзгөчөлүгү, алардын көп түрдүүлүгү жана атайынкы багытталынышы, окуу–машыгуу иштерин уюштуруу менен айкалышы керек: топ менен, жеке методдор менен (аңгемелешүү, консультация, лекция ж.б.). Бул процесстин уюштуруу негиздери толугу менен, окутуу–машыгуулардын ар бирин оптималдуу өткөрүлүшүн камсыздоо болот, тогуз коргоолчулар дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнө тарбиялоонун баардык жактарын толугу менен башкаруу болот.

Тогуз коргоолчулардын окутуу–машыгууларга, мелдештерге, окутуу–машыгуу тобуна, билим алууга (окууга), коомдук жерлердеги жүрүм–турумунун деңгээлдеринин түзүлүшүнүн технологиясына күндөлүк эсеп жана контроль (текшерүү) жүргүзүү максаттуу болот, ал жерде алардын критериялары катары: сапаттардын жана касиеттердин ылайыктуусу, бат баттыгы жана кенендиги; билимдеринин ар тараптуулугу жана тереңдиги болот.

Көрсөтүлгөн илимий–практикалык сунуштардын жалпысы аткарылган изилдөөлөрдүн багыттарын чагылдырат жана жаш тогуз коргоолчулар дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүнө тарбиялоонун натыйжалуулугун жогорулатууга эң маанилүү жолдорун камтыйт.

